ТАГАЕВ МАЙРАМБЕК КУДАЙБЕРДИЕВИЧ

ИСЛАМ ТАРЫХЫ





БИШКЕК - 2021 / 1442 Х

УДК
ББК
А

Ош мамлекеттик университети
Арашан гуманитардык институту
Дин таануу факультети

Рецензенттер:
Жусупов М.Г. – теология илимдеринин философия доктору (PhD), окутуучу.
Актанов Н.Т. – теология илимдеринин философия доктору (PhD), окутуучу.

Тагаев Майрамбек Кудайбердиевич
Ислам тарыхы: Бишкек: 2021. – ___б.

Бул эмгекте ислам тарыхы, маданияты, ислам цивилизациясынын өнүгүүсү, түрк элдеринин исламдашуусу тууралуу маалымат берилет. Колуңуздагы эмгек окутуучуларга, илимий кызматкерлерге, студенттерге жана жалпы окурмандарга сунушталат.

© Тагаев Майрамбек Кудайбердиевич, Бишкек 2021

Аламүдүн району, Арашан айылы, Чыңгыш Баатыр көчөсү 36
www.arashan.edu.kg
arashan.edu.kg@gmail.com
arashan_edu_kg
arashan.theology.faculty

ТАГАЕВ МАЙРАМБЕК КУДАЙБЕРДИЕВИЧ

ИСЛАМ ТАРЫХЫ

Бишкек - 2021

МАЗМУНУ

АЛГЫ СӨЗ **8**
КИРИШҮҮ **8**

БИРИНЧИ БӨЛҮМ
ТӨРТ ХАЛИФА ДООРУ / 11

АЗИРЕТИ АБУ БАКИР ДООРУ (632-634-ЖЖ.) 13
1. Усаманын сапарга аттануусу 13
2. Алгачкы көтөрүлүш 13
3. Ыйык Курандын китеп абалына келтирилүүсү 14
4. Азирети Абу Бакир доорундагы жортуулдар 15
5. Ирак аймагындагы жортуулдар 15
6. Сирия аймагындагы жортуулдар 15
7. Азирети Абу Бакирдин дүйнөдөн кайтуусу 16
8. Азирети Абу Бакирдин кулк-мүнөзү 17

АЗИРЕТИ УМАР ДООРУ (634-644-ЖЖ.) 18
9. Ирак, Иран жана Хорасан аймагындагы жортуулдар 19
10. Кадисия согушу 19
11. Нихаванд согушу (642-жж.) 19
12. Хоросандын каратылып алынуусу 20
13. Византияга карата жоруулдар 20
14. Иерусалимдин каратылып алынуусу 20
15. Египеттин каратылып алынуусу 20
16. Мамлекеттик башкаруу системасынын калыптануусу 21
17. Азирети Умардын шейит болуусу 22
18. Азирети Умардын кулк-мүнөзү 22

АЗИРЕТИ ОСМОН ДООРУ (644-656-ЖЖ.) 24
19. Азирети Осмондун халифа болуп дайындалуусу 24
20. Азирети Осмон доорундагы жортуулдар 24
21. Кавказ аймагындагы жортуулдар 24
22. Түндүк Африкадагы жортуулдар 25
23. Мусулмандардын алгачкы деңиз жортуулдары 25
24. Ыйык Курандын көбөйтүлүүсү 26
25. Мусулмандар арасындагы алгачкы ички козголоң 26
26. Азирети Осмондун шейит болуусу 27
27. Азирети Осмондун кулк-мүнөзү 27

АЗИРЕТИ АЛИ ДООРУ (656-661-ЖЖ.) 29
28. Жамал согушу 29

29. Муавиянын көтөрүлүшү ... 31
30. Сыффин согушу жана калыстар окуясы ... 32
31. Харижийлердин пайда болуусу ... 33
32. Азирети Алинин шейит болуусу ... 34
33. Азирети Алинин кулк-мүнөзү ... 34
БИРИНИЧИ БӨЛҮМДҮН СУРООЛОРУ ... 37
34. ТЕКШЕРҮҮ ҮЧҮН СУРООЛОР ... 37
35. ТЕСТ ... 38
36. БОШ ОРУНДАРДЫ ТОЛТУРУУ. ... 40
37. БЕЛГИЛӨӨ ... 41

ЭКИНЧИ БӨЛҮМ
ОМЕЯДДАР ЖАНА АББАСИДДЕР ДООРУ / 43

ОМЕЯДДАР ДООРУ (661-750-ЖЖ.) ... 45
38. Византияга каршы уюштурулган жортуулдар ... 46
39. Чыгыш жана Батыш жортуулдары ... 46
40. Кербала окуясы ... 46
41. Омеяд мамлекетинин өнүгүү доору (I Абдулмалик жана I Валид доору) ... 48
42. Меккенин каратылып алынуусу ... 48
43. Анатолия, Кавказия жана Түндүк Африка жортуулдары ... 49
44. Орто Азия жортуулдары ... 49
45. Мамлекеттик башкарууда жүргүзүлгөн реформалар ... 49
46. Омеяд мамлекетинин акыркы учуру ... 50
47. Омеяд мамлекетинин кулашы ... 50
48. Омеяд мамлекетинин доорундагы маанилүү окуялар ... 51
Окуу тексти / Умар бин Абдулазиз ... 53
АББАСИДДЕР ДООРУ (750-1258-ЖЖ.) ... 55
49. Аббасиддер мамлекетинин түптөлүүсү жана өнүгүүсү ... 55
50. Харун Рашид доору (786-809-ж.ж.) ... 56
51. Түндүк Африка ... 57
52. Илим жана искусство ... 58
53. Аббасиддер мамлекетинин бөлүнүшү ... 59
54. Аббасиддер мамлекетинин кулашы ... 60
АНДАЛУС ОМЕЯД МАМЛЕКЕТИ (856-1031-ЖЖ.) ... 60
55. Кордованын каратылып алынышы ... 60
56. Губернаторлор доору ... 62
57. Кордова халифаттык доору ... 63
58. Мулукут Тавайиф доору (1031-1492-жж.) ... 64
59. Мурабиттер доору (1090-1147-жж.) ... 64
60. Мувахиддер доору (1147-1229-жж.) ... 65

61. Гранада Бани Ахмар Эмирдиги Насрилер (1238-1492-жж.) ... 65
62. Андалусияда ислам бийлигинин кулоосу (1492-ж.) ... 66
63. Андалусиянын ислам маданиятындагы орду ... 67
Окуу тексти / Кемелерди Өрттөө ... 68
64. ТЕКШЕРҮҮ ҮЧҮН СУРООЛОР ... 69
ЭКИНЧИ БӨЛҮМДҮН СУРООЛОРУ ... 69
65. ТЕСТ ... 70
66. БОШ ОРУНДАРДЫ ТОЛТУРУУ ... 73
67. БЕЛГИЛӨӨ ... 73

ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМ
ТҮРКТӨР ЖАНА ИСЛАМ / 75

ТҮРКТӨР ЖАНА ИСЛАМ ... 77
68. ТҮРК-АРАБ БАЙЛАНЫШЫ ... 77
69. Түрктөрдүн мусулмандашуусу ... 78
70. Талас согушу (751-жж.) ... 79
71. Түрктөрдүн ислам дүйнөсүнө кылган кызматтары ... 79
72. Түрк-Ислам мамлекеттери ... 83
73. Толунуулдары (868-905-жж.) ... 83
74. Ихшидилер (935-969-жж.) ... 83
75. Караханиддер (840-1212-жж.) ... 83
76. Газневиддер (963-1187-жж.) ... 83
УЛУУ СЕЛЖУК МАМЛЕКЕТИ ... 84
77. Улуу Селжук мамлекетинин күчтөнүүсү ... 84
78. Малазгирт согушу (1071-ж.) ... 84
79. Султан Алп Арслан ... 85
80. Батынийлик ... 85
81. Улуу Селжук мамлекетинин кыйроосу ... 85
КРЕСТТҮҮЛӨР ЖОРТУУЛДАРЫ ... 86
82. Крестүүлөр жортуулдарынын себептери ... 86
83. Диний себептери ... 86
84. Саясий себептери ... 87
85. Экономикалык себептери ... 87
86. Крестүүлөр жортуулдарынын жыйынтыгы ... 87
87. Диний натыйжасы ... 87
88. Саясий натыйжасы ... 87
89. Экономикалык натыйжасы ... 88
90. Илимий жана маданий жыйынтыгы ... 88
ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМДҮН СУРООЛОРУ ... 89
91. ТЕКШЕРҮҮ ҮЧҮН СУРООЛОР ... 89
92. ТЕСТ ... 90

ТӨРТҮНЧҮ БӨЛҮМ
ОСМОН МАМЛЕКЕТИ (1299-1922-ЖЖ.) / 95

93. ОСМОН МАМЛЕКЕТИНИН ТҮПТӨЛҮҮСҮ 97
94. ӨНҮГҮҮ ДООРУ (1360-1453-ЖЖ.) 99
95. Өнүгүү доорундагы негизги маанилүү окуялар 99
96. ӨНҮККӨН ДООРУ (1453-1579-ЖЖ.) 100
97. Стамбулдун каратылып алынышы (1453-жж.) 101
98. Балкандагы окуялар 102
99. Анатолия жортуулу 103
100. Халифаттык башкаруунун Осмон мамлекетине өтүүсү. 103
101. КАНУНИЙ СУЛТАН СУЛАЙМАН ДООРУ 104
102. Деңиз жортуулдары 105
103. Эгей жана Жер Ортолук деңизи 105
104. АЛСЫРОО ДООРУ 106
105. Вена согушу 107
106. 17-кылымдагы реформалар 107
107. КЫЙРОО МЕЗГИЛИ (1699-1922-ЖЖ.) 107
108. Европа мамлекеттери менен байланыш 108
109. 18-кылымдагы реформалар 110
110. 19-кылымда жасалган реформалар 110
111. ОСМОН МАМЛЕКЕТИНИН КУЛАШЫ 112
112. ОСМОН МАМЛЕКЕТИНИН МАДАНИЯТЫ 113
113. Мамлекетти башкаруу системасы 113
114. Осмон мамлекетинин коомдук түзүмү 114
115. ИЛИМ ЖАНА ИСКУССТВО 115
116. Билим берүү системасы 115
117. Ендерун билим берүү мекемелери 115
118. Медреселер 115
119. Жаңы билим берүү мекелери 116
120. Чет өлкөлүк мектептер 116
121. Искусство 117
ТӨРТҮНЧҮ БӨЛҮМДҮН СУРООЛОРУ 119
122. ТЕКЕШРҮҮ ҮЧҮН СУРООЛОР 119
123. ТЕСТ 120
124. БЕЛГИЛӨӨ 124

ЖООПТОР 125

АЛГЫ СӨЗ

Бул эмгекте ислам тарыхы, маданияты жана түрк элдеринин исламдашуу жараяны ошондой эле ислам цивилизациясынын өнүгүүсү тууралуу маалымат берилип, ислам тарыхына байланыштуу темалар негизги төрт бөлүмдө изилденип төмөнкү негизги темаларды камтыган:

Биринчи бөлүмдө;

Азирети Абу Бакир доору, Азирети Умар доору, Азирети Осмон доору, Азирети Али доору жана аталган төрт халифанын доорундагы жортуулдар;

Экинчи бөлүмдө;

Омеяддар жана Аббасиддер доору, аталган доордогу ислам динининжана цивилизациясынын жайылышы;

Үчүнчү бөлүмдө;

Түрк элдери жана ислам, түрктөрдүн исламдашуу жараяны жана түрктөр түптөгөн ислам мамлекеттери;

Төртүнчү бөлүмдө;

Осмон мамлекети, Осмон мамлекетинин түптөлүшү, өнүгүшү жана ислам цивилизациясына кошкон салымы туурасында маалыматтар берилди.

Ар бир бөлүмдүн аягында темаларга байланыштуу “текшерүү үчүн суроолор”, “бош орунду толтуруу”, “белгилөө” жана “тесттер” сыяктуу көндүмдөр берилди.

Тагаев Майрамбек Кудайбердиевич

КИРИШҮҮ

Жалпысынан алганда «Тарых» адамзат коомунун өткөн жолун изилдеген илим болуп саналат. Жалпы тарыхтын бир бөлүмү катары каралган **«Ислам тарыхы»,** бул динди тутунган мусулман коомунун тарыхын изилдеген илим. Ислам бир дин катары бул диндин пайгамбары Азирети Мухаммед пайгамбарга динди жайылтуу милдети берилген учурдан баштап, бул динди тутунган мусулман коомдоруна байланыштуу тарыхый окуялар ислам тарыхынын негизин түзөт. Тактап айтканда Ислам тарыхы Азирети Мухаммед пайгамбардын өмүр таржымалы жана ислам динин тутунган мусулман коомунун тарыхый окуяларын, ислам цивилизациясын изилдеген илим болуп саналат.

Араб тилиндеги **“ай, убакыт, мезгил же айды көрүү”** деген маанилерди камтыган **“арраха/ варраха”** деген сөздөн келип чыккан тарых сөзү; айга карап убакытты белгилөө, бир окуянын болгон күнүнө, айына, жылына жана датасына жараша сандар менен жазылышын тартиптөө, бир нерсенин болгон убактысын жана окуялардын ырааттуулугун аныктоо сыяктуу маанилерди түшүндүрөт. Батыш тилдеринде «тарых» сөзүнүн ордуна “istoria, historia, histoire, history” сөздөрү колдонулат.

Жалпысынан алганда тарых: адам коомунун өткөн жолун, иш аракеттерин, маданияттарын себеп жана натыйжасына карата изилдеген илим. Жалпы тарыхтын бир бөлүгү катары каралган **Ислам тарыхы** Азирети Мухаммед пайгамбарга пайгамбарлык милдети берилген күндөн тарта учурубузга чейин ислам дининин жайылуусун, бул аралыкта болгон окуяларды, мусулмандар тарабынан негизделген Ислам мамлекеттеринин башкаруу системасын, түзүлүшүн жана ислам цивилизациясын изилдейт. Куранда илгерки коомдордун жашоосу, алардын кылган иш аракеттери, ошол коомдорго жиберилген пайгамбарлардын окуялары, сүрө жана кээ бир аяттардын ар кандай окуяларга байланыштуу түшүрүлүшү Ислам тарыхынын калыптанышын негиздеген. Ошондой эле Куранда пайгамбарларга же тарыхка байланыштуу кыска нуска сүрөттөлгөн окуяларды толук түрдө түшүнүү максатында башка тарыхый булактарга кайрылуу Ислам тарыхынын түптөлүшүнө өбөлгө түзгөн.

«Ислам тарыхы» дисциплинасын окутууда төмөнкү негизги максаттарды камтыйт;

- Студенттерге ислам тарыхындагы негизги орчундуу окуялар, ислам дини тараган географиялык чөлкөм туурасында ***маалымат берүү;***

- Студенттердин ислам цивилизациясынын өнүгүүсү, калыптануусу жана жайылуусу туурасында ***билимдерин өркүндөтүү;***

-Студенттерге Түрк-ислам мамлекеттеринин түптөлүүсү, түрк элдеринин исламдашуу жараяны, түрктөрдүн ислам дининин өнүгүүсүнө кошкон салымы туурасында ***маалымат берүү;***

- Студенттердин ислам мамлекетинин башкаруу системасы, коомдук түзүмү, билим берүү системасы туурасындагы ***билимдерин өркүндөтүү;***

«Ислам тарыхы» дисциплинасын окуп үйрөнүүнүн натыйжасында студенттер төмөнкүлөрдү өздөштүрө алат:

- Студенттер ислам тарыхындагы негизги орчундуу окуяларды жана ислам дини жайылган географиялык чөлкөм туурасында ***маалыматка ээ болот.***

-Студенттер ислам цивилизациясынын, маданиятынын, башкаруу түзүмдөрүнүн өзгөчөлүктөрүн айырмалап, талдап **аныктай алат.**

- Студенттер ислам тарыхына байланыштуу маалыматтарды издеп таабууга жана талдоого алуу көндүмдөрүнө ***ээ болот.***

سورة الفاتحة
بسم الله الرحمن الرحيم
الحمد لله رب العالمين الرحمن
الرحيم مالك يوم الدين اياك
نعبد واياك نستعين
اهدنا الصراط المستقيم صراط
الذين انعمت عليهم غير
المغضوب عليهم ولا الضالين
مكية وهي ست آيات

БӨЛҮМ I

ТӨРТ ХАЛИФА ДООРУ

БӨЛҮМДҮН ТЕМАЛАРЫ

- **АЗИРЕТИ АБУ БАКИР ДООРУ (632-634-ЖЖ.)**
- **АЗИРЕТИ УМАР ДООРУ (634-644-ЖЖ.)**
- **АЗИРЕТИ ОСМОН ДООРУ (644-656-ЖЖ.)**
- **АЗИРЕТИ АЛИ ДООРУ (656-661-ЖЖ.)**

ДАЯРДЫК ТАПШЫРМА

- Халифа сөзү эмнени түшүндүрөт, маалымат топтогула?
- Азирети Мухаммед пайгамбардын эң жакын беш досу туурасында маалымат издегиле?
- Азирети Мухаммед пайгамбар кайтыш болгондон кийинки мамлекеттик башкаруу системасы кандай болгондугу туурасында маалымат чогулткула?
- Азирети Мухаммед пайгамбар кайтыш болгондон кийинки халифалардын аттарын катары менен айтып бергиле?

АЗИРЕТИ АБУ БАКИР ДООРУ (632-634-ЖЖ.)

Азирети Мухаммед пайгамбар кайтыш болгондон кийинки эң манилүү маселелердин бири, анын ордуна кимдин мамлекеттин башкаруучусу катары келе тургандыгы болгон. Азирети Мухаммед пайгамбардын жаназасы учурунда Мадиналык Ансарлардын айрымдары өздөрүнөн бирөөнү халифа катары дайындоого аттанышат. Негизи мусулмандар ынтымак, биримдикте болуу менен бирге ошол учурдун саясий, социалдык-экономикалык шарттарына жараша төмөнкү төрт көз караштын негизинде халифа шайлоону туура көрүшкөн:

1. Азирети Мухаммед пайгамбар менен бирге Мадинага хижрат кылган Курайш уруусунан болгон Мухажирлерден бирөөнү халифа дайындоо.

2. Азирети Мухаммед пайгамбар Меккеде кыйын кезеңде көмөктөшкөн Мадиналык Ансарлардан бирөөнү халифа дайындоо.

3. Азирети Мухаммед пайгамбардын хашими уруусунан бирөөнү халифа дайындоо.

4. Меккеде саясий жана экономикалык жактан күчтүү болгон уруулардын арасынан бирөөнү халифа дайындоо. Булардын сап башында Абу Суфяндын уруусу Омеяд уулдары турган.

Азирети Мухаммед пайгамбар тирүү кезинде өзүнөн кийин орун басары катары эч кимди дайындаган эмес. Балким, мусулмандардын өздөрүнүн башчысын өздөрү тандоосун туура көргөн. Ошондуктан өзүнөн кийин эч кимди халифа болуп дайындалышын керээз катары калтырган эмес. Натыйжада мусулмандар шайлоо маселесинде трайбалисттик туугандык мамилеге карабай, болочок халифанын адамдык сыпаттарынын татыктуулугуна маани беришкен. Акылдуу, ыймандуу мусулмандар арасында урмат сыйга ээ болгон Азирети Мухаммед пайгамбардын жашоосунда эң көп ишенген досу Азирети Абу Бакир халифа болуп шайланган. Азирети Абу Бакирден кийин катары менен Азирети Умар, Азирети Осмон жана Азирети Али халифа болуп дайындалган. Ислам тарыхында отуз жыл сүргөн бул доорго төрт халифа доору (Хулафа-и Раашидин) деп аталат. Аталган халифалар шайлоо аркылуу халифа болуп дайындалган.

Азирети Абу Бакир мусулмандардын өтө кыйын мезгилинде халифа болуп дайындалып, мусулман коомунун биримдигин чыңдоодо жана ислам цивилизациясынын өнүгүп күчтөнүүсүнө эбегейсиз салым кошкон алгачкы халифа болуп саналат. Азирети Абу Бакир доорундагы маанилүү окуялардын түрмөгүн кыскача төмөнкүдөй ирээттей алабыз.

1. Усаманын сапарга аттануусу

Азирети Мухаммед пайгамбардын жаназа иштери бүткөндөн кийин Азирети Абу Бакир, Ислам армиясын Усаманын башчылыгында Шамга жортуулга жиберет. Усаманын армиясы жортуулдан эч кандай жоготууга учурабай көптөгөн олжолор менен кайтып келген. Мына ушундайча, ислам мамлекетинин коопсуздугуна жана экономикалык кызыкчылыктарына доо кетире турган тоскоолдуктар жок кылынган.

2. Алгачкы көтөрүлүш

Өлкөнүн булуң бурчунда (Арабия, Йемен, Умман, Бахрейн) көтөрүлүштөр менен бирге исламдан баш тартуу аракеттери башталган. Бир гана Мекке, Мадина жана Таифте саясий абал

туруктуу болгон. Азирети Абу Бакир мына ушул өңдүү каргашалуу учурда саясий ишмердүүлүгүн көрсөткөн. Көтөрүлүшкө чыгып, исламдан баш тарткандардын көпчүлүгү ислам динин жаңы кабыл алып, ислам динининн түпкү негизин жана зекеттин эмне үчүн парз кылынгандыгын түшүнбөгөн, чөлдө жашаган кээ бир араб уруулары болгон. Бул жагдайга тийиштүү Ыйык Курандын хужурат сүрөсүнүн 14-16-аяттарында төмөнкүдөй баяндалат:

«Араб көчмөндөрү айтышты: «Биз ыйман келтирдик». (Сен): «Силер ыйман келтиргениңер жок. Андан көрө «Биз Алланын эркине баш ийдик», – дегиле. Бирок азырынча силердин жүрөгүңөргө ыйман (толук) кире элек», – деп айткын. Эгер силер Аллага жана Анын элчисине моюн сунсаңар, Ал силердин соопторуңарды эч кемитпейт. Чындыгында Алла – Кечиримдүү, Боорукер! Момундар – Аллага жана Анын элчисине ыйман келтирип, шектенбестен , Алла жолунда өз мал-мүлктөрү жана жандары менен согушка чыккандар. Мына ошолор – (нагыз) чынчылдар. Айткын: «Диниңер тууралуу Аллага билдиргиңер келип жатабы ? Алла – асмандагыларды жана жердегилерди (мыкты) билет. Алла – баарын Билүүчү». *(Хужурат сүрөсү 14-16-аяттар)*

Азирети Мухаммед пайгамбардын пайгамбарлык милдети аркылуу араб жарым аралында бийлик жүргүзгөнүн көргөн кээ бир уруу башчылары өздөрүн пайгамбар катары таанытып бийлик жүргүзүүгө аракеттинишкен. Исламдан баш тартуу жараяны өтө курч абалга кириптелген болчу. Жадагалса мусулмандардын баш калаасы Мадина шаарына да кол салышкан. Азирети Абу Бакир ушундай оор кырдаалда акылмандык жана даанакерлик менен саясий иш алып барган. Кол астындагы аскер башчыларына желек ыйгарып, убакытты өткөрбөй жортуулга аттанууга буйрук берген. Азирети Абу Бакир милдеттендирген аскер башчылардын жалпы саны 11дин тегерегинде болчу. Халид б. Валид, Икрима б. Абу Жахил жана Амр б. Ас сыяктуу аскер башчылары болгон. Исламдан баш тартуу жараяны жана жалганчы пайгамбарлардын көтөрүлүштөрү 2 жылдын аралыгында бастырылып, бийлик толугу менен Азирети Абу Бакирдын колуна өткөн.

3. Ыйык Курандын китеп абалына келтирилүүсү

Азирети Мухаммед пайгамбардын доорунда Ыйык Куран вахий жазуучулары тарабынан жазылып мусулмандар тарабынан толук жатталып турган. Бирок китеп абалына келтириле элек болчу. Азирети Абу Бакирдин халифаттык доорундагы Ямама согушунда Куранды толук жаттаган көптөгөн хафыз сахабалар шейит кетишкен. Бул абал Азирети Умар сыяктуу көптөгөн сахабалардын тынчын алып, бул маселени халифа Азирети Абу Бакирге жеткиришет. Азирети Абу Бакир, Куран жазуучуларынан Зейд б. Сабиттин башчылыгындагы жумушчу топ түзүп, Ыйык Курандын баракталарын топтоого буюрган. Жумушчу топтун күжүрмөн эмгегинин натыйжасында Ыйык Курандын баракталары толук топтолуп, китеп абалына келтирилип Азирети Абу Бакирге тапшырылат. Ыйык Куран кийинчерээк Азирети Умарга тапшырылып, Азирети Умардан кийин кызы момун мусулмандардын энеси Азирети Хафсага өткөрүлүп берилет. Азирети Осмондун доорунда Ыйык Курандын нускалары көбөйтүлүп, мусулман борборлорунун айрым шаарларына таркатылган.

Азирети Абу Бакирдин доорундагы Ямама согушунда Ыйык Куранды жаттаган көптөгөн хафыздардын шейит кетүүсүнөн улам Зейд б.Сабиттин башчылыгында жумушчу топ түзүлүп, Ыйык Куран топтолуп китеп абалына келтирилген.

Khalid Ibn Al-Walid's Sword (Kept in Topkapı Palace in Istanbul)

4. Азирети Абу Бакир доорундагы жортуулдар

Азирети Абу Бакир доорунда Византия жана Иран дүйнөдөгү эң чоң эки империя болгон эле. Азирети Мухаммед пайгамбардын доорунда да Византия менен согуштар болуп келген. Азирети Абу Бакирдин доорунда Византияга каршы жортуул арекеттери башталган.

5. Ирак аймагындагы жортуулдар

Азирети Абу Бакир халифа болуп дайындалгандан тартып, өлкө аймагында баш көтөргөн баш аламандыктарды бастыргандан кийин Азирети Мухаммед пайгамбар доорунда башталган жортуулдарды уланткан. Ираkты каратып алуу үчүн жортуулга чыккан аскер башчы Халид б. Валид Хира аймагына чейин барып, Хиралыктарды жизя салыгынын негизинде келишим түзүп баш ийдирген. Кыска убакыттын аралагында Ислам динин жайылтуу менен бирге көптөгөн жортуулдар уюштурулган. Бир жылдын аралыгында Перс булуңунан Евфрат дарыясынын түндүк тарабындагы түшүмдүү жерлер мусулмандардын карамагына өткөн.

6. Сирия аймагындагы жортуулдар

Азирети Абу Бакир төрт кошуун даярдап, Сирия аймагына жөнөткөн. Аскер башчылыгына Амр б. Ас жана Абу Убайда б. Жаррах дайындалган. Византия мамлекети мусулмандарга каршы аскердик даярдык көрүп жатканынан кабардар болгон Амр б. Ас халифадан кошумча аскердик күч жиберүүсүн суранган. Халид б. Валид, Хирадан Маржи Рахит тарапта жайгашкан Гассанилерге кол салат. Бул жортуулдан кабардар болгон Византия армиясы Ажнадайн тарапка бет алат. 634-жылдагы Ажнадайн согушунда Амр б. Ас жана Халид б. Валиддин башчылыгындагы аскердик бирдик Византияны жеңилүүгө учуратат. Ажнадайндагы Ислам аскерлеринин жеңиши мусулмандар үчүн Палестинанын дарбазаларын ачкан. Бул учурда Азирети Абу Бакир каза болуп, ордуна Азирети Умар халифа болуп дайындалган эле. Азирети Умар, аскер башчылыгына Абу Убайда б. Жаррахты дайындайт.

Ажнадайндагы Ислам аскерлеринин жеңиши мусулмандар үчүн Палестинанын дарбазаларын ачкан.

The Caliphate of Abu Bakr (RA) at Its Zenith in 634

635-жылы Амр б. Ас, Халид б. Валид, Абу Убайда, Шурахбил жана Абу Дарданын аскер башчылыгындагы Ислам армиясы Сирияны курчоого алат. Узак убакытка созулган курчоо учурунда шаарда каатчылык жана ачарчылык өкүм сүргөн. Халид б. Валид шаардын чыгыш тарабынан ал эми Абу Убайда болсо батыш тарабынан чабуул уюштуруп, шаарды каратып алышкан. Сирияны каратып алуу менен мусулмандар, Рим империясынын Сириядагы 1000 жылдык өкүмдарлыгына чекит койгон.

Византия армиясы менен негизги согуш Ярмук дарыясынын жээгинде болуп өткөн. Ислам армиясы Византия армиясын чоң жоготууга учураткан. Согуш учурунда Азирети Абу Бакирдин дүйнө салгандыгы туурасында кабар келген. Аскер башчылары бул маалыматты жашырып эрдик көрсөтүшкөн. Анткени бул согушта жеңилүүгө дуушар болуу бардык жортуулдардын тагдырын чечмек. Ошондуктан Ислам армиясы күч бирдикте согушушкан. 635-жылы Ираста болгон Кадисия согушундагы мусулмандардын жеңиши Ирандыктарга каршы жеңиштин башталгычы болгону сыяктуу эле Ярмук жеңиши да дал ошондой мусулмандардын Сирия аймагындагы жеңиштеринин негизги ачкычы болгон. Бул окуянын Сирия аймагындагы башка согуштардан бир топ айырмасы болгон. Анткени мусулмандардын бул согуштагы жеңиши андан ары да жортуулдарды улантууга, Римдиктердин болсо күстөрү алсыздап, жеңилүүгө кириптер болууларына себепкер болгон. Мына ушундайча мусулмандар улуу жеңиштерди багынтып, 636-жылдан тартып Сирия аймагы толугу менен христиандардын карамагынан чыгып, мусулмандардын колуна өткөн.

7. Азирети Абу Бакирдин дүйнөдөн кайтуусу

634-жылы Азирети Абу Бакир ооруусу күч алып мечитке бара албай калган. Ошол себептен улам имамдык милдетин Азирети Умарга тапшырган. Мындан тышкары өзүнөн кийинки халифалык кызматка Азирети Умар татыктуу экенин билдирген. Ошентип ал 634-жылы 23-августта көз жумган. Жаназа намазы Азирети Умар тарабынан аткарылып, сөөгү Равзатул-Мутаххарадагы Азирети Мухаммед пайгамбардын жанына коюлган.

8. Азирети Абу Бакирдин кулк-мүнөзү

Азирети Абу Бакирдин Ыйык Куранга жана Азирети Мухаммед пайгамбарга карата чексиз ишеними болгон. Ошондуктан ага чынчыл деген мааниде «Сыддык» лакабы берилген. Азирети Мухаммед пайгамбар анын ыйманы туурасында төмөнкүдөй баяндаган: «Алла Таала мени силерге пайгамбар катары жиберген кезде силердин баарыңар мага «жалганчысын» деп айтканыңарда Азирети Абу Бакир мага ишенип, менин пайгамбарлыгымды тастыктады. Мага бар болгон күчү жана мал-мүлкү менен жардам берди.»

Азирети Абу Бакир эр жүрөк жана чечкиндүү инсан болгон. Исламдын алгачкы жылдарынан тартып, Азирети Мухаммед пайгамбарга колдоо көрсөтүп, мушриктердин ар түрдүү тоскоолдуктарына баш ийген эмес. Азирети Мухаммед пайгамбар көз жумгандан кийин да чечкиндүүлүгүн, чыдамкайлыгын көрсөткөн. Халифалык доорундагы курч алган саясий окуяларды чечкиндүүлүк, иш билгилиги менен жөнгө сала алган.

Азирети Абу Бакир үлгүлүү момун мусулман жана өтө кичи пейил инсан болгон. Эч качан текебердик кылып бой көтөргөн эмес. Кимдир бирөө аны мактаган кезде, «Оо Алла Таалам! Сен мени менден да жакшы билесин!» деп айтаар эле. Өзүнү мактагандарга ачууланат эле. Учуру келгенде эр жүрөк жана тайманбас баатырдыгын көрсөтчү. Бирок ачуу кандуулукка алдырчу эмес. Ар дайым оор басырыктуу, өтө боорукер жана берешен эле. Ислам дини үчүн бардык мал-мүлкүн жумшаганчалык даражага жеткен берешен сахаба болгон.

Азирети Абу Бакир Алла Тааладан корккон такыба пенде эле. Исламга чейинки жахилия доорунда да буттарга сыйынбай ошол учурдагы бардык уят иштерден алыс болуп, адеп-ахлаксыз адамдар менен достошкон эмес.

Азирети Абу Бакир каниеттүү болгон. Халифа болгондон кийин мурдагы соодагерлик кесибин улантууну чечкен. Кездемелерди алып, сатуу үчүн базарга карай бет алып баратканда Азирети Умар ага мусулмандарды башкаруунун мойнуна аманат катары алганын, эгерде соодагерлик менен алек боло турган болсо, Ислам мамлекетинин иштери аксап кала турганын эскерткен. Азирети Абу Бакир эгерде соода менен алектенбесем үй-бүлөмдү кантип багам деп суроо узатканда Азирети Умар, аны мамлекеттик казынанын (байтул мал) башчысы Абу Убайдага алып барып айлык чыгартып берген. Абу Убайда халифага мухажирлердин орто даражалууларына бериле турган азык-түлүктөн жана жазгы, кышкы кийимдерди берген. Эскирген кийимдерин алып келип, жаңы кийимдерди алуусун суранган. Байкалгандай эле, Азирети Абу Бакир мамлекеттик казынадан өзүнүн жана үй-бүлөсүнө жетиштүү болгон азык-түлүк алган. Мамлекеттик башкарууну жеке өзүнө байлык арттыруу үчүн колдонгон эмес. Орто даражалуу адамдын жашоосундай жупуну жашаганга аракеттенген. Өлүм төшөгүндө жаткан учурда кызы Азирети Аишага сүт берген төөсүн, кийим бойогон идишин жана өзү кийген баркут кийимин, өлүмүнөн соң Азирети Умарга тапшыруусун керээз катары калтырган. Анткени мамлекеттик иштерди аткарууда ушул буюмдарды колдонгонун айткан.

Азирети Мухаммед пайгамбар кандайдыр бир маселеде дайыма Азирети Абу Бакирдин пикирин сурачу. Азирети Абу Бакир илим-билими жана адеп-ахлагы менен таанылган. Ошол учурдун кат тааныган аз сандагы сабаттуулардын бири Азирети Абу Бакир эле. Азирети Абу Бакир вахий жазуучу катчылардын бирөөсү болгон. Азирети Мухаммед пайгамбар Меккеден башка шаарга чыкканда аны да жанында ээрчите жүрчү.

Азирети Абу Бакир Ыйык Куранды жатка билип, аябай кооз үн менен окучу. Кыраат илими тууралуу андан маалымат алган сахабалар да болгон. Ыйык Куранды жатка билгендей эле

маанилерин да терең түшүнчү. Азирети Мухаммед пайгамбар өзүнүн ордуна Азирети Абу Бакирди имам катары дайындоосу анын Ыйык Куранды жакшы билгендигин айгиленейт.

Азирети Абу Бакир Азирети Мухаммед пайгамбардын сүннөтүн да жакшы билчү. Ал, Азирети Мухаммед пайгамбардан үйрөнгөндөрүн башкаларга да жеткиргендиктен көптөгөн сахабалар пайгамбарыбыздын сүннөт маселесинде Азирети Абу Бакирдин кеңешин алышчу.

Азирети Абу Бакир эки жылдан ашык халифалык доорунда исламдан баш тартуу окуяларын бастырып, өлкө аймагында бейпилдикти орнотуп, мусулмандардын биримдигин сактап калган. Араб жарым аралы менен чектеш болгон Иран жана Византия сыяктуу эки чоң мамлекеттин аймактарына жортуулдар уюштуруп, ийгиликтерге жетишкен. Азирети Абу Бакир ички жана тышкы саясатта кандай иш алып баруу керектигин мыкты билген чыгаан башкаруучулардан болгон. Кеңешип иш алып барууга өтө маани берген. Аскер башчылыгына татыктуу болгондорду тандап алаар эле. Жортуулга чыга турган аймактын географиялык абалын жакшылап изилдеп, анализдеп анын жыйынтыгына жараша даярдык көрөөр эле. Армиянын курал жарак менен камсыздалышына өтө жоопкерчиликтүү мамиле жасачу. Аймактагы башкаруучуларды көзөмөлдөп, калктын арыз-муңун угуп өз убагында чара көрчү. Эгерде адилетсиздик сыяктуу жаман көрүнүштөрдү байкаса аны өз убагында чечкенге аракеттенген.

Жыйынтыктоо

Азирети Абу Бакир, Азирети Мухаммед пайгамбар каза болгондон кийин бытыранды болуу коркунучунда турган мусулмандардын башын бириктирип, мамлекеттик башкарууну колго алып, Ыйык Куранды китеп абалына келтирип, Ислам динин Араб жарым аралынан Сирия, Палестина жана Ирак сыяктуу башка аймактарга жайылткан. Айрыкча Азирети Абу Бакир, «Халифату Расулиллах» катары да таанылган.

АЗИРЕТИ УМАР ДООРУ (634-644-ЖЖ.)

Азирети Абу Бакирдин халифа болуп дайындалуусунда чоң салымын кошкон Азирети Умар, мамлекетти башкарууда ага көмөктөшүп, Мадинада казылык кызматын аркалаган. Азирети Абу Бакир, ооруусу күч алганда ордуна имам катары Азирети Умарды дайындап, өзүнөн кийин халифа болуусун осуят катары калтырган. Азирети Умар иш билгилиги жана адилеттүүлүгү менен белгилүү болгон. Азирети Умардын (634-644-жж.) доору далай жортуулдар жана ислам мамлекетинин башкаруу системасынын калыптануусу менен тарыхта белгилүү. Сирия, Ирак, Иран, Палестина жана Египет сыяктуу аймактар анын доорунда каратылып алынып, ислам мамлекетинин чек аралары кеңейтилген.

The Sword of Umar Ibn Al-Khattab (RA)

9. Ирак, Иран жана Хорасан аймагындагы жортуулдар

Азирети Умар халифа болуп дайындалгандан кийин Абу Убайданы аскер башчылыкка дайындап Азирети Абу Бакир доорунда башталган Ирак жана Иран жортуулдарын уланткан.

10. Кадисия согушу

Азирети Умар Иранга жортуулга чыккан армияга Саъд бин Абу Ваккасты аскер башчылыкка дайындаган. Ислам армиясынын Иранга карай жортуулга чыккандыгы туурасында кабар алган Кисра Яздигард дароо аскердик даярдыктарын баштаган. Яздигард алгач 40 000 аскерден турган армиясына кошумча күч катары Рустамдын аскер башчылыгында 60 000 аскерден турган кошуун жөнөтөт. Мындан тышкары 20 000 аскерден турган кошуун чыгарып жалпысынан Сасанийлер империясы 120 000 аскерден турган армиясын Кадисия деген жерге жайгаштырат. Иран армиясы 30 000 зоот-чопкут, соотчон аскерлерден турган. Аскерлер бири-биринен бөлүнүп кетпесин деген максатта атайын чынжырлар менен байлап коюшкан. Ошондой эле Иран армиясы алдыңкы катарда аскер катары пилдерди колдонушкан. Ал эми мусулмандардын армиясында 34 000 аскер болгон. Аскер башчысы Азирети Саъд бин Абу Ваккас келишимдин негизинде тынчтык жолу менен Иранды каратып алууну көздөгөн. Азирети Саъд бин Абу Ваккас элчилерин жиберип, үч күн мөөнөт берип, үч күндүн ичинде Ислам динин кабыл алып мусулман болгула же салык төлөгүлө же болбосо согушууга даярдангыла деген шарттарды койгон. Иран армиясы бул шарттарды кабыл албай согушууга даярданышкан. Төртүнчү күнү буйруктун негизинде ислам армиясы ирандыктарга кол салат. Иран армиясы пилдер менен каршылык көргөзүп, согуштун алгачкы күндөрү аябай катуу өткөн. Ислам армиясы колдонгон тактикалардын негизинде Иран армиясы кыска убакытта бытырандыга учураган. Айрыкча Иран армиясынын аскер башчысы Рустам өлтүрүлгөндөн кийин Иран армиясында баш аламандык күч алып жеңилүүгө учураган. Бул согушта Ислам армиясынан 8400 аскер шейит кетсе, Иран армиясынын калың катмары согушта жок кылынган. Улуу жеңишке жеткен Ислам армиясы кийинчерээк Азирети Умардын буйругу менен Сасанийлер империясынын борбор калаасы жана Иран падышасы жашаган Мадаин шаарына бет алышат. Ислам армиясынын келе жатканынан кабардар болгон Иран падышасы Яздигард коркуудан улам борбор калаадан чыгып кеткенге аргасыз болот. Ислам армиясы Мадаин шаарын оңой эле каратып алган. Кадисия согушунан жана Мадаин шаарын каратып алгандан кийин мусулмандар ири олжолуу болушкан. Иран падышасынын сарайлары жана мал-мүлктөрү мусулмандардын колуна өткөн. Бул жеңиш Иранды толук каратып алууга жана кийинки согуштарда жеңишке жетүүгө шарт түзгөн.

Кадисия согушундагы жеңиш Иран каалгаларын ачкан.

11. Нихаванд согушу (642-жж.)

Кадисия жана Жалула согуштарында жеңилүүгө учураган Иран падышасы III Яздигард кайрадан кол топтоп, аскер башчы катары Фирузанды дайындаган. Бул маалыматтан кабар алган Азирети Умар, Басра жана Куфа калкын согушууга аттанууга буйрук берип, аскер башчылыкка Нуманды дайындаган. Эгерде шейит боло турган болсо, ордуна Хузайфа б. Ямандын дайындалышын буйрук берген. Эки армия Нихаванд деген жерде беттешет. Согушта Нуман шейит болгондон кийин ордуна аскер башчы болуп Хузайфа б. Яман дайындалып, мусулмандар

жеңишке жетишишкен. Ислам тарыхында «Жеңиштердин жеңиши» - деп аталган Нихаванд согушунан кийин Сасанийлердин басымдуу бөлүгү мусулмандардын колуна өткөн.

12. Хоросандын каратылып алынуусу

Нихаванд согушунан кийин Азирети Умар Иранды толугу менен каратып алуу үчүн буйрук чыгарат. Хоросанды каратып алуу үчүн Ахнаф б. Кайсты аскер башчылыкка дайындайт. Ал учурда тактысынан кол жууган III Яздигард, түрк жана кытай элдеринен жардам сурап кайрылат. Бирок көп өтпөй анын байлык жана мал-мүлктөрүнө көз арткан жакындары тарабынан өлтүрүлөт. Иранды каратып алуу үчүн дайындалган аскер башчы жана аскерлер жортуулдарды улантып кыска мөөнөттө Иранды толугу менен каратып алышкан. Ахнаф б. Кайс башчылыгындагы Ислам армиясы Ирандын түндүк аймактары менен бирге Хоросанды да каратып алышкан. Бул жортуулдардын натыйжасында Ислам мамлекетинин чек арасы Аму-Дарыяга чейин кеңейген.

13. Византияга карата жоруулдар

Азирети Абу Бакир доорунда башталган Византия жана Сирия аймактарына болгон жортуулдар Азирети Умардын доорунда да улантылып, Ярмук деген жерде Византия армиясына аябай катуу сокку урушкан. Кийинчерээк Ислам армиясы Акка, Хумус, Киннасрин, Алеппо, Антакия жана Марашты каратып алышкан. Сирия жана Шам каратылып алынгандан кийин Византия Жер Ортолук деңиздин чыгыш тарабында жайгашкан аймактарынан кол жууган. Бул кабар Византиянын императору Ираклийге жеткенде ал Сирия тарапка карап*: «Эй Сирия! Сени мурда койнумдагы бир конок катары саламдагам! Бирок бүгүн акыркы жолу кош бол деп айтып жатам. Мындан ары Римдектердин сага кайтып баруусу мүмкүн эмес, бул кандай гана аянычтуу абал!»* деп кайрылганы белгилүү.

14. Иерусалимдин каратылып алынуусу

Амр б. Астын аскер башчылыгында Палестина тарапка бет алган ислам армиясы Иордания аймактарын колго алышкан. Палестина аймагындагы стратегиялык маанеге ээ болгон жерлерди каратып алып, Иерусалимди курчоого алышкан. Орто кылымдардан бери христиандардын диний борбору болгон Иерусалим шаары 4 ай курчоодо калган. Ислам армиясына каршы туруштук бере албай тургандыгын түшүнгөн христиандар, халифанын жеке өзүнө шаарды тапшырууга макул болушкан. Мусулмандар да кан төгүлүүсүн каалашкан эмес эле. Халифа Азирети Умар шаарга келип шаардын ачкычтарын алган. Иерусалим мусулмандардын колуна өткөндөн кийин Египетти каратып алууга эч кандай тоскоолдук калган эмес.

15. Египеттин каратылып алынуусу

Азирети Умардын буйругу менен аскер башчы Амр б. Ас Египетти каратып алуу үчүн 40 000 аскердик күч менен жортуулга чыгат. Фарма деген жерде Египет, Рим жана Киптилердин армиясы менен беттешет. Ошол учурда Римдиктер менен Киптилердин ортосунда өз ара чыр чатактар күч алгандыктан Амр б. Ас Ферманы оңой эле каратып алат. Азирети Умар, Микдат б. Асвад жана Убада б. Самиттин башчылыгында 12 000 аскерден турган армияны Египетти каратып алуу үчүн жиберген. Амр б. Ас Египеттиктер менен келишим түзүүгө жетишсе да Рим императору Ираклий келишимди кабыл кылган эмес. Амр б. Ас көптөгөн кол топтоп Ислам армиясын күчтөндүрүп Александрияга каршы жортуулга чыгат. Ислам армиясы үч ай

аралыгында Александрияны курчоого алып шаарды каратып алышкан. Мына ушундайча Египет Византиянын карамагынан чыгып Ислам мамлекетинин карамагына өткөн.

16. Мамлекеттик башкаруу системасынын калыптануусу

Жогоруда айтылган аймактарды каратып алгандан кийин Ислам мамлекетинин чек арасы кеңейген эле. Территориясы кеңейген ислам мамлекетинин башкаруу системасы, саясий, укуктук, экономикалык жактан Ислам негиздерине жараша түптөлүүсү негизги маселеге айланган. Азирети Умар келечекти көрө билген көрөгөч башкаруучу болгондуктан каратылып алынган аймактарда Ислам дининин мыйзамдарынын колдонулуусун негиздеген. Мусулмандардын карамагында болгон башка дин өкүлдөрүнүн диний ишенимдерин, каада-салттарын эркин жашаганга Ислам мамлекети кепилдик берген. Алардын айдоо аянттарына жана мал-мүлктөрүнө кол салуу болгон эмес.

Азирети Умар

- *Мамлекеттин олуттуу маселелери талкууланган жана ар ким өзүнүн ой-пикирин эркин айткан «Жогорку Кеңеш» менен бирге күнүмдүк маселелерди караган «Кеңешмени» түптөгөн.*
- *Аймактын башкаруучуларына, акимдерине ошол аймактын калкы нараазычылыктарын билдирген болсо аларды алмаштырып ордуна башка бирөөнү дайындаган.*
- *Соодагерлик, экономикалык жана салык салуу саясаты белгилүү эрежелердин негизинде жөнгө салынып, «хараж» алгачкы жолу Азирети Умардын доорунда мамлекеттик салык катары кабыл алынган.*
- *Ислам армиясы катуу тартиптин негизинде кайрадан реформаланган.*
- *Мамлекеттин казынасы өтө кылдаттык менен пайдаланылган.*
- *Азирети Умардын доорундагы башкаруу системасында адилеттүү казылар дайындалып, өкүмдөрдүн негизинде буйруктар чыгарылган.*
- *Базарларды көзөмөлдөө үчүн атайын милициялык бөлүмдөр түптөлгөн. Алар негизинен ичимдик сатууну жана таразада алдоону көзөмөлдөп турушкан.*
- *Азирети Умардын доорунда кылмышкерлер үчүн атайын абактар да курулган.*
- *Ислам илимдерин жана адеп-ахлак негиздерин үйрөтүүчү илимий-маданий борборлор курулган. Илим жана маданият борборлорунда сабак берген аалымдарга мамлекеттин казынасынан айлык акы бөлүнүп берилген.*

Жыйынтыктап айтканда алгачкы жолу тартиптүү Ислам армиясы түптөлгөн, аскерлерге мамлекет тарабынан айлык акы берилген. Сирия жана Палестинада Ислам армиясынын атайын отряды негизделген. Ислам армиясына жазылгандарды каттоо максатында алгачкы жолу атайын аскердик бөлүм ачылган. Мамлекеттин маанилүү маселелерин караган кеңешме түптөлгөн. Мусулман болбогондордун айдоо аянттарынан «хараж» салыгы алына баштаган. Алгачкы жолу «Байтул-Мал» (мамлекеттик казына) түптөлгөн. Мамлекетти башкаруу системасы атайын бөлүмдөргө бөлүнгөн. Халифа жана губернаторлорго баш ийген казылар дайындалган. Алгачкы жолу адилеттүү сот системасына казылар дайындалып, сот системасы өз алдынча иш алып барган. Азирети Мухаммед пайгамбардын Меккеден Мадинага көчүүсү хижрий жыл санагынын биринчи жылы катары кабыл алынып, колдонула баштаган.

Азирети Умар бир гана мусулман коомунда эле эмес балким башка дин өкүлдөрү тарабынан да урмат сый менен эскерилген. Ислам динининин жайылышы үчүн опол тоодой кызмат өтөгөн Азирети Умар жеке жашоосунда өтө жупуну жашаган.

17. Азирети Умардын шейит болуусу

642-жылындагы Нихаванд согушунда колго түшүрүлгөн Абу Лулу (Фируз) аттуу кул, Азирети Умарга башчысынын үстүнөн арыз менен кайрылат. Азирети Умар, Абу Лулунун арызын карап чыгып башчысынын ага берген кызмат акысы ошол учурдун шарттарына жараша туура экендигин маалымдайт. Бирок, Абу Лулу бул чечимге ачууланып, эртеси күнү багымдат намазы учурунда Азирети Умарды алты жеринен канчар менен жарадар кылып шейт кылган. Азирети Умар оор абалда төшөктө жаткан кезде андан өзүнөн кийин халифа катары кимди сунуштаарын сурашканда Азирети Умар бул маселени кеңешме өзү чече тургандыгын билдирет.

Жараат алгандан үч күн өткөндөн кийин 644-жылы 3-ноябрда каза болгон Азирети Умар, Ислам мамлекетинин өнүгүп өсүүсүнө зор салым кошкон Ислам халифасынын бирөөсү болуп саналат.

18. Азирети Умардын кулк-мүнөзү

Азирети Умар «Амиирул муминин» лакабы менен эскерилген алгачкы халифа болуп саналат. Сахабалар Азирети Абу Бакирге «Халифату Расулиллах» (Расулуллахтын халифасы) деп аташчу.

Азирети Умар «Амиирул муминин» лакабын алган алгачкы халифа болуп саналат.

Азирети Умар ислам тарыхында адилеттүүлүгү менен тарыхта калган белгилүү сахабалардан болуп саналат. Инсандардын макамына жана байлыгына карабай баарына бирдей мамиле жасайт эле. Күнөөкөрлөрдү жоопко тартууда же аларды жазалоодо достук жана туугандык ага тоскоолдук боло алчу эмес. Мекендештерине тартынбай арыз-муңдарын айтууларын үгүттөп, алардын арыз-муңдарын угуп өз убагында чара көрөөр эле. Намаз бүткөндөн кийин мечиттин алдында отуруп, кайрылгандардын арыз-муңдарын угаар эле. Кечкисин көчөлөрдү кыдырып, муктаж болгондордун муктаждыктарына жардам бергенге аракеттенчү. Жолуккан адамдардан мамлекеттин жана элдерин абалын сурап турган.

Азирети Умардын доорунда ачарчылык жүз берген. Ошол учурда бир төөнү курмандык чалып, муктаж болгондорго таркатуусун буюрат. Бул буйрукту аткарган кызматкерлердин бирөөсү төөнүн этинен дамдуу тамак жасап халифага сунат. Сунулган тамак бир күн мурда союлган төөнүн этинен экендигин билгенден кийин төмөнкүдөй кейийт: *«Аттиң! Мен сыяктуу башчылардын абалына! Төөнүн сөөктөрүн кедей кембагалга таратып, эттүү жерин өзү жеген. Бул эттерди кедей кембагал, муктаж болгондорго алып барып тараткыла, мындан ары мындай кылбагыла, халифа бир айда бир жолу гана эттүү тамак жегенди каалайт.»*

Мамлекеттин казынасына өтө жоопкерчиликтүү мамиле жасаган. Мамлекеттик казынадан жумшала турган каражаттарды жөнү жок сарптоого жол бербей дайыма үнөмдөөгө, бардык жумшалган каражаттардын элдин кызыкчылыгына жумшалуусуна көңүл бурган. Азирети Умар



The Borders of the Caliphate of Umar (RA) at its Zenith in 644

айлык акысын мамлекеттик казынадан (Байтул малдан) алаар эле. Бирок мусулмандардын арасынан эң аз айлык алган Азирети Умар өзү эле. Көпчүлүк учурда алган айлыгы өзүнүн күнүмдүк тиричилигине жетпей калып, карыздар болуп калчу.

Азирети Умар азга канаат кылган каниеттүү, ибадаттарын так аткарган, жупуну жашоону сүйгөн, сабырдуу жана айкөл инсан эле. Жамак кийим кийгенден тартынбай, мамлекеттин төөлөрүн кайтарып, төөлөргө кам көрчү. Бир күнү төөлөрдүн бирөөсү качып кетет. Төөнү кармаганга арекет кылып жүргөнүн көргөн Ахнаф б. Кайс, төөнү кармоо үчүн кызматкерлеринен бирөөсүн дайындоосун өтүнөт. Анда Азирети Умар «Менден өткөн кызматкер барбы» деп жообун узатат.

Азирети Умар кеп маданияты бай чечен болгон. Указ жармаңкесинде өтүлүүчү ыр жарыштар анын сөз чеберчилигинин өсүп өнүгүүсүнө шарт түзгөн. Коңур үндүү, айткан сөзү таасирдүү эле. Адеп-ахлак, ар-намыс, адилеттүүлүк жана эгемендүүлүк багытындагы ырларды жаттап, элге да насаат кылаар эле. Ислам булактарында анын бир катар таасирдүү сөздөрүн көрүүгө болот. Сөз чеберчилиги сыяктуу анын жазуусу да курч мүнөздө болгон. Анын жазган каттары жана буйруктары адабий жана илимий мааниге ээ болгон.

Азирети Умар ар бир нерсеге терең ой жүгүртүп, акылмандык менен талдап өзүнүн ой-пикирин ачык айтаар эле. Азирети Мухаммед пайгамбардын жана Азирети Абу Бакирдин жадагалса өзүнүн халифалык доорундагы кесе айткан көз караштары буга мисал болуп саналат.

Азирети Умар бидат жана ырым-жырымдарга каршы туруп, алардын жайылуусун алдын алуу үчүн ар түрдүү чараларды колдонуп, каршылык көрсөтүп турчу. Анын доорунда, Худайбияда «Биатур-Ридван» келишими түзүлгөн даракка элдер ар кандай сый урмат көргөзүп, сыйына баштаган кезде, бул дарак тавхид ишенимине зыян алып келиши мүмкүн деген максатта даракты кыйдырып салган. Күндөрдөн бир күнү хажарул асваддын жанына келип, бийик үнү менен төмөнкүдөй эскерген: *«Жакшылык жана жамандык жасай албай турган кадимки эле таш экениңди жакшы билем. Бирок Алла Тааланын элчиси сага колун сүрткөнүн көргөндүгүм үчүн мен да дал ошондой жасап жатам.»*

АЗИРЕТИ ОСМОН ДООРУ (644-656-ЖЖ.)

19. Азирети Осмондун халифа болуп дайындалуусу

Азирети Умар жаракат алгандан кийин өзүнүн ордуна кимдир бирөөнү халифалыкка көрсөтүп, дайындаган эмес. Бирок тирүү кезинде бейиш менен сүйүнчүлөнгөн алты сахабанын өз ара кеңешме өткөрүп арасынан бирөөсүн үч күндүн ичинде халифа дайындоосун осуят кылган. Азирети Умар тарабынан дайындалган кеңешменин мүчөлөрү Азирети Осмон бин Афван, Азирети Али бин Абу Талиб, Абдуррахман бин Авф, Саъд бин Абу Ваккас, Зубайр бин Аввам жана Талха бин Убайдуллах болгон. Азирети Умар тарабынан дайындаган алты сахабадан турган кеңешменин мүчөлөрү халифаны дайындоо үчүн кеңешме өткөрүшөт.

Азирети Умар дайындаган кеңешменин мүчөлөрү:

- Азирети Осмон бин Афван
- Азирети Али бин Абу Талиб
- Азирети Абдуррахман бин Авф
- Азирети Саъд бин Абу Ваккас
- Азирети Зубайр бин Аввам
- Азирети Талха бин Убайдуллах.

Абдуррахман бин Авф төрагалык кылган шайлоо кеңешмесинде байкоочу катары Азирети Умардын уулу Абдуллах дайындалган. Талха бин Убайдуллах Мадинада болбогондугу үчүн анын милдетин аткарууну Саъд бин Абу Ваккас өз мойнуна алган. Кеңешменин төрагасы Абдурахман бин Авф калк арасында сурамжылоо жүргүзүп, калктын ой-пикирин, белгилүү сахабалардын сунуштарын эске алат. Сурамжылоонун натыйжасында Азирети Осмон жана Азирети Алинин талапкерлиги алдыга озуп чыгат. Жыйынтыгында Абдуррахман бин Авфтын жетекчилигиндеги кеңешме Азирети Осмондун талапкерлигин колдоого алып, мүчөлөрдүн баары Азирети Осмонго бият кылышат. Мына ушундайча Азирети Осмондун 12 жылдык халифалык доору башталат.

20. Азирети Осмон доорундагы жортуулдар

650-651-жылдары Абдуллах бин Амр жана Саид бин Ас башчылыгындагы ислам армиясы эки башка жолдон Хорасан жана Табиристанга карай бет алышат. Табиристанды каратып алгандан кийин Гуржан аймагынын Түрк өкүмдарын салыкка байлайт. Ахнаф бин Кайстын башчылыгындагы аскердик күчтөрдүн Аму-Дарыянын чыгыш тарабындагы кээ бир аймактарды каратып алуусу жана Мавераннахр аймагына бат-баттан кол салуусу Иран Сасанийлер империясынын кулашына себеп болуп, мусулмандар Түрк элдери менен түздөн-түз байланыш түзүүсүнө алып келген.

21. Кавказ аймагындагы жортуулдар

Сириянын акими Муавия эки ислам армиясынан бирөөсүн Азербейжанга бирөөсүн Армения тарапка жиберет. Мусулмандар Кавказ аймагына жортуул жасаган учурда Каспий түрктөрү

менен бетме-бет келишет. Каспий түрктөрүнүн маанилүү шаарларынын бири Беленсерди курчоого алган учурда катуу кагылышуулар болот. Түндүк Кавказды алууга мүмкүн болбосо да Түштүк Кавказды басып алышкан. Ошондой эле Чыгыш Анатолияга бет алган ислам армиясы аймактагы грузиндерди баш ийдиришкен.

22. Түндүк Африкадагы жортуулдар

Азирети Осмон Египеттин губернатору Амр бин Астын ордуна Абудллах бин Саъд ибн Абу Сархты дайындайт. Меккени каратып алуу учурунда мусулмандарга каршы күрөшкөндөрдүн бири Ибн Абу Сарх болгондуктан Азирети Мухаммед пайгамбар аны өлтүрүүгө буйрук берген эле. Бирок Азирети Осмондун эмчектеш бир тууганы болгондуктан кечирилген.

Ибн Абу Сарх, Египетке аким болуп дайындалгандан кийин халифанын буйругунун негизинде Түндүк Африкага жортуулга чыгат. Халифадан кошумча күч жиберүүсүн өтүнгөндө Азирети Осмон кошумча күч катары Абдуллах бин Аббас, Абдуллах бин Зубайр, Абдуллах бин Умар жана Абдуллах бин Амр сыяктуу белгилүү сахабалардан турган ислам армиясын жиберет. 647-жылы Ибн Абу Сархтын башчылыгындагы ислам армиясы Түндүк Африканы каратып алуу аракетин баштайт.

Түндүк Африка каратылып алынгандан кийин Абдуллах бин Нафи бин Абду Кайс аким болуп дайындалат. Ливия чөлдөрү аркылуу ислам армиясы Триполи шаарына чейин барышат. Жолдо Укба бин Нафи кол астындагы аскерлери менен ислам армиясына кошулат. Триполи шаарынын акими Грегериус 120 000 аскерден турган армиясы менен мусулмандарга каршы согушууга даяр турган.

Өтө катаал узакка созулган согуштан эч кандай кабар алалбаган Азирети Осмон, Абдуллах бин Зубайрдын башчылыгандагы ислам армиясын жардамга жиберет. Жаңыдан күчтөнгөн ислам армиясы кокусунан душман тарапка сокку уруп, натыйжада Грегериус колго түшүрүлүп өлтүрүлөт. Согушта ислам армиясы жеңишке жетип, көптөгөн олжолорго ээ болушат. Триполинин каратылып алынышы ислам армиясынын Африкага жортуул уюштуруусуна жол ачкан. Ибн Абу Сархтын башчылыгындагы ислам армиясы Марракеш шаарын каратып алышат. Дагы бир ислам армиясы Нуба шаарын каратып алып, Судан мамлекетиндеги Дангола шаарына чейин ээлеп, Макара өлкөсү менен келишим түзүшөт. Ислам армиясынын Африканын бир канча аймактарын каратып алгандан кийин бул чөлкөмдөгү Византиянын бийлиги кулайт.

23. Мусулмандардын алгачкы деңиз жортуулдары

Сирия жана Иорданиянын акими Муавия, Кипрди каратып алуу үчүн даярдык көрөт. Бул максатта аскердик-деңиз флотун түптөйт. Кипр жортуулуна өз каалоосу менен аябай көп сандагы аскер катышат. Сириянын акими Муавия, аскер башчы Абдуллах бин Кайстын башчылыгында Абу Зар, Абу Дарда, Убада бин Самид аль-Ансари сыяктуу аттуу-баштуу сахабалардан турган ислам армиясын хижарттын 28-жылында кемелер менен Кипрге жиберет. Египеттин акими Абдуллах бин Саъд, Египеттен Кипрге келип, Сирия армиясы менен биригип соң чабуулга өтүп жеңишке жетишишет. Ислам армиясы көптөгөн кулдарды жана олжолорду колго түшүрүп, Кипр эли жети миң алтындын негизинде тынчтык келишимин түзүшкөн.

Кипрди каратып алуу учурунда Византиянын маанилүү денилген аскер-деңиз фулотунун жок кылынуусу мусулмандар үчүн Жер ортолук деңиздеги кээ бир аралдарга жортуул уюштурууга шарт түзгөн. Сицилия, Крит жана Родос аралдарына чейин жортуул уюштурулат. 652-жылы Муавиянын аскердик-деңиз флоту Стамбулга чейин жеткен.

Uthman's Qur'an in Tashkent



Al-Araf, 7: 86-87 from Uthman's Qur'an

24. Ыйык Курандын көбөйтүлүүсү

Азирети Осмондун халифалыгынын алгачкы алты жылында Ислам мамлекетинин чек арасы Испаниядан тартып Аму-Дарыя жана Сырдарыяга чейин жеткен. Ислам динининин таралуусу менен Араб болбогон көптөгөн улуттун жана башка дин өкүлдөрү да ислам динин кабыл ала баштаган. Ислам динининин жайылуусу менен бирге бир канча олуттуу маселелер жаралып, бул маселелерди чечүү үчүн ар кандай практикалык иш чаралар жүргүзүлгөн.

Жаңы каратылып алынган аймактардагы айдоо аянттарынын ишке берилүүсү, колго түшүрүлгөн олжолорду бөлүштүрүү сыяктуу мамлекеттин башкаруу системасындагы түзүмдөрдүн жана дин жаатындагы ар түрдүү маселелерди жөнгө салуу үчүн олутуу иш алып барылган.

Азирети Осмон аткарган эң маанилүү иштердин бирөөсү бул Ыйык Куранды көбөйтүү болуп саналат. Азирети Осмондун буйругу менен Ыйык Куран Курайш диалектисинде жазылып бир нече нускаларга көбөйтүлөт. Ыйык Куранды Убай бин Каьб окуп, Зейд бин Сабит жазат эле. Кыска убакыттын аралыгында Ыйык Курандын 6 нускасы толук көчүрүлүп бүтөт. Көбөйтүлгөн Ыйык Курандын нускалары Мекке, Басра, Куфа, Шам жана Египетке жиберилип, бирөөсү Мадинада калтырылган.

Азирети Осмондун аткарган эң маанилүү кызматы Ыйык Куранды көбөйтүү болуп саналат. Көбөйтүлгөн Ыйык Курандын нускалары Мекке, Басра, Куфа, Шам жана Египетке жөнөтүлгөн.

25. Мусулмандар арасындагы алгачкы ички козголоң

Азирети Осмондун алгачкы алты жылы жортуулдарга басым жасалып, ислам мамлекетинин чек арасы кеңейип, ислам дини алыскы аймактарга чейин жайыла баштаган. Арабдарга ислам дини келгенден кийин уруулук бирикмелерге негизделген башкаруу системасынан баш тартышып мамлекеттик башкаруу түшүнүгүнө ээ болушкан. Исламды жайылтуу үчүн уюштурулган жортуулдар мамлекеттик башкаруу системасынын калыптануусуна өбөлгө түзгөн. Анткени, каратылып алынган аймактардын мамлекеттик башкаруу түзүмүн, коомдук түзүлүшүн, алардын каада-салтын, маданиятын таанып билүү аркылуу уруулук башкаруу түшүнүгүнөн арылууга шарт түзүлгөн. Бирок, тилекке каршы арабдар кылымдар бою бекемделип калган уруулук каада салттарынан толугу менен баш тарта алган эмес.

Ошондой эле айрым араб урууларынын исламдын ааламды өз ичине камтыган принциптерин өздөрүнүн уруулук каада-салттарынын негизинде түшүнгөнүн айтууга болот. Жортуулдар токтогон учурда жаңыдан түптөлүп келе жаткан ислам мамлекетинин башкаруу системасында жана социалдык-экономикалык жаатында олуттуу маселелер жаралып, айрым араб уруулары бул маселелер боюнча ислам коомунун келечеги үчүн эмес балким өздөрүнүн уруулук жеке кызыкчылыктарыны максат кылып саясий ишмердүүлүгүн жүргүзүшкөн. Мисалы, Азирети Осмон өзүнүн жакын туугандарын бийликке алып келди деген көз караштарды келтирсек болот.

Азирети Умардын мүнөзү курч болгондуктан анын доорунда арабдардын исламга чейинки уруулук түшүнүктөрү көп деле байкалган эмес. Бирок Азирети Осмон жумшак мүнөздүү болгондуктан анын доорунда арабдардын исламга чейинки калыптанып калган уруулук башкаруу түшүнүктөрү кайрадан жандана баштаган. Азирети Осмон өзүнүн жакындарына ак дилден ишенип, аларды мамлекетке кызмат кылат деген максат менен бийликке алып келген эле. Бирок, Азирети Осмондун аруу ниет жана максаттары орундалбай, тескерисинче өзү ишенип дайындаган айрым бийлик өкүлдөрү халифанын саясий ишмердүүлүгүнө бут тосушуп, өздөрүнүн кызыкчылыгын көздөгөн. Мисалы Азирети Осмон өзүнө катчы кылып дайындаган Марван бин Хакам өзү каалагандай буйруктарды чыгаруусу коомдо баш аламандыкты жаратып өлкө аймагында саясий абалдын курчушуна алып келген. Жыйынтыгында кыска мөөнөттө халифага каршы турган саясий күчтөр пайда боло баштаган. Кээ бир саясий күчтөр Азирети Осмондун кетирген каталарын өз орду менен сындаган болсо айрым күчтөр жеке кызыкчылыктары үчүн ички чыр чатак, баш аламандыктарды жаратуу максатында Азирети Осмонго каршы кол топтоп, саясий кырдаалды курчутканга аракеттенишкен.

Азирети Осмон өз туугандарын бийликке алып келүүсү жана жортуулдарда колго түшүрүлгөн олжолордун басымдуу бөлүгүн туугандарынын арасында таратылуусу, Курайш сыяктуу көптөгөн уруулардын нааразычылыктарын жараткан.

26. Азирети Осмондун шейит болуусу

Азирети Осмонго каршы чыккандардын саны артып, аймактарда козголоңчулар тарабынан көтөрүлүш башталган. Талха жана Зубайыр сыяктуу айрым сахабалар козголоңдон оолак болуу максатында четте турушкан. Азирети Али болсо саясий окуяларга саресеп салып, көзөмөлдөп турган. Бирок Куфадан келген козголоңчулар абалды курчутуп жибергендиктен Азирети Осмондун абалына тынчсызданып, уулдары Хасан жана Хусейинди жана башка көрүнүктүү сахабалардын уулдары менен бирге Азирети Осмонду коргоо үчүн жиберет. Козголоңчулар Азирети Осмондун үйүнө бастырып кирип, халифанын Куран окуп жатканына карабастан аны шейит кылып качып кетишет.

Азирети Осмондун шейит болуусу ислам аалымында баш аламандыктардын курчушуна алып келип, ислам тарыхындагы кайчылаш пикир-келишпестик курч алып, азыркы учурубузга чейин улануусуна себеп болгон. Кийинки мезгилдердеги кээ бир топтор Ыйык Куран жана сүннөттү негиз албай ошол күнкү окуяларды жана бул окуяларга байланыштуу ар түрдүү жоромолдорду негиз алып, ислам дининин негизги баалуулуктарын четке кагып келишет.

27. Азирети Осмондун кулк-мүнөзү

Азирети Осмон жумшак мүнөздүү, талашып тартышууну жактырбаган, ар намыстуу жана боорукер сахаба болгон. Азирети Мухаммед пайгамбар, Азирети Осмондун уяттуулугун өзгөчө баалаган. Азирети Мухаммед пайгамбарды Азирети Абу Бакир жана Азирети Умар зыярат

кылганда кадимкидей эле күтүп алчу, бирок Азирети Осмон зыярат кылганда аны күтүп алуу үчүн атайын даярдык көрөт эле. Азирети Мухаммед пайгамбардан мунун себебин сурашканда *«Периштелер уялган инсандан менин уялбай койушум туура эмес»* деп жооп берген.

Азирети Осмон такыба жана өтө берешен инсан эле. Жогоруда анын жоомарттыгы, берешендиги туурасында кээ бир үлгүлөрдөн үлгү бердик. Ал ислам динин кабыл алгандан кийин ар жума күнү бир кулду азат кылчу экен, эгерде бир жума бир кулду азат кыла албай калса кийинки жумада эки кулду азат кылгандыгы тарых булактардына маалымдалат. Азирети Абу Бакир доорунда Мадинада ачарчылык болгон кезде Шамдан алып келген 1000 төөгө жүктөлгөн буудай жана азык-түлүктөрүн, соодегерлердин бизге сат деген талаптарын четке кагып, акысыз Мадина калкына таратып берген.

Азирети Осмон «Ашара-и мубашшарадан» тактап айтканда Азирети Мухаммед пайгамбардын тирүү кезинде бейиш менен сүйүнчүлөгөн 10 сахабанын бирөөсү болуп саналат.

Азирети Осмон Ыйык Куранды толук жаттаган хафыз эле. Кээде намаз учурунда Ыйык Куранды баштан аяк окуп, хатым түшүргөндүгү эскерилет. Ал Меккедеги саналуу делген кат-сабаттуулардын бирөөсү эле. Азирети Мухаммед пайгамбардын катчыларынын арасында Азирети Осмондун өзгөчө орду болгон. Вахий катчысы болуу менен бирге Азирети Мухаммед пайгамбардын коңшу өлкөлөргө жана уруу башчыларына жиберген каттарын жана келишимдерин жазгандыгы туурасында да маалыматтар кездешет. Тарых китептеринде Азирети Осмон, Азирети Мухаммед пайгамбардын жеке катчысы болгондугу да айтылат. Азирети Абу Бакирдин доорунда да катчылык кызматын аркалаган. Азирети Мухаммед пайгамбардан 146 хадис риваят кылган. Өзгөчө ажылык ибадатынын шарттарын, эрежелерин мыкты билген.



The Borders of the Caliphate of Uthman (RA) at its Zenith in 656

АЗИРЕТИ АЛИ ДООРУ (656-661-ЖЖ.)

Азирет Осмондун козголоңчулар тарабынан шейит болуусу мусулман коомунда баш аламандыктын башталышына себеп болгон. Козголоңчулар тарабынан уюштурулган көтөрүлүш жана баш аламандыктар халифа шейит болгондон кийин да улантылган. Халифанын өлүмүнө себепчи болгон козголоңчулардын арасында да жаңы халифанын ким боло тургандыгына байланыштуу ар түрдүү көз караштар пайда болгон. Азирети Талха жана Зубайр алардын халифалык сунуштарынан баш тартышкан. Жыйынтыгында Мадина элинен кыска мөөнөттүн ичинде Азирети Алини халифа дайындап, ага биат кылууларын талап кылышат. 656-жылы Мадина эли чогулуп Азирети Алиге Азирети Осмондун канын төккөндөрдү таап, жазалоо шарты менен Азирети Алини халифа шайлашып, ант беришет.

Азирети Мухаммед пайгамбардын жана үч халифанын доорунда ислам динине өтө чоң кызмат кылган көрүнүктүү сахабалардын бирөөсү Азирети Али болгон. Илим жана билими менен мусулмандардын арасында урмат сыйга, кадыр баркка ээ эле. Беш жарым жылдык халифалык доорунда ички чыр чатактарды, козголоңчулардын көтөрүлүштөрүн бастыруу менен алектенип, ислам мамлекетинин чек арасын кеңейтүүгө мүмкүнчүлүк таба алган эмес.

28. Жамал согушу

Мадина эли Азирети Осмондун канын төккөндөрдү таап жазалоо талабын күчөтүшкөн. Ал учурда козголоңчулар Мадинада үстөмдүк күчкө ээ болуп турушкан. Азирети Али, Мадинада саясий абалдын туруктуу болуп, козголоңчулар Мадинадан сыртка чыгып кетүүсүн жана анын халифалыгын бардык аймактагы мусулмандар таанып баш ийүүсүн күткөн.

Атаганат козголоңчулар тынч жүрбөй ар дайым элдин арасына бүлүк салып, айрым сахабаларды өлтүрүү керектигин жайылта башташкан. 656-жылы мусулмандардын арасына жашынган эки жүздүү бузукулардын айынан Басрага жакын аймакта төртүнчү халифа Амирул Муминин Азирети Али жана пайгамбарыбыздын сүйүктүү жубайы Азирети Аишанын тарапташтары ортосунда болгон салгылашуу ислам тарых баракчарындагы эң кайгылуу окуялардан болуп саналат.

Үчүнчү халифа Азирети Осмон шейит болгондон кийинки баш аламандык үч төрт күнгө чейин созулган. Азирети Осмонду шейит кылган козголоңчулар Мадинада үстөмдүк күчкө ээ эле. Козголоңчулардын максаты Азирети Осмондун ордуна кимдир бирөөнү дароо халифа кылып дайындоо болгон. Козголоңчулар айрым сахабаларга халифалыкты сунуштап кайрылганда сахабалар алардын сунушун четке кагышат. Козголоңчулар Мадина элин топтоп бир күндүн ичинде өздөрүнөн бирөөнү халифа шайлоолору керектигин билдирип, эгерде бирөөнү халифа кылып дайындашпаса анда Азирети Али, Талха жана Зубайр сыяктуу сахабалардын өлтүрүлө тургандыгын маалымдашат. Мадина эли Азирети Алиге кайрылып, анын халифа болуусун сунуштайт. Азирети Али халифа болуудан баш тартса да мухажир жана ансарлардын кайра-кайра кайрылууларынан кийин алардын сунушун кабыл алууга аргасыз болот. Жыйынтыгында 656-жылы Мадина эли биат кылып, Азирети Али халифа болуп дайындалган.

Азирети Али халифа болуп дайындалгандан кийинки алгачкы эле милдети Азирети Осмондун канын төккөндөрдү таап жазалаш керек болгон. Азирети Осмондун канын төккөндөрдү

издөө иштери башталган эле. Бирок Азирети Осмонду өлтүрүүгө катышкандардын саны аябай көп болуп, кимдер экени белгисиз болгондуктан аларды шарияттын негизинде жазалоо мүмкүн эмес эле.

Азирети Талха жана Зубайр, Азирети Алини зыярат кылышып, андан кан төккөндөрдү дароо таап жазалоосун талап кылышкан. Азирети Али ошол учурдагы кырдаалды эске алып, аларды таап жазалоо азырынча мүмкүн эмес экендигин ал үчүн убакыт керектигин кабардаса да Азирети Талха жана Зубайр бул кабарга макул болушпайт. Бул учурда Нуман бин Башр, Азирети Осмон шейит болгон учурда кийген көйнөгүн жана Азирети Осмондун жубайы Найиланын аны коргоо учурунда кесилген бармактарын Шамга алып барат. Муавия, Шамдын эң чоң мечитинде Шам элин дүрбөлөңгө салуу максатында Азирети Осмондун кандуу көйнөгүн жана жубайы Наиланын бармактарын элдин алдына алып чыгып, Азирети Алиге каршы күч топтой баштайт.

Азирети Али өтө оор саясий кризиске дуушар болот. Мадинада топтолгон козголоңчулардын бир бөлүгү « Сабаиййа» тобуна таандык эле. Бул агымдын башында Абдуллах бин Саба турган. Абдуллах бин Саба Ислам динин бурмалоо жана мусулмандар арасында бүлүк салуу максатын көздөгөн жөөт улутундагы козголоңчулардан эле. Абдуллах бин Сабанын негизги максаты Ислам динин чыныгы баалуулуктарын, ишеним негиздерин бурмалап, мусулмандарды ар түрдүү агымдарга бөлүп, мусулмандар арасында чыр-чатактарды уюштуруу болгон.

Азирети Осмондун доорундагы ички чыр-чатак, көтөрүлүштөр Абдуллах бин Саба сыяктуулар үчүн аябай чоң мүмкүнчүлүктү жараткан. Азирети Али козголоңчуларды Мадинадан кууп чыгуу үчүн айрым чараларды көрө баштаганда Абдуллах бин Саба жана анын тарапташтары болгон кээ бир араб уруулары каршы чыгышат.

Мына ушундай оор кырдаалды ого бетер курчуткан дагы бир көтөрүлүш башталган. Азирети Аиша ажылык ибадатын аткаруу үчүн Меккеге барып, ажылык ибадатын аткарып Мадинага кайткан учурда Азирети Осмондун шейит болгондугу туурасында кабар угат. Мадинага баруудан баш тартып, Меккеде калат. Анткени Мадинадагы саясий кырдаал белгилүү эле. Азирети Аиша Меккеликтерге Азирети Осмон күнөөсүз шейит болгондугун, анын канын төккөн күнөөкөрлөрдү дароо таап жазалоону жана ошондой эле шарияттын өкүмү кысастын аткарылышы керектигин белгилейт.

Азирети Талха жана Зубайр Мадинадан Меккеге келип, Мадинада болгон саясий окуялар туурасында маалымат беришет. Бул маалыматтардын негизинде Азирети Аиша, Азирети Осмондун өчүн алуу максатында кол топтой баштайт.

Азирети Али, Меккеде саясий кыймыл башталганы туурасында кабар алгандан кийин Ирактын көтөрүлүшчүлөрдүн колуна өтүүсүн токтотуп калуу максатында Ирак тарапка бет алат. Ансарлар, Азирети Алинин Мадинадан чыгып кетүүсүнө тынчсызданышат. Азирети Али эгерде көтөрүлүшчүлөр алардан мурда Ирактын ээлеп алышса анда азыркы учурдан да катаал көйгөйлөр жарала тургандыгын белгилеп, Ирак мамлекеттик казынага бай болгондугун эске алып, Ирактa калууну туура көрөт.

Азирети Али жолго чыгып Зукар деп аталган аймакка келгенде Азирети Талха жана Зубайр Басрага келип калганын, Бану Саъд уруусу жана Басра эли алардын катарына кошулганы туурасында маалымат алат. Азирети Али Зукарга жайгашып, уулу Хасанды, Аммар бин Ясир менен бирге Куфага жиберет. Куфанын акими Абу Муса ал-Ашари, аларды жакшы күтүп алат. Азирети Хасан мечитке топтолгон жамаатка Азирети Алинин саясий максаты туурасында сөз кылып, Азирети Талха жана Зубайр, халифага биат кылып баш ийгенин маалымдайт. Сөзүнүн

аягында Басрага бара турганын, эгерде аны менен бирге Басрага келе тургандар болсо катарына кошулуусу мүмкүн экенин жарыялайт. Ошентип Азирети Хасан 9000 аскерден турган кол топтоп кайтып келген.

Азирети Али кошумча аскердик кошуун келгенден кийин Зукар аймагынан Басрага карай бет алат. Азирети Али, эки тараптын ортосунда чыгышы мүмкүн болгон согуштун алдын алуу максатында Кака бин Амрды Басрага жиберет. Элчи болуп барган Кака бин Амр, Азирети Аиша, Талха жана Зубайр менен жолугуп, мусулмандардын биримдигин бекемдөө максатында тынчтык келишиминин негизинде бирдиктүү чечимге келишет. Азирети Али, Кака бин Амрдын бул ийгилиги үчүн аябай кубанат. Басра жана Куфа эли биригип, мусулмандар арасында бөлүнүп жарылууга жол бербей тургандыгына ант беришет.

Азирети Али Абдулкайс уулдары уруусунун башчылары менен жолугуп, аларды да өзүнүн катарына кошуп, Завиядан Басраны көздөй бет алат. Азирети Алинин Басрага келүүсү мусулман коомчулугу тарабынан тынчтык келишиминин бир символу катары кабыл алынат.

Ибн Сабанын тарапташтары түн бир оокумда Азирети Али жана Аиша тарапка жаа менен ок атышып чабуул уюштурушат. Эки тарап тең бири-бирин түшүнө албай калышкан. Азирети Али эмне болуп жатканын билүү максатында аскерлерин ар тарапка жиберет. Каъб бин Сур, болуп жаткан окуялар туурасында Азирети Аишаны кабардар кылат. Азирети Аиша төөсүнө минип салгылашуу болуп жаткан жерге келип, тарапташтарын токтотууга аракеттенет. Ал учурда Азирети Али да согушууну токтотуу үчүн согуш майданына барат. Азирети Али, Зубайрды чакырып, Азирети Мухаммед пайгамбардын: *«Келечекте Али жана Зубайрдын ортосунда пикир келишпестик келип чыгаарын, бул маселеде ката кетирүүчү Зубайр болот»* деп айтканын эскертет. Бул осуятты уккан Зубайр согуш талаасынан дароо артка кайтат. Анын артынан Азирети Талха да согушуудан баш тартып артка кайткан кезде, ууланган ок атылып шейит кетет.

Мусулмандардын арасынан кан төгүлүүсүнө себепчи болгон эки жүздүү бузукулардын башкы максаты Азирети Аишаны өлтүрүү болгон. Алардын бул максатын түшүнгөн Даббаауулдары Азирети Аишаны чоң баатырдык менен коргоп калышкан. Азирети Аишаны коргоо учурунда Даббаауулдарынан 70 баатыр шейит кетет. Азирети Али да Азирети Аишаны коргоо максатында анын бир тууганы Мухаммед бин Абу Бакирди жиберет.

Согуш аяктагандан кийин Азирети Али, Мухаммед бин Абу Бакир жана Азирети Аишаны Мадинага жиберет. Хижраттын 30-жылында Азирети Аиша Басрадан кетип баратып, Азирети Али менен болгон салгылашуу түшүнбөстүктөрдөн улам келип чыкканын белгилейт. Азирети Али болсо Азирети Мухаммед пайгамбардын үй-бүлөсүн коргоо, аларга сый-урмат көргөзүү жана камкордук кылуу анын ыйык милдети экенин айтат. Жамал согушу деп аталган бул согуш 656-жылы 4-декабрда аяктагандан кийин Азирети Али халифалыктын борборун Мадинадан Куфага көчүрүп, шейит болгонго чейин Куфа шаарында бийлик жүргүзөт.

29. Муавиянын көтөрүлүшү

Омеяд уруусунун башчысы болгон Муавия Сирия аймагында кудуреттүү күчкө ээ эле. Азирети Алинин халифалыгын тааныбай, Азирети Осмондун канын төккөндөрдүн өчүн алуу негизги милдети катары эсептейт. Азирети Алиге каршы күрөшүүдө мусулмандардын колдоосуна ээ болуу максатында Азирети Осмондун шейит болгон учурда кийген көйнөгүн элге көрсөтүп, күнөөкөрлөрдөн өч алуунун символу катары колдоно баштайт. Көптөгөн көрөгөч мусулмандар Азирети Муавиянын бул аракетин омеяд жана хашим урууларынын ортосундагы

эски атаандаштыкты жаңыдан курчутуп, тактап айтканда бул ислам дини үчүн күрөшүү эмес а балким уруулук атаандаштык экенин билсе да салгылашууларды токтотуп кала алышкан эмес. Ошентип Муавия күчтү кол топтоп чыгышты көздөй бет алгандыгы туурасында кабардар болгон Азирети Али 657-жылы жаз айында түндүктү көздөй жортуулга чыгат.

30. Сыффин согушу жана калыстар окуясы

Сыффин согушу 657-жылы Евфрат дарыясынын оң жээгиндеги Ракканын чыгыш тарабында жайгашкан Сыффин деп аталган жерде төртүнчү халифа Азирети Али менен ага каршы чыккан Шамдын акими Муавия бин Абу Суфяндын ортосунда болгон.

Азирети Али, жамал согушунда каршы тарапташтарын жеңип бийлигин орното баштаганда Сириянын акими Муавия бин Абу Суфян көтөрүлүш баштайт. Азирети Алиге каршы чыгып, көтөрүлүш уюштургандардын максаттары Азирети Осмондун канын төккөндөрдөн өч алуу экенин билдиришет. Ошондой эле Азирети Алини Азирети Осмондун канын төккөндөрдү коргоп, аларды жазага тартуудан баш тартып жатат деп күнөөлөшөт. Азирети Али күнөөкөрлөрдү жазалоо үчүн оболу анын халифалыгын кабыл алып, ага колдоо көрсөтүүсү керектигин белгилейт.

Жамал согушунан кийин Куфага барган Азирети Али, Жарир бин Абдуллах ал-Бажалини элчи катары Муавияга жиберет. Элчи аркылуу мухажир жана ансарлар халифага баш ийгенин, башта Муавия жана анын тарапташтары мухажир жана ансарлар сыяктуу халифага баш ийүүлөрү керектигин кабар берет. Муавиянын кеңешчиси Амр бин аль-Ас Муавияга Азирети Осмондун канын төккөндөрдү дароо жазалоо талабын күчөтүүнү, эгерде бул талаптары аткарылбай турган болсо Сириянын армиясы менен ага каршы согушууга даяр экендиги туурасында кеңеш берет. Жарир бин Абдуллах, Куфага кайтып, Муавия баш ийүүдөн баш тарткандыгын тескерисинче согушууга даярдык көрүп жаткандыгын билдирет.

Азирети Муавия, Азирети Осмондун кандуу көйнөгүн жана жубайы Наиланын кесилген бармактарын мечиттин минбарына асып, аскерлерди өч алууга үндөгөн. Мечитке топтолгондор көздөрүнө жаш алышып, Азирети Осмондун өчүн алганга чейин жатактарында уктабай тургандыгына ант беришет. Азирети Муавия Сирия армиясына чоң суммадагы айлык акы жана белек бечкектерди таратып, аларды согушууга даярдаган.

Муавия 85 000 аскерден турган армиясы менен Сириядан жолго чыгат. Ал эми Азирети Али 90 000 аскерден турган армиясы менен Куфадан Сыффинге карай бет алат. Муавия Ефрат дарыясынын жээгине жайгашкан. Азирети Али жайгашкан жер менен дарыянын ортосунда Муавиянын аскерлери жайгашкандыктан алгачкы түндү суусуз өткөрүшөт. Эртеси күнү Муавиянын аскерлерине кол салып дарыядан узакташтырышат. Суусуз калган Муавия, Азирети Алиге элчи жиберип дарыядан суу алууга уруксат берүүсүн өтүнөт. Азирети Али уруксат берип алардын суу алуусуна тоскоолдук жаратпайт. Азирети Али Муавияга согушуудан баш тартуусун жана мусулмандардын катарына кошулуп халифага баш ийүүсүн талап кылып элчилерди жиберсе да эч кандай жыйынтык чыкпайт. Эки армиянын ортосунда тирешүүлөр күчөп, хижрий 37-жылдын мухаррам айынын аягына чейин эки тараптын элчилери тынчтык келишимин түзүү жолдорун издешет. Бирок тилекке каршы эки тарап бирдиктүү бир бүтүмгө келе албай согушууга аргасыз болушат.

Сапар айынын алгачкы күнү согуш кайрадан башталат. Алгачкы жети күн ичинде эки тараптан бирден кол башчы чыгып салгылашышат. Азирети Али армиясына чабуулга өтүүгө буйрук берүүсү менен согуш башталат. Согуш аябай катуу уланат. Аммар бин Ясирдин шейит

болгонуна өтө кайгырган Азирети Али катуу чабуул жасап Муавиянын армиясын бытырандыга учуратат. Муавиянын армиясы жеңилүүгө аз калганда Амр бин аль-Ас Сириялык аскерлерге «Курандын баракчаларын кылычыңардын мизине сайып бийик көтөргүлө» деп буйрук берет. Аскерлер анын буйругун аткарып, «Ортобузда Алланын китеби калыс болсун» деп кыйкырышат. Амр бин аль-Астын айла амалы ишке ашып, Азирети Алинин аскерлери: «Алланын китебине моюн суналы» деп чабуулду токтотушат. Амр бин аль-Ас мындай айла амалы менен жеңилүүгө аз калган Сириянын армиясын жеңилүүдөн куткарып, каршы тараптын аскерлери арасында баш аламандыкты жаратууга жетишет. Азирети Али бул тузак экенин аскерлерине эскертип, чабуулду улантууга чакырса да аскерлери аны укпай коюшат. Азирети Али, согушууну улантып жаткан кол башчы Аштарга адам жиберип согушту токтотууга буйрук бергенге аргасыз болот. Аштар, жеңишке жетүүгө аз калганын мындай учурда согушту токтотконго болбой турганын айтып, келген адамды кайра жиберет. Аштардын кол башчылыгындагы аскерлер согушту улантып жатканын байкаган Ирактык аскерлер Азирети Алиге басым жасап согушту токтотуу талабын күчөтүшөт. Азирети Али кайра Аштарга адам жибергенде Аштар чабуулду токтотот. Азирети Али, Ашаб бин Кайсты Муавияга жиберип анын сунуш пикирин сурайт. Муавия ортобузда Алланын китеби Куран калыс болсун, эки тараптан бирден калыс дайындайлы жана алардан Алланын китебинин негизинде чечим чугаруусуна ант алып, калыстар чыгарган чечимге эки тарап тең баш ийүүсүн сунуштайт. Азирети Алинин тарапташтары бул сунушка кубануу менен макул болушат. Муавиянын тарапташтары калыстык милдетин өтө куу, амалкөй Амр бин аль-Ас аткара турганын жарыялашат. Ирактыктар Абу Муса ал-Ашарини калыс катары тандаганда Азирети Али ага каршы чыгып, Абу Муса аль-Ашари элдин арасына бүлүк салып, өзүнө каршы чыкканын айтып, анын калыс болуусуна ишеним көрсөтө албай турганын айтат. Ирактыктар Абу Муса аль-Ашарини тандап туруп алгандыктан Азирети Али Абу Муса аль-Ашарини калыс кылып тандаганга мажбур болот. Бул окуялар Ислам ааламында мусулмандарды бөлүнүп жарылууга алып келди. Азирети Алинин тараптарларына Шиа, Муавиянын талабын талашкандарга Умави, экөөнө тең каршы чыгып, алардан бөлүнүп кеткендер Харижилер деп аталган.

31. Харижийлердин пайда болуусу

Харижийлер Ислам тарыхындагы эң алгачкы бөлүнүп чыккан кыймыл болуп саналат. Харижийлердин өкүлдөрү Сыффин согушунда Азирети Алини согушту токтотууга жана калысты тандоого мажбурлап, бирок калыстар өкүм чыгарганга чейин эле Азирети Алинин армиясынан бөлүнүп чыга башташкан. Анткени Азирети Али менен Муавия биригип, Азирети Осмондун канын төккөндөрдөн өч алуусунан коркушкан.

Харижийлердин анархисттик кыймыл катары пайда болуусунун себептери:

1. **Уруулук түшүнүгү:** Алгачкы мусулман анархист кыймыл болгон харижийлер уруулук бирикмеге өтө маани берген Бакир, Мудар жана Тамим урууларынын өкүлдөрү болгон.

2. **Ыйык Куранды жаттаган хафыздардын Сыффин согушунда харижийлердин жеке кызыкчылыктарын байкабай аларды колдоосу**. Кийинчерээк харижийлердин кара ниетин түшүнгөн хафыздар харижийлер менен байланышын үзүшкөн.

3.**Сабаийлердин таасири:** Сабейилер-мусулмандардын арасында бөлүнүп жарылууга себеп болгон ар түрдүү анархисттик көз караштарды жайылткан жана мыйзамдуу түрдө шайланган халифага каршы чыккан Абдуллах бин Саба жана анын тарапташтары.

4. **Ошол мезгилдеги саясий, социалдык жана экономикалык шарттар**. Алгач Харурада андан кийин Нахваранда чогулган харижийлер Куфалык Абдуллах бин Вахб аль-Расибийди өздөрүнө халифа дайындашат.

Харижийлер аскердик кошуун түзүп көтөрүлүшкө чыга башташат. Харижийлер өздөрүнүн жеке максаттарын ишке ашыруу үчүн динди колдонуп келишкен. Алар калыс маселесинде Азирети Алини күнөөлөп, өкүм чыгаруу бир гана Алла Таалага таандык экенин ал эми Азирети Али болсо өкүм чыгаруу үчүн Алла Тааланын ордуна адамдарды калыс катары дайындап каапыр болду деген доо менен Азирети Алини каапырдыка чыгарышат. Азирети Али харижийлер менен тынчтык келишимин түзүү максатында Абдуллах бин Аббасты жиберет. Абдуллах бин Аббас жана харижийлер ортосунда кызуу талкуу жүрүп, кээ бир харижийлер акыйкатты түшүнгөндөн кийин Куфага кайтып келишет.

Азирети Али Сирияга жортуулга даярдык көрүп жатып, алгач харижийлерди жок кылуу боюнча бир бүтүмгө келет. 658-жылдын 17-июлунда Нахверанда болгон согушта харийжилерди жеңип, козголоңчуларды жок кылган. Согуштан качып кутулгандар Нухайлада чогулуп кайрадан баш көтөрүүгө аракет көрүшсө да Азирети Али аларды токтотуп калган. Бирок жок кылынган харижийлердин жакын тарапташтары халифадан өч алууга аракеттенип, дайыма козголоң уюштурушкан.

32. Азирети Алинин шейит болуусу

Азирети Али Нахверан согушунан кийин Сирияга бет алууну кааласа да аскерлердин чарчагандыгы жана азык-түлүктүн жетишсиздигинен улам бул жортуулду кийинкиге калтырып Куфага кайтат.

Азирети Али халифа болгондо башаламандык күч алгандыктан жортуулдарды уюштурууга жана мамлекетти өнүктүрүүгө мүмкүнчүлүк таба албаса да мусулмандардын биримдигин, ынтымагын бекемдөө максатында алгылыктуу иштерди аткарган. Азирети Алинин халифалыгын харижийлерден башка бардык мусулман коомчулугу кабыл алган эле. Бирок Нахверан согушунан качып кутулгандар Азирети Алиге кек сактап дайыма өч алууга аракеттенип жүрүшкөн. Харижийлер Азирети Али, Муавия жана Амр бин аль-Асты өлтүрүүнү пландашат. Түзүлгөн пландын негизинде Муавияга кол салышат, Муавия жеңил жаракат алып кутулат. Амр бин аль-Ас дагы кол салуудан аман калат. Бирок Азирети Али Куфада намаз кылып жаткан учурунда Абдуррахман бин Мулжам аттуу харижий тарабынан ууланган канжар менен оор жаракат алат. Жаракат алгандан эки күндөн кийин 661-жылы 20-январда Азирети Али шейит болот. Азирети Алинин күмбөзү Ирактын Нажаф шаарында. Мына ушундайча «Рашид халифалар доору» аяктайт.

33. Азирети Алинин кулк-мүнөзү

Азирети Али кичинекей кезинен тартып Азирети Мухаммед пайгамбардын тарбиясында жетилип, анын адеп-ахлак, кулк мүнөзү менен жуурулушкан. Азирети Мухаммед пайгамбардын эң оор күндөрүндө жанында болуп ага колдоо көрсөткөн. Азирети Али мусулман коомчулугунда илими, такыбалыгы, ыкластуулугу, берешендиги, боорукердиги жана каармандык сыяктуу адеп-ахлак жана адамдык асыл сыпаттары менен таанымал. Азирети Али мусулмандар арасында баатырдык жана каармандыктын символу катары эсептелет. Согуштарда жекеме-жеке чакырууларды кабыл алган жана душмандарына каршы күрөшүүдө дайыма жеңишке жетүүсү менен таанылган.

Азирети Али Куран жана сүннөттү бекем карманат эле. Мусулмандарды да Куран жана сүннөттү бекем кармануу үгүттөгөн. Ислам тарыхынын Жамал, Сыффин жана Нахверан сыяктуу согуштардан кийин көз жаш төгүп душмандары үчүн дуба кылаар эле. Жеке өзүнүн кызыкчылыгы үчүн саясий күчүн колдонуудан алыс болгон.

Азирети Али дегенде анын илимдүү сыпаты эске келет. Ал Куран жана сүннөттү эң жакшы билген сахабалардан болчу. Ал мындай деп айтчу: «Мага Алла Тааланын китебинен сурагыла! Алла Таалага ант болсун! Күндүзү же түнү түшүрүлгөн аяттар болсун мен билбеген бир да аят жок!»

Фикх илими боюнча сахабалар арасында өзгөчө орду бар эле. Азирети Мухаммед пайгамбар Азирети Алиге өкүм чыгаруунун эрежелерин үйрөтүп, Йеменге казы кылып жиберген. Азирети Алинин фикх илими жана өкүм чыгаруудагы ийгилиги үчүн Азирети Умар: «Сахабалар арасында эң туура өкүм чыгарган Азирети Али болчу» деп эскерет.

Азирети Алинин айткан сөздөрү менен аткарган амалдары бир-бирине төп келген такыба жан эле. Адамдын өзүнү өзү тарбиялоосу туурасында мындай деген: «Элге имам болгон адам элге үгүт насаат айтуудан мурда өзүнү тарбиялашы зарыл. Ал адам өзүнүн кандай адам экенин тили менен эмес аткарган амалдары менен көргөзүшү керек. Өзүнү илим-билим, адеп-ахлак менен тарбиялаган адам, элге куру сөз менен үгүт насаат айткан адамдан жогору турат»

Азирети Али харижийлер жана кадарийлер менен келам илими туурасында берген суроолоруна жооп берүү аркылуу келам илиминин түптөлүшүнө өтө чоң салым кошкон. Азирети Али, Азирети Мухаммед пайгамбардын тирүү кезинде Ыйык Куранды толук жаттаган жана Курандын өкүмдөрүн жакшы билген саналуу сахабалардын бирөөсү эле. Куранды кырааты менен уккулуктуу окуйт эле. Андан кыраат илимин үйрөнгөн окуучулары дагы болгон. Азирети Мухаммед пайгамбардан 586 хадис риваят кылган. Азирети Мухаммед пайгамбардын мезгилинде жазган жана ар дайым кылычынын кынында алып жүргөн хадис баракчалары болгондугу туурасында маалыматтар кездешет.

Азирети Али адилеттүү жана адамдардын укуктарынын корголушуна өтө маани берген башкаруучу эле. Малик аль-Аштарга жазган буйругунда мусулман жана мусулман болбогондорго

The Borders of the Caliphate of Ali (RA) at its Zenith in 661

бирдей адилеттүү мамиле кылуусун буюрган. Анткени мусулмандар анын диндеш бир тууганы ал эми мусулман болгонбор болсо ал сыяктуу адамдык касиетке ээ экендигин билдирген. Абдуллах бин Аббаска мусулман болбогондор туурасында төмөнкүдөй кат жазган: «Алар каапыр же бутпарас болушу мүмкүн. Бирок алар адам катары өлкөбүздүн жараны болгондуктан алардын укуктары, мал-мүлктөрү корголушу керек».

Азирети Али сөзгө чебердүүлүгү менен белгилүү. Анын кутбалары, жазган каттары жана үгүт-насааттары тарых баракчаларында жазылып калган.

ТӨРТ УЛУУ ХАЛИФАДАН ҮГҮТ-НАСААТ:

Азирети Абу Бакир

- Качан жана кайсы учурда эмнени сүйлөй турганыңа көңүл бур.
- Ушул үч нерсе кимде бар болсо алар өзүнө кайра кайтат; зулумдук кылуу, келишимди бузуу жана жалган айтуу.
- Жакшы иш аткарсам жардам бергиле, жаман иш аткарсам каршы чыгып токтоткула.
- Сабыр кылууда балээ болбойт, талашып, кайгыруудан пайда чыкпайт.

Азирети Умар

- Суроо сураган адамдын суроосунан анын акыл, аң-сезиминин даражасын билем.
- Башка бирөөнүн айыбын көрүп, өзүнүн айыбын көрбөгөндөн да айыптуу нерсе жок.
- Бир адамдын атак-даңкына, сырткы келбетине алданбагыла. Бир адамдын бир гана намаз, орозосуна карап баа бербегиле. Анын акылына, аң-сезимине жана чынчылдыгына карап баа бергиле.
- Акылдуулардын жалкоолугунан, бузукулардын аракетчил жана мээнеткечтигинен Алла Таалага баш калкалайм.

Азирети Осмон

- Баардык нерсе Алла Тааланын буйругу менен болгонун билип туруп, жоготкон нерсесине кайгыргандарга таң калам.
- Көп сүйлөгөндөн көрө көп иш аткарган башкаруучулар керек.
- Алла Таала жолунда соодагерлик кылып киреше тапкыла.
- Мен тараза эмесмин го ката кетирүүдөн жана жаңылыштык кылуудан алыс болоюн.

Азирети Али

- Сараң адам бул дүйнөдө жакырлар сыяктуу жашайт, акыретте байлар сыяктуу сурак берет. Өлгөндөн кийин да жашайм десеңер өлбөй турган эмгек калтыргыла.
- Балаңарды өзүңөр жашаган заманга жараша эмес, алар жашай турган заманга жараша тарбиялагыла.
- Адилетсиздиктин каршысында тизе бүкпөгүлө. Ар намысыңар менен бирге укугуңарды да акыңарды да жоготосуңар.

БИРИНИЧИ БӨЛҮМДҮН СУРООЛОРУ

34. ТЕКШЕРҮҮ ҮЧҮН СУРООЛОР

Төмөнкү суроолорго жооп бергиле.

1. Төрт халифа туурасында маалымат бергиле?

2. Азирети Абу Бакирдин өлкө аймагындагы саясий ишмердүүлүгү, бизге кандай сабак берет?

3. Ыйык Курандын мусхаф (китеп абалына) келтирилүүсү туурасында маалымат бергиле?

4. Азирети Абу Бакир доорундагы Сирия жортуулдары туурасында маалымат бергиле?

5. Азирети Абу Бакирдин кулк-мүнөзүн, бизге үлгү боло турган жүрүм-турумун көз алдыңарга элестетип айтып бергиле?

6. Азирети Умар доорундагы Ирак, Иран жана Хорасан жортуулдары туурасында кыскача маалымат бергиле?

7. Иерусалимдин каратылып алынышы туурасында маалымат бергиле?

8. Азирети Умардын ислам мамлекетинин башкаруу системасынын өнүгүүсүнө кошкон салымы туурасында ой-пикириңерди айтып бергиле?

9. Азирети Умардын кулк-мүнөзүн, бизге үлгү боло турган жүрүм-турумун көз алдыңарга элестетип айтып бергиле?

10. Азирети Умар доорундагы Иран, Кавказ жана Африка жортуулдары туурасында маалымат бергиле?

11. Мусулмандардын алгачкы деңиз жана Жер ортолук деңиз жортуулдары туурасында маалымат бергиле?

12. Азирети Осмондун Ыйык Куран үчүн кандай кызматтарды аткарган? Сиздин пикириңизде азыркы учурда Ыйык Куранга болгон кызмат кандай болушу керек?

13. Азирети Осмон доорундагы ислам коомундагы ички козголоң жана көтөрүлүштөр туурасында маалымат берип, көтөрүлүштөрдүн себептерине токтолгула?

14. Азирети Осмондун шейит болуусу туурасында маалымат бергиле?

15. Азирети Алинин халифа болуусу туурасында маалымат бергиле?

16. Азирети Алинин кулк-мүнөзүн, бизге үлгү боло турган жүрүм-турумун көз алдыңарга элестетип айтып бергиле?

35. ТЕСТ

Төмөнкү суроолордун туура жообун белгилегиле.

1. Төмөнкү окуялардын кайсы бири Азирети Абу Бакирдин доорунда болгон?

А. Ыйык Курандын чогултулуусу

Б. Кадисия согушу

В. Жалганчы пайгамбарлар менен күрөшүү

Г. Иерусалимдин каратылып алынышы

2. Динден баштартуу окуяларына байланыштуу төмөнкү маалыматтардын кайсы бири туура эмес берилген?

А. Азирети Абу Бакир доорунда болгон.

Б. Динден кайтуу окуяларынан кийин Ыйык Куран китеп абалына келтирилген.

В. Көтөрүлүшчүлөрдүн айрымдары зекет эмне үчүн парз болгондугун түшүнбөгөн чөл арабтары болгон.

Г. Халид бин Валид жана Икрима динден кайткандар менен согушкан аскер башчылардан болуп саналат.

3. Ыйык Курандын китеп абалына келтирилүүсү..... халифалык доорунда..... башчылыгында..... согушунан кийин болгон. Сүйлөмдөгү бош калтырылган орундарды толтургула?

А. Азирети Абу Бакир --- Зейид бин Сабит --- Ярмук

Б. Азирети Умар ----- Халид бин Валид ---- Ямаме

В. Азирети Абу Бакир ---- Зейид бин Сабит ---- Ямаме

Г. Азирети Абу Бакир --- Халид бин Валид ----- Ямаме

4. Төмөнкүлөрдүн кайсы бири Азирети Абу Бакирдин доорундагы окуялардан болуп саналат?

1. Ажнадйндагы Ислам армиясынын жеңиши мусулмандарга Палестинаны каратып алууга мүмкүнчүлүк түзгөн.

2. Мусулмандардын Шамды каратып алуусу Рим империясынын бул шаардагы 1000 жылдык өкүмдарлыгын токтоткон.

3. Ярмук согушунан кийин Сирия мусулмандардын колуна өткөн.

А. 1 жана 3. Б. Баары.

В. 1 жана 2 Г. 2 жана 3.

5. Азирети Абу Бакирдин кулк-мүнөзү туурасында төмөнкү варианттардын кайсы бири туура эмес көрсөтүлгөн?

А. Вахий катчысы болгон.

Б. Сыддык лакабы берилген.

В. Амирул Муминун лакабын алган алгачкы халифа болуп саналат.

Г. Такыба ээси, жоомарт жана берешен болгон.

6.Төмөнкү согуштардын кайсы бири Иранды каратып алууга өбөлгө болгон?

А. Ярмук согушу

Б. Кадисия согушу

В. Ямаме согушу

Г. Нихавенд согушу

7. ..... доорундагы .... согушуна «жеңиштердин жеңиши» деп аталган. Анткени бул согуштагы жеңиш Иранды каратып алууга себеп болгон. Сүйлөмдөгү бош орундарды толтургула.

А. Азирети Умар – Нихавенд

Б. Азирети Умар – Кадисия

В. Азирети Абу Бакир – Нихавенд

Г. Азирети Умар-Хорасан жортуулу

8. Төмөнкү варианттардын кайсы бири Азирети Умар доорундагы Византия жортуулдарынан эмес?

А. Иерусалим жортуулу

Б. Сирия жортуулу

В. Египет жортуулу

Г. Хорасан жортуулу

9. Төмөнкүлөрдүн кайсы бири Азирети Умар доорунда жасалган реформалардан болуп саналат?

1. Алгачкы жолу тартиптүү ислам армиясы түзүлгөн.
2. Григориан жылсанагы колдонула баштаган.
3. Азирети Умардын доорунда Хараж алгачкы жолу мамлекеттик салык катары кабыл алынган.
4. Сот органы түзүлгөн.
5. Мамлекеттик укук коргоочу орган түзүлгөн.

А. Баары Б. 1,3,4,5

В. 1,2,3,4 Г. 1,2,3,4.

10. Азирети Умардын белгилүү өзгөчөлүгүн белгилегиле?

А. Берешен болуусу.

Б. Адилеттүү болуусу.

В. Көрөгөч болуусу.

Г. Жумшак мүнөздүү болуусу.

11. Төмөнкү варианттардын кайсы бири Азирети Умар дайындаган кеңешменин мүчөлөрүнөн эмес?

А. Абдуррахман бин Авф.

Б. Азирети Осмон.

В. Абдуллах бин Умар.

Г. Азирети Зубайр.

12. Кайсы халифанын доорундагы кайсы согуштан кийин Африканы каратып алууга жол ачылган?

А. Азирети Умар-Сирия

Б. Азирети Осмон –Кавказ

В. Азирети Осмон-Иран

Г. Азирети Осмон-Түндүк Африка

13. Ыйык Куран кайсы халифанын доорунда китеп абалына келтирилген?

А. Азирети Умар

Б. Азирети Абу Бакир

В. Азирети Осмон

Г. Азирети Али

14. Азирети Осмондун мусулмандарга белгилүү өзгөчөлүгүн белгилегиле?

А. Адилеттүүлүк

Б. Уяттуулук

В. Жоомарттык

Г. Боорукердик

15. Жамал окуясында мусулмандар арасында башаламандык уюштурган чыккынчы ким болгон?

А. Абдуллах бин Саба
Б. Гоегериус
В. Фируз
Г. Ираклий

16. Сыффин согушу кайсы халифанын доорунда кимге каршы болгон?

А. Азирети Осмон--- Муавия
Б. Азирети Али ---- Муавия
В. Азирети Али – Азирети Аиша
Г. Азирети Али ---- Ибн Саба

17. Нахверан согушу кимдерге каршы уюштурулган?

А. Азирети Муавиянын армиясына
Б. Абдуллах бин Сабага каршы
В. Византияга каршы
Г. Харижийлерге каршы

36. БОШ ОРУНДАРДЫ ТОЛТУРУУ.

Төмөнкү бош орундарды ылайыктуу сөздөр менен толтургула.

1. ..... согушунда көптөгөн Ыйык Куранды жаттаган хафыздардын шейит болуусунан кийин Ыйык Куран китеп абалына келтирилген.

2. Мусулмандар ..... каратып алгандан кийин Византиянын бул шаардагы 1000 жылдык бийлиги кулаган.

3. ..... жеңиши мусулмандардын Шам аймагындагы жортуулдарына өбөлгө түзгөн..

4. Азирети Мухаммед пайгамбар, Азирети Абу Бакирге чынчыл деген мааниде ..... лакабын ыйгарган.

5. ..... согушу жеңиштердин жеңиши деп аталат.

6. Мусулмандардын алгачкы деңиз жортуулдары ..... халифанын доорунда башталган.

7. Мадина эли Азирети Алиге ..... негизинде биат кылышкан.

8. Азирети Алиге коюлган эң биринчи талап ..... кармалып жазага тартуу болгон.

9. Жамал согушунда Азирети Аиша тарапка чабуул уюштурган ..... болгон.

10. Сыффин согушу жана калыстар окуясынан кийин Азирети Али тарапташтарына ..... Муавиянын тарапташтарына ..... экөөнө тең каршы чыккандарга ..... деп айтылган.

37. БЕЛГИЛӨӨ

Төмөнкүлөрдүн туура болгондоруна «✔» белгисин ал эми туура эместерине «✘» белгисин койгула

1.	Ыйык Куран Азирети Мухаммед пайгамбардын доорунда китеп абалына келтирилген.	
2.	Ыйык Куран Зейд бин Сабиттин башчылыгында китеп абалына келтирилген.	
3.	Азирети Абу Бакирдин жаназа намазын Азирети Али окуган.	
4.	Азирети Абу Бакир «халифатуллах» деп эскерилген.	
5.	Азирети Умар доорунда Ислам мамлекетинин чек арасы кеңейген.	
6.	Кадисия согушунан кийин Иранды каратып алууга мүмкүнчүлүк түзүлгөн.	
7.	Египеттин каратылып алынышы Азирети Абу Бакирдин доорунда болгон.	
8.	Азирети Умардын доорунда көптөгөн реформалар болгон.	
9.	Иран Сасани империясы Азирети Осмон доорунда кулаган.	
10.	Ыйык Куран Азирети Умардын доорунда китеп абалына келтирилген	
11.	Азирети Али доорунда ислам мамлекетинин чек аралары кеңейтилген.	
12.	Азирети Али доорунда Мадинада чогулган козголоңчулардын башчысы Абдуллах бин Саба болгон.	
13.	Азирети Али Нахверан согушунда харижийлердин көпчүлүгүн жок кылган.	



БӨЛҮМ II

ОМЕЯДДАР ЖАНА АББАСИДДЕР ДООРУ

БӨЛҮМДҮН ТЕМАЛАРЫ

- **ОМЕЯДДАР ДООРУ (661-750-ЖЖ.)**
- **АББАСИДДЕР ДООРУ (750-1258-ЖЖ.)**
- **АНДАЛУС ОМЕЯД МАМЛЕКЕТИ (856-1031-ЖЖ.)**
- **АХМЕР УУЛДАРЫ МАМЛЕКЕТИ (1232-1492-ЖЖ.)**

ДАЯРДЫК ТАПШЫРМА

- Омеяддар жана Аббасиддер доорунда кайсы аймактар каратылып алынгандыгын изилдегиле.
- Кербала окуясынын себептерин жана ныйжаларын изилдегиле.
- Бир коомдо пикир келишпестик жана бөлүнүп жарылуу өлкөнүн биримдигине кандай зыяндарды алып келет. Изилдеп жеке пикириңерди жазгыла.
- Ислам маданиятынын Европага тийгизген таасири туурасында изилдегиле?
- Андалус Омеяд мамлекети дегенде көз алдыңарга эмнелерди элестетесиңер?

ОМЕЯДДАР ДООРУ (661-750-ЖЖ.)

Азирети Али шейит болгондон кийин мусулмандар анын чоң уулу Азирети Хасанды халифа кылып дайындашкан. Муавия, Египет сыяктуу бир нече аймакта бийлигин күчөтөт. Азирети Алинин ордуна халифа дайындалган Азирети Хасан 6 айдан кийин халифалыктан баш тартып, кээ бир шарттардын негизинде Муавияга өткөрүп берет. Азирети Хасан мусулман коомчулугунун биримдигин сактап калуу максатында жана ошол учурдун саясий абалына жараша Муавия менен келишим түзүүнү туура көрөт. Азирети Хасандын дал ушундай жигердүү кадамдарынан кийин мусулман коомчулугунда саясий биригүү (аммул жамаа) жылы деп айтылып, беш жыл бою экиге бөлүнгөн Ислам коому Муавиянын бийлиги астында биригет. Омеяд мамлекети түзүлгөндөн кийин Шам шаары борбор калаасы болот.

Шам, Омеяд мамлекетинин борбор шаары болгон.

Шам акими Муавия, Азирети Осмондун канын төккөндөрдөн өч алуу шылтоосу менен Сирия элин Азирети Алиге каршы тукуруп, саясий күрөштү баштайт. Сыффин согушундагы калыстар окуясында Амр бин аль-Астын тузагы аркылуу саясий күрөшүүгө мүмкүнчүлүк табат. Ошол учурдан баштап Муавия кол топтоп Омеяд уулдарынын мамлекетин түптөө аракетин көрө баштайт.

Омеяд мамлекети Омеяд уулдарынын жана алардын тарапташтарынын колдоосунун негизинде түптөлгөн. Бийлигин күчтөндүргөн Муавия жана анын кадрлары уруулук бирикмелеринин таасирин азайтуу максатында арабчылык түшүнүгүн колдогондуктан тарыхчылардын басымдуу бөлүгү Муавия Араб мамлекетин түптөгөн деген көз карашты жакташат.

Омеяд мамлекети Араб үстөмдүүлүгүнө маани беришкен. Бул доордо халифалык атадан балага мурас катары өткөн.

Уруулук чыр-чатактардын алдын алуу максатында ар бир урууну купулуна толо турган «Араб үстөмдүгү» деген статус берилген. Араб болбогондорду бийликке жакын жолотпой, бийлик Омеяд уулдары андан кийин уруу башчылары эң аягында Араб улутундагылардын арасында бөлүштүрүлгөн.

Ислам дининин негизги принциптеринде мусулмандардын баары бир статуска ээ эле. Исламдын бул принциби Омеяд уулдарынын Арабчылык түшүгүнө каршы чыккан негизги аргумент болуп саналат. Бул жагдай Мавали тактап айтканда араб болбогон мусулмандардын да Умайа уулдарына каршы чыгууларына себеп болгон. Бирок кээ бир агымдар өздөрүнүн жеке көз караштары жана максаттары үчүн Омеяд мамлекетине каршы көтөрүлүшкө чыгышкан.

Жаңы түптөлгөн Омеяд мамлекетинин саясий өзгөчөлүктөрүнүн бирөөсү бийлик атадан балага мурас катары өтүп, Салтанаттык башкаруу системасы түптөлгөн. Халифалык атадан балага мурас катары өткөн. Омеяд мамлекетинин бийлигинде ислам дини көптөгөн аймактарга жайылган.

38. Византияга каршы уюштурулган жортуулдар

Муавия күчтүү армия жана аскер-деңиз флотун түптөөгө жетишкен. Ошондуктан Византияга каршы жортуул уюштуруудан эч качан корккон эмес. 669-жылы Суфян бин Авф башчылыгындагы аскер-деңиз флоту Стамбулду курчоого алат. Бул салгылашууда Азирети Мухаммед пайгамбардын жакын досу Халид бин Зейд (Абу Аюб аль-Ансари) шейит болуп, Стамбулдун чептеринин түбүнө сөөгү коюлат.

674-жылы Стамбулга кайрадан чабуул уюштурулуп, бул чабуул жети жылга созулган. Бул чабуулдарда мусулмандарга кыйынчылык жараткан «Грек оту» болгон. Анткени Византиялыктар «Грек оту» аркылуу мусулмандардын согуш кемелерини өрттөп, артка чегинүүгө мажбур кылган.

Стамбул жортуулунан ийгиликсиз кайткан Омеяд аскердик күч түзүмдөрү Родосту багынтып алышат. Муавия, Анадолуда аскердик бөлүмдөрдү куруп, түндүк-чыгыш чек араларына аскердик бирдиктерди жайгаштырат. Византияга каршы жортуулдар үзгүлтүксүз улантылган.

39. Чыгыш жана Батыш жортуулдары

Муавия, Тунис, Алжир жана Марокко сыяктуу өлкөлөрдү өз ичине камтыган Түндүк Африканы каратып алуу үчүн белгилүү аскер башчыларынан Укба бин Нафини дайындайт. 670-жылы Укба бин Нафи Тунисти багынтып алгандан кийин Кайраван шаарын курат. Түндүк Африканы каратып алынышына жана ал жердеги элдерге ислам динининин жайылышына кубанган Укба бин Нафи миңген атын Атлантика деңизине карай сүрүп: *« О Жараткан Алла Таала! Эгерде алдыма ушул деңиз чыкпаганда сенин диниңди дагы да алыс жактарга жаймакмын »* деп айтканы белгилүү.

Чыгыш тарапка жиберилген ислам армиясы Орто Азияга чейин барышкан. Жадагалса Аму-Дарыяны кечип өтүп Хорасанды багынтып, Бухарага чейин чабуул жасашат. Андан кийин Афганистан өлкөсүнүн аймактарына кирип, Кабулга чейин жортуул жасашкан.

40. Кербала окуясы

Омеяд мамлекети түптөлгөндөн кийин Азирети Алинин тарапташтары менен бирге Зубайирилер жана Харижийлер Омеяд мамлекетинин мыйзамдуу эмес экенин жайылтуу менен алардын бийлигин кулатууну максат кылышкан. Кээ бир мусулмандар ислам коомчулугунун биримдигин сактоо максатында Омеяд бийлигине баш ийүүнү туура көрүшкөн.

Муавия өзүнөн кийин уулу Язидди халифа катары дайындап 680-жылы көз жумат. Ал учурда хашим уруусунун башчыларынан Азирети Хусейин Мадинада жашаган. Муавия кайтыш болгондо Меккеде болгон. Туруктуу саясий көз караштары болбогон Куфалыктар Язиддин халифалыгын таанып эмес. Куфалыктар Азирети Хусейинге чакыруу каттарын жиберип, Куфага келип халифа катары биат алуусун өтүнүшөт. Куфалыктардын мындай чакырууларынын

канчалык деңгээлде чындыгы бар экенин Азирети Хусейин такташтырып чыккан соң, 680-жылы Сентябрь айынын аягында үй-бүлөсү менен чогу Куфага карай жолго чыгат.

Таш боор жана ырайымсыз сыяктуу сапаттары менен белгилүү болгон Убайдуллах бин Зияд, Азирети Хусейиндин Куфага жолго чыккандыгы туурасында маалымат алат. Азирети Хусейиндин жолун тосуп, токтотуу максатында Хур бин Язид Тамимдин кол башчылыгында аскердик кошуунду жиберет. Хур бин Язид, Азирети Хусейинди өлтүрүү сыяктуу кара ниет менен жолго аттанат. Бирок Азирети Хусейин менен жолугуп, баарлашкандан кийин Азирети Хусеийндин аруу максатын түшүнүп, анын чынчыл, кайраттуу адам экенине күбө болуп, Азирети Хусейинге каршы согушуунун ордуна анын катарына кошулат.

Хур бин Язиддин Азирети Хусейин тарапка өткөндүгү туурасында кабардар болгон Убайдуллах бин Зияд 3000 аскерден турган жаңы кошуунду Умар бин Саъддын башчылыгында жиберет. Умар бин Саъд, Азирети Хусейинге элчи жиберип баш ийүүсүн талап кылган. Азирети Хусейин адилетсиздикке учурап жатканын билдирип, тынчтык келишимин түзүү сунушун киргизет. Умар бин Саъд башчыларынын буйруктарын аткарып жаткандыгын, бул нерседен улам кечирим сурап, бирок колго алууга аргасыз экенин билдирип, эгерде халифага баш ийүүгө убада бере турган болсо өзүнү жана үй-бүлөсүнү эркин койо бере тургандыгын маалымдайт.

Азирети Хусейин, Муавия бин Язиддин мусулмандардын халифасы болууга татыктуу эмес экенин билгендиктен Язидге баш ийүүсү анын ар намысына шек келтирээрин жана мусулман коомчулугунун пайгамбардын небересине болгон сүйүүлөрүн, урмат сыйын жана ишенимин жоготуп алмак. Ошондуктан Азирети Хусейин Умар бин Саъдка мындай дейт: *«Бул мени менен Язиддин ортосундагы маселе. Мага тоскоолдук кылба, бул маселени Язиддин жеке өзү менен жолугуп бир жыйынтыкка келели. Эгерде алган буйругуң мени Язидге баруума тоскоолдук жарата турган болсо анда мага уруксат бер Мадинага кайтып кетейин. Эгерде башчыларың бул нерсени да каалабаса анда мен үй-бүлөмдү алып Хорасанга кетейин.»* Умар бин Саъд эки тараптын ортосунда калып Азирети Хусейиндин сунуштарын ар тараптуу талдап, бул маселени кантип чечүүнүн жолдорун изилдеп жаткан. Бирок ою бузук, кара ниет кол башчы Шимр бин Зил Жошан, Умар бин Саъддын мындай аракетин сындап, коркоктук деп баалап, эки тараптын ортосундагы саясий туруктуулукту курчутуп жиберген.

Ошентип 680-жылы 10-Октябрда эки тараптын ортосунда салгылашуу башталат. Азирети Хусейиндин жанында үй-бүлөсү менен бирге 100 тарапташтары бар эле. Эки тараптын ортосундагы күчтөрдүн теңсиздигине карабай Азирети Хусейин жана тарапташтары баатырдык менен согушушкан. Согушта Азирети Хусейиндин балдары жана тарапташтары шейит кетет. Убакыт түшкө жакындаганда Азирети Хусейин дуба кылып, үй-бүлөсү менен коштошуп акыркы согушуна аттанат. Азирети Хусейин биринчи болуп кол салуудан баш тартат. Душман тараптагылар да Азирети Мухаммед пайгамбардын небересине кол салууга батына албай күтүп турушат. Кара ниет кол башчы Шимр бин Зил Жошандын буйрук жана үгүтү менен аскерлер Азирети Хусейинге кол сала баштайт. Азирети Хусейин баатырдык менен алардын мизин кайтарганга аракеттенет бирок алардын саны көп болгондуктан аларды жеңүү мүмкүн эмес эле. Оор жаракат алып, атынан жерге кулайт. Ирактык атчан аскерлер аттарынын буттарынын астында тепселетип, эң аягында башын кесишкен. Азирети Хусейиндин кесилген башын жана үй-бүлөсүнөн тирүү калгандарды Язидке жиберишет.

Халифа Абдулмаликтин доорунда Омеяд мамлекети өнүгүү жолуна түшөт. Халифа Валиддин (705-715-жж.) доорунда мамлекет өнүгүп, чек аралары кеңейтилген.

Язид болуп өткөн окуяларга өкүнгөнсүп кайгырат. Азирети Хусейиндин ооруп калган уулдарынан Али тирүү калган эле. Язид болуп өткөн окуяларга анын эч кандай тиешеси жок экенин айтып Алиден кайра кайра кечирим сурайт. Убайдуллах бин Зияд өз башынча буйрук чыгарып ушул абалга алып келгенин айтса да ага эч ким ишенбейт. Бул окуядан кийин Ислам коомчулугу шииттер жана сунниттер деп эки ажырымга түшүүсү анык болуп калган.

41. Омеяд мамлекетинин өнүгүү доору (I Абдулмалик жана I Валид доору)

Хижаз аймагы Язиддин халифалыгын эч качан тааныган эмес эле. Кербаладагы окуялардан кийин нараазычылыктар күчөп, элдин кыжырдануусу күчөгөн. Азирети Аишанын жээни Азирети Абу Бакирдин небереси Абдуллах бин Зубайр Омеяд салтанатына каршы чыгып, өзүнү халифа деп жарыялаганда Хижаз жана Түштүк Арабия анын халифалыгын кабыл кылышат. Бирок 683-жылы Язиддин аскер башчысы Муслим бин Укба Мединага жакын жерде Абдуллах бин Зубайрдын аскерлерин жеңип, Мединаны талап-тоношкон. Язиддин аскерлери Абдуллах бин Зубайрдын артынан түшүп, Меккени курчоого алышат.

Язид кайтыш болгондон кийин ордуна уулу II Муавия халифа болот. Бирок кыска убакыттан кийин ал да көз жумгандыктан ордуна Марван бин Хакам (683-685-жж.) халифа болот. Абдуллах бин Зубайрга каршы күрөшүн улантат. Ирак жана Сириядага ички чыр-чатак, көтөрүлүштөрдү токтотот. Ал дагы көз жумгандан кийин ордуна уулу Абдулмалик халифа болот.

Абдулмалик халифа болгондон кийин Омеяд мамлекети өнүгүү жолуна түшөт. Абдулмаликтен кийин уулу Валиддин (705-715-жж.) доорунда да мамлекет өнүгүп, өркүндөп, чек аралары кеңейтилген. Көптөгөн жерлер каратылып алынган. Мамлекеттик башкаруу системасын кайрадан рефармалоого аракет жасалды. Бирок өлкө аймагындагы чыр-чатактар, көтөрүлүштөр толугу менен токтогон эмес. Көтөрүлүштөрдү токтотуу жана алдын алуу максатында ар түрдүү иш чаралар жүргүзүлгөн.

42. Меккенин каратылып алынуусу

Абдулмалик аскер башчысы Хажжаж бин Жусупка Абдуллах бин Зубайр бийлигин жүргүзүп жаткан Хижаз жана Иракты каратып алуу тапшырмасын берет. Хажжаж бин Жусуп Меккени курчоого алып катуу сокку урат. Меккеликтер Абдуллах бин Зубайр башчылыгында Меккени коргоо үчүн каршыллык көрсөтүшөт. Бирок Хажжаж бин Жусуптун армиясы күчтүү болгондуктан Мекке каратылып алынат. Абдуллах бин Зубайр өлтүрүлүп, кесилген башы Шамга жиберилет. Мекке менен бирге Хижазды да каратып алат. Буга улай Йемендин элин дагы баш ийдирет. Жаңы бийликтин өкүлдөрүнө нараазы болгондор батыш жана Хорасан тарапка жер которуп кетишет. Жер которуп барган аймактарда Омеяд бийлигине каршы күрөштөрүн ачык жана жашыруун жүргүзүшкөн.

43. Анатолия, Кавказия жана Түндүк Африка жортуулдары

Халифа Абдулмаликтин доору жортуулдарга бай болгон. Түндүктөгү Ислам армиясы Византияга каршы дайыма чек арасын коргоп келген. Бирок мусулмандардын арасындагы баш аламандыктардан улам Византия аскердик күчтөрүн удаама удаа жиберип чек араны ашып өтүшкөн. Баш аламандык токтогонго чейин коргонуу күрөшүн жүргүзгөн мусулмандар кийинчерээк Анатолиянын ичине чейин киришкен. Өзгөчө халифа I Валиддин доорунда Маслама бин Абдулмаликтин кол башчылыгында чыгыш, орто жана түштүк Анатолиядагы көптөгөн шаарларды каратып алышкан. Маслама бин Абдулмаликтин Анатолиядагы ийгилиги үчүн халифа I Валид өзүнүн тайекесинин ордуна Мусулга губернатор кылып дайындайт. 711-жылдары Мусулдун түндүк чек араларындагы Түрктөрдүн чабуулдарын токтотуу максатында Азербайжан жана Кавказга жортуул уюштуруп, Бендер шаарына чейинки аймактардык багынтып алат.

Халифа I Валид тарабынан Африкага аким болуп дайындалган Муса бин Нусайр Атлантика океанына чейин жортуулга чыгып, Берберилерди баш ийдирет. Натыйжада 709-710-жылдар аралыгындаТүндүк Африканы каратып алышкан.

Кийинчерээк Муса бин Нусайр, Тарык бин Зияддын аскер башчылыгында кошуун күчтөрүн Испанияга жиберет. Тарык бин Зияд 710-жылы чалгындоо сапарына чыгып, бир жылдан кийин Гибралтар (Жабали Тарык) кысыгын кесип өтүп Испанияга кол салууга аттанат. Испанияга жеткенден кийин артка кайтууга жол жок деген мааниде кемелерин өрттөп, аскерлерине жеңишке жетүүдөгү чечкиндүүлүгүн көрсөткөн. Испания падышасы Родрик мусулмандарды артка кайтаруу максатында чабуулга чыгат. Ислам армиясы кыска мөөнөттө Родриктин аскердик күчтөрүн талкалайт. Испанияны каратып алууга чоң мүмкүнчүлүк түзүлгөн.

44. Орто Азия жортуулдары

Хажжаж мусулман болуп бирок салык төлөөдөн баш тарткан Кабул падышачылыгын жазага тартуу максатында аскер башчысы Абдуррахман бин Мухаммедди жиберет. Абдуррахман бин Мухаммед Кабулга барып бийлик төбөлдөрүн баш ийдирет.

Кутайба бин Муслим Аму-Дарыянын ары жагына бет алып, Балх, Бухара жана Самарканд шаарларын каратып алат. Андан кийин Харезм өлкөсүнө чабуул жасап Хиваны ээлеп алат. 713-жылы Бухарадан ары Фергана өрөөнүн баш ийдирет. Кутайба бин Муслим Ферганадан ашып өтүп Кашгар шаарын каратып алып, Кытайдын чек арасына чейин жеткен. 715-жылы Кытай бийлиги элчилери аркылуу түрдүү белектерди жиберип келишим түзүүгө аргасыз болот.

Халифа I Валиддин доорундагы ийгиликтүү жортуулдардын бири бул Индия жортуулу болуп саналат. Мухаммед бин Касым башчылыгындагы ислам армиясы Индиянын бир канча аймактарын багынтып, кээ бир Индиянын падышачылыктарын салык төлөөгө милдеттендирген.

45. Мамлекеттик башкарууда жүргүзүлгөн реформалар

Халифа Абдулмалик (685-705-жж.) башкаруу системасында социалдык-экономикалык багыттарда да бир топ реформалар жасаган. Ислам ааламында алгачкы жолу өзүнүн атынан акча чыгарган. Ага чейин башка өлкөлөрдүн акча бирдигин колдонуп жадагалса чыгарып келишкен. Мисалы Азирети Умардын доорунда ар бир аймактын өзүнө таандык акча чыгаруучу мекемеси болгон. Халифа Абдулмалик булардын баарын жаап, ордуна алтын жана күмүштөн жаңы акча чыгарган. Абдулмалик жасаган реформалардын дагы бирөөсү тил жаатында болгон. Ага чейин мамлекеттик кеңешмелерде жергиликтүү тил колдонулуп келген, мисалы Египетте кыпти тили,

Шамда грек тили жана Иракта Перс тилдери колдонулган. Мамлекеттик кеңешмелерде араб тилинен башка тилдерди колдонууга тыю салып, араб тилин мамлекеттик кеңешмелерде колдонулуучу расмий тил катары киргизген. Ошондой эле почта кызматын негиздеп, мамлекеттик казынага төлөнүүчү салыктарды төлөө жолдорун жеңилдеткен.

Халифа I Валид боорукер жана айкөл падыша болгон. Анын доорунда бир катар архитектуралык курулуштар курулуп, билим берүү мекемелери жана медициналык борборлор, ооруканалар ачылган. Мамлекетте мыйзамдуулукту орнотуп, адилеттүү бийлик жүргүзүүгө аракеттенген.

46. Омеяд мамлекетинин акыркы учуру

Халифа I Валид көз жумгандан кийин ордуна бир тууганы Сулайман (715-717-жж.) бийликке келген. Бийлик жүргүзүүдө өтө чабал болгон. Анын доорунда өтө көп каражат коротулган, Стамбул жортуулу ийгиликсиз аяктаган. Бир гана Испаниянын губернатору аль-Хур бин Абдуррахман, Пиреней тоо кыркасын ашып өтүп Францияга чейин кирип барган.

717-720-жылдары халифа болгон Умар бин Абдулазиз аракетчилдиги жана адилеттүүлүгү менен башка бардык Омеяд халифаларынан айырмаланып турган. Өлкө ичинде аткарган иштери үчүн мусулман коомчулугунун урмат сыйына, сүйүүсүнө ээ болгон. Муавиянын доорунда жума намазынын кутбаларында Азирети Алиге лаанат айтуу салты башталган эле. Халифа Умар бин Абдулазиз мына ушул лаанат айтуу салтын токтоткон. Азирети Умар доорунда Азирети Мухаммед пайгамбардын үй-бүлөсүнө бөлүнгөн мал-мүлктү кайрадан ахлу-байтка өткөрүп берген. Мусулман болбогондордон алынып келген ашыкча салык төлөмдөрүн баарын жокко чыгарган. Умар бин Абдулазиз калк арасында тең укуктуулуктун корголушуна маани берип, өзү да жөнөкөй жашаган. Бийликти башкарууда жана адилеттүүлүктө чоң атасы Азирети Умардын жолун жолдогондуктан Умар бин Абдулазизди II Умар деп аташкан.

47. Омеяд мамлекетинин кулашы

1. Омеяд мамлекетинин кулашынын эң негизги фактору катары уруулук башкаруу түшүнүгүн көрсөтүүгө болот. Бийликтин башкаруу бутактарында өзгөчө аскердик башкарууда уруулук бирикмелердин таасирдүү күчтөрү уруулар арасындагы кагылышууларды дайыма курчутуп турган. Таасирдүү күчтөрдүн бийликке келүүдө урууларды колдонуусунун натыйжасында мусулман коому Түндүк-Түштүк (Мудари-Йемен) деп экиге бөлүнүп жарылууга жол ачкан.

2. Омеяд мамлекети улутчулдук идеологияга негизделген мамлекет болуп саналат. Муавиянын доорунан кийин араб улутчулдук идеологиясынын таасири, үстөмдүгү байкала баштайт. Араб болбогон мусулмандарга дайыма басмырлоо саясатын жүргүзүшөт. Бул мамиле Араб болбогон мусулмандардын бийлик жана арабтарга болгон көз караштарын өзгөртүп, кыжырдануларын күчөткөн. Ошондуктан Омеяд мамлекетинин кулашында негизги ролду мевали (араб болбогондор) ойногон.

3. Кээ бир Омеяд халифалары көп убакыттарын оюн-зоок, көңүл ачуу менен өткөргөндүктөн мамлекеттик иштерге көңүл бурбай калышкан. Исламдын негизги баалуулуктарынан алыстап, оюн-зоок, көңүл ачуу менен алек болгон халифалар туурасында коомчулукта кыжырдануу жаратуусу бийликтин кулашына себеп болгон.



Сүрөт 1 Омеяд мамлекети кулаган мезгилдеги Ислам географиясы (750-жылдар)

4. Азирети Али тарапташтары, Харижийлер, Абдуллах бин Зубайр, Ибнул аш-Ас, Харис бин Сурейж жана Язид бин Мухаллаб сыяктуу атактуулардын жана аскер башчылардын бийликке каршы көтөрүлүштөрү мамлекеттин алсыздашына алып келген.

Омеяд мамлекетинин тарыхын жакшы билген бийлик өкүлдөрүнүн бирөөсүнө төмөнкүдөй суроо узатылат:

Силердин мамлекетиңердин кулашына эмне себеп болду?

Ал төмөнкүдөй жооп берген:

«Биз элдин социалдык-экономикалык абалын изилдеп, алар менен алектенүүнүн ордуна оюн-зоок, көңүл ачуу менен убакыт өткөрүп аларга зулумдук кылдык. Мына ошондуктан эл бийликтин адилеттүүлүгүнөн үмүтүн үзүп, бийликтен кутулуунун жолун самап калышкан. Салыкчыларга жаман мамиле жасашып, бийликтен алысташты. Мына ушундайча айдоо аянттарыбыз, талааларыбыз куурап, мамлекеттин казынасы толбой калган. Биз губернатор жана акимдерге ишенгенбиз, тилекке каршы алар биздин ишеничибизди актаган жок, өздөрүнүн жеке кызыкчылыктарын мамлекеттин кызыкчылыгынан жогору коюшту, бизден сурабай өз башынча саясат жүргүзүшүп аткарган иштерин бизден жашырышты» деп жооп берген.

48. Омеяд мамлекетинин доорундагы маанилүү окуялар

1. Стамбулдун курчоого алынуусу: Омеяд мамлекети Стамбулду эки жолу камалаган бирок эч кандай натыйжа ала алган эмес.

2. Кербала окуясы (680-ж): Язиддин халифалыгын кабыл албаган Азирети Алинин уулу Азирети Хусейиндин жана тарапташтарынын Кербелада шейит болуусу. Бул кайгылуу окуя Ислам аалымынын сунниттер жана шииттер деп экиге бөлүнүүсүнө себеп болгон.

3. Түндүк Африканын каратылышы: Укба бин Нафи башчылыгындагы Омеяд армиясы Түндүк Африканы толук каратып алып, Атлантика Океанына чейин жортуул жасашкан.

4. Кадикс согушу: 711-жылы Тарик бин Зияд башчылыгындагы аскердик күчтөр Гибралтар кысыгын кесип өтүп Испаниянын Кадикс деген аймагында Вестготтор менен согушуп, падыша Родрик өлтүрүлүп мусулмандар жеңишке жеткен. Муса бин Нусайрдын көмөгү менен Испания кыска убакыттын ичинде каратылып алынган. Мусулмандар Испанияны «Андалусия» деп аташкан.

5.Поитерс согушу: 732-жылы Абдуррахман аль-Гафикинин башчылыгындагы ислам армиясы Пирене тоолорун ашып өтүп, Франциянын Поитерс деген аймагында Чарлез Мартелленин башчылыгындагы Француз армиясы менен согушуп жеңилүүгө учурайт. Жеңилүүнүн натыйжасында мусулмандардын батыш Европага болгон саясий жана аскерий жортуулдары токтогон.

6. Анатолия, Кавказия, Мавераунахр жана Түркистандагы жортуулдар: Омеяд бийлиги доорунда Византияга каршы Анатолия аймагында да жортуулдар уюштурулуп көптөгөн шаарлар каратылып алынган. Кавказия, Мавераунахр жана Түркистан аймактарындагы жортуулдардын натыйжасында бир нече аймактар мусулмандардын карамагына өткөн. Омеяддарга каршы түрктөрдүн согушу бир кылым бою улантылган. Арабдар Байкент, Бухара, Самаркант жана Фергана сыяктуу шаарларды багындырып талап тоношкон. Көз карандысыз эркин жашаганга көнүп калган түрк элдери арабдардын эгемендүүлүгүнө кирбөө үчүн эбегейсиз күрөшүүнү улантышкан.

7. Абдулмалик доорунда араб тили расмий тил катары кабыл алынып, алгачкы жолу ислам-араб акчасы (динар) басылган.

8. Хорасандык Абу Муслимдин баш көтөрүүсү менен башталган көтөрүлүш кыска убакыттын ичинде башка аймактарга да жайылып акыркы Омеяд халифасы II Марван жеңилип өлтүрүлгөндөн кийин Омеяд мамлекети кулаган.

ОКУУ ТЕКСТИ

УМАР БИН АБДУЛАЗИЗ

Ислам ааламынын бешинчи халифасы катары таанылган Умар бин Абдулазиз Омеяд халифалары арасында жаркырап жанган жалгыз жылдыз экендиги баарына белгилүү. Халифалык жана губернаторлук доорунда аткарган иштери тарых баракгарына жазылган. Кыска мөөнөттүк халифалык доорунда ислам ааламындагы бөлүнүп жарылууларды токтотуу үчүн алгылыктуу иштерди аткара алган.

Бийликтеги кызматтык орундарга дайындоодо Омеяд уулдарын жакындатпай, тескерисинче Омеяд уулдарын кызматтык орундардан бошоткон. Бул туурасында Суйути төмөнкү маалыматтарды келтирет: Омеяд уулдарынын бизге кызматтык орун бер деген талаптарына Умар бин Абдулазиз кааласаңар силерди аскердик кызматка алайын деп жооп берген. Омеяд уулдары эмне үчүн биз аткара албай турган кызматтарды сунуштап жатасын деп нараазы болушканда Азирети Умар бин Абдулазиз мен силерге динимди, мусулмандардын ар намысын кантип аманат кылып калтырайын? деп жооп берет. Омеяд уулдары биз бир уруудан келген бир туугандын уулдары эмеспизби? Деп жооп кайтарышканда Умар бин Абдулазиз мындай маселеде мен үчүн Омеяд уулдары менен эң алыстагы бир мусулмандын эч кандай айырмасы жок деп чечкиндүүлүгүн көрсөткөн.

Омеяд халифалары жана үй-бүлөсү өздөрүнө керектүү болгон буюмдарды, мал-мүлктү мамлекеттик казынадан каалаган учурларында алып жүрүшкөн. Умар бин Абдулазиз халифа болгондон кийин себеби жана уруксаты жок мамлекеттик казынадан (байтул мал) бир нерсе алууга тыю салган. Өзү да мамлекеттик казынадан эч нерсе алган эмес.

Умар бин Абдулазиз илим-билим, маданиятты өнүктүрүү жаатында да алгылыктуу кызматтарды аткарган. Азирети Мухаммед пайгамбардын хадистеринин тадвини (топтоо) анын буйругунун негизинде ишке ашырылган. Ага чейин Азирети Мухаммед пайгамбардын хадистери ар кимдин колунда болгон, Умар бин Абдулазиз аймактардагы акимдерине хадистерди топтоого буйрук берген. Хадис тарыхы, тадвини жана хадис илиминин калыптануусуна Умар бин Абдулазиздин кошкон салымы, эмгеги эбегейсиз экендиги талашсыз. Азирети Мухаммед пайгамбардын хадистерин жайылтуу жана башкаларга үйрөтүү максатында жадагалса чөлдө жашаган мусулмандарга да хадис үйрөтүүчүлөрдү дайындап, хадис илиминин өнүгүүсүнө өбөлгө түзгөн.

Умар бин Абдулазиз кол астындагы кызматкерлерине жана бийлик өкүлдөрүнө адилеттүү жана сый урмат менен мамиле кылган. Кандайдыр бир буйрук же жарлык чыгарганда аны аткаруунун жеңил жана кыска жолдорун көрсөтүп, буйрук берген адамдарына кеңештерин айтып көмөктөшөөр эле.

Мусулмандарды илим-билим алууга үгүттөп, акырет жана дүйнө иштерин илим аркылуу тартипке салуу мүмкүн экенин белгилеген. Губернатор болуп турган учурунда ислам илимдери менен алектенген Умар бин Абдулазиз халифалык милдетин аткара алгандан кийин илимий изилдөө иштерин экинчи планга алууга аргасыз болгон. Бирок Умар бин Абдулазиз чыгарган өкүмдөр жана ижтихаддар ошол учурдун жана кийинки доордун аалымдары тарабынан этибарга алынып келинген.

Чыныгы диндар мусулман катары ар бир ишинде Алла Тааланын астындагы жоопкерчилигин сезе билген инсан эле. Ар дайым ислам динининин эрежелеринин негизинде иш алып барып, халифалык милдетин да чын ыклас менен орундаткан. Халифа болгонго чейинки жеке жашоосунда Омеяд канзадалары арасында эң жөнөкөй жашаган жана напсисине ээ чыгууда атагы чыккан.

Умар бин Абдулазиз алгачкы кутбасында Алла Таалага мактоолор айткандан кийин төмөнкүлөрдү баяндаган: Эй калайык журт! Бизге бул жолдо жолдош жана дос боло тургандар төмөнкү беш шарттын ээси болуусу керек:

- Бизге абалдары туурасында айта албай жаткандарга жардам берип, алардын абалы туурасында бизге маалымат берүү.
- Жакшылык иштерде бизди колдоп, көмөк берүү.
- Жакшылыкка чакыруу.
- Кимдир бирөөнүн артынан сүйлөбөө.
- Маанисиз жана пайдасы жок нерселер менен алек болбоо. Мына ушундай шарттар менен бизге кошулгула болбосо бизден алыс тургула!

Умар бин Абдулазиздин төмөнкү сөздөрү анын кулк мүнөзүн кандай соонун сүрөттөгөн: «Кечиримдүүлүктүн эң жакшысы, бир адамды жазалоого кудурети жетип туруп бирок андан баш тартканы».

АББАСИДДЕР ДООРУ (750-1258-ЖЖ.)

49. Аббасиддер мамлекетинин түптөлүүсү жана өнүгүүсү

Азирети Мухаммед пайгамбардын таекеси Аббастын урпагынан келгендер тарабынан негизделген Аббасиддер мамлекети, Абул-Аббас Саффахтын 750-жылы халифалыкты колго алуусунан тартып, 1258-жылы Моңголдор тарабынан кулатылышына чейин беш кылым өкүм сүргөн. 717-жылдары Азирети Аббастын неберелеринен Али тарабынан Аббасиддер мамлекетин куруу кадамдары ташталган. Бул мезгилге чейин Аббаси уулдары саясат менен алектенген эмес.



The Muslim World at the Time of the Umayyad Collapse (750s)

Бирок Омеяд уулдары Аббасилерди Шамдан кууп чыгышкандан кийин саясатка аралашууга мажбур болушат. Али Иорданиянын Хумайма деген айылында алгачкы саясий ишмердүүлүгүн баштаган. Аббасилерди пропаганда кылуу максатында ар тарапта адамдарын жиберет. Жер жерлерге барган Аббаси пропагандачылары Омеяд уулдарынын баскынчы саясатына каршы күрөш жүргүзүп жатканын жарыялашып элдин колдоосун алганга аракеттенишкен. Аббаси пропагандачыларынын негизги иш алып барган шаарлары Куфа жана Хорасан болгон. Абу Муслим Хорасани Аббасилерди пропагандалоо максатында атайын Хорасанга жиберилет. Хорасандык Абу Муслим сыяктуу пропагандачылардын иш-аракетинин натыйжасында Омеяд мамлекети кулап Азирети Аббастын урпактарынан Абул Аббас Абдуллах халифа болуп дайындалган. Омеяд мамлекетинин доорунда өлкөнүн чек арасы аябай кеңейтилген болчу. Ошондуктан Аббасиддер доорунда чек арасы анчалык деле кеңейтилген эмес. Аббасиддер доорунун аяк чендеринде Түрктөр бийликте күчтүү орундарды ээлей башташкан жадагалса Түрктөр бийликке келгенден кийин Аббасиддер мамлекетинин кулашын кечиктирген.

Биринчи халифа Абул-Аббас Абдуллахтын алгачкы жумушун бийликтеги Омеяд уулдарыны тазалоо менен баштаган. Ошондуктан кан төгүүчү деген мааниде «саффах» лакабы ыйгарылган. Мамлекеттин борбор кааласын Шамдан Куфанын түндүгүндөгү Хашимиййе шаарына көчүргөн.

Халифа Мансур, Махди, Харун Рашид, Мамун, Мутасым жана Васык сыяктуу халифалардын доору Аббасиддердин «Алтын доору» болуп саналат.

Абул-Аббас Абдуллах халифалыгынын төртүнчү жылында көз жумгандан кийин ордуна бир тууган иниси Абу Жафар аль-Мансур (754-775-жж.) халифа болуп дайындалат. Мамлекеттин борбор шаарын Багдадга көчүргөн. Багдат Аббасиддер мамлекети кулаганга чейин борбор шаар бойдон калган. Аббаси уулдарынын бийликке келүүсүндө өтө чоң салымын кошкон Абу Муслим Хорасани мусулмандар арасында таасирдүү күчкө ээ эле. Мансур бул нерсеге тынчсызданып, аны сарайына чакыртып көзүн тазалатат. Аббасилер, Омеяд мамлекетин кулатуу менен бирге Омеяд уулдары негиздеген атадан балага мурас катары калган халифалык системасын улантышкан. Анткени алгачкы Аббаси халифасы Абул-Аббас осуятында өзүнөн кийин бир тууган иниси Абу Жафарды тактынын мурасчысы катары дайындайт. Андан кийинки тактыга отурган 30 халифанын баары Абу Жафардын урпактарынан болгон.

Аббасиддер халифалыгын эки доорго бөлүп кароого болот. Биринчи доор 750-847-жылдар аралыгында халифа Мансур, Махди, Харун Рашид, Мамун, Мутасым жана Васык сыяктуу халифаларды өз ичине к амтыган бул доор Аббасиддердин жадагалса бүткүл ислам ааламынын «Алтын доору» катары белгилүү. Анткени ислам маданиятынын өнүгүүсү ушул жылдарга туш келет. Экинчи доору 847-жылдан тартып, 1258-жылы Моңголдор тарабынан Аббасиддердин кулатылышына чейинки доор болуп саналат.

751-жылы чыгыштан батышты көздөй жортуулга чыккан кытайлар менен Араб жарым аралынан чыгышты көздөй бет алган арабдар Талас дарыясынын жээгинде салгылашышкан. Бул салгылашууда Орто Азияны кытайдын карамагына өтүүсүнү каалабаган карлук жана ягма түрктөрү арабдардын тарабында согушуп, кытайларга каршы арабдардын жеңишине өбөлгө түзгөн. Бул салгылашуунун натыйжасында кытайдардын Орто Азияны басып алуу аракетин токтоткон. Талас салгылашуусунан кийин түрктөр ислам динин кабыла ала башташкан. Колго түшкөн кытай туткандарынан кагазды иштеп чыгаруунун жол жобосу үйрөнүлгөн. Аббасиддер, баардык мусулмандарга бирдей мамиле жасап, Омеяд халифалыгы тушундагы араб мамлекети, араб улуттук идеологиялык саясаты түшүнүгүн жоюп ордуна ислам принциптерине негизделген мамлекеттик идеологияны алып келишкен. Халифа Мансур, Түркистандын Балх шаарынын тургуну Халид бин Бермекти маанилүү мамлекеттик кызматка дайындайт. Мансурдан кийин катары менен Махди жана Хади халифа болгон. Андан кийин халифа болгон Харун Рашид Аббаси халифалары арасындагы эң көрүнүктүүсү болуп саналат.

50. Харун Рашид доору (786-809-ж.ж.)

Аббасиддердин эң өнүгүп өнүккөн мезгили халифа Харун Рашиддин доорунда болгон. Халид бин Яня, Харун Рашиддин окутуучусу болгон. Харун Рашид жаш кезинен тартып жогорку билимге ээ болгон. Халифа болгондон кийин окутуучусу Яхяны өзүнө вазир кылган. Яхянын Жафар жана Фазыл атындагы эки уулун да мамлекеттин жогорку кызматтарына алып келген. Бермек уулдарынын башкаруусунда Аббасиддер халифалыгы адилеттүү башкарылып өнүккөн. Козголоңчулардын көтөрүлүштөрү бастырылып, эл тынчтык жана бейпилдикте жашоо сүргөн.

Халифа Харун Рашиддин атак-даңкы бүткүл ааламга даңазаланган. Батыш жана Ортоңку Европага бийлик жүргүзгөн Франциянын императору Шарлман христиан ажыларынын Иерусалимди ээн эркин зыярат кылууларына уруксат берүүсү үчүн Харун Рашидке элчи жиберген. Харун Рашид Иерусалимди зыярат кылууга уруксат берип, келген элчи аркылуу Шарлманга белектерди жиберген. Белек-бечкектер арасындагы коңгуроосу бар саат өзгөчө Европа элин таң калтырган. Бул маалыматтар бир гана Европа булактарында кездешет. Ислам булактарында мындай элчилик туурасында маалымат кездешпейт. Ошондуктан бул маалыматтар ислам тарыхчылары арасында күмөн жаратат. Бирок халифа Харун Рашид тарых баракгарында улуу башчылардын катарын толуктайт. Мамлекеттин өнүгүп өсүүсүнө көп жылдар бою кызмат кылып келген Бермек уулдарынын орунсуз айыптоолордон улам өлтүрүүсү халифа Харун Рашиддин чоң саясий катачылыгы болгон. Харун Рашиддин сарайы архитектуралык кооздукка бай болуусу менен бирге илим, билим, маданият жана көркөм чыгармачылыктын борбору болгон. Акындык, көркөм адабий чыгармачылыкты обройлуу кесип катары калыптандырган жана адабиятта өз ордун табуусуна өбөлгө түзгөн халифа Харун Рашид болгон. Анын доорунда Абу Ханифанын окуучусу Абу Юсуф тарабынан негизделген ханафилик мазхабы көптөгөн аймактарга жайылган. Аббасиддердин кудуреттүү жана эң өнүккөн доору Харун Рашиддин тушунда болуусу менен бирге алгачкы бөлүнүп жарылуу, ажырымдардын башталышы да ушул мезгилге туш келет. 800-жылы Аббасилерден бөлүнүп Тунуста өзүнчө Аглабилер мамлекети курулган.

51. Түндүк Африка

Түндүк Африка Аббасиддердин доорунда дайыма көтөрүлүштөрдүн, ички чыр чатактардын борбору болуп турган. 765-жылы губернатор болуп дайындалган Ибрахим бин Аглаб бул аймакта эки жыл бийлик жүргүзгөндөн кийин харижийлердин ибадийе бутагы менен болгон согушта шейит болот. Ордуна дайындалган Умар бин Хафс да үч жыл бийлик жүргүзгөндөн кийин харижийлер менен согушууга аргасыз болот. Харижийлер Кайраванды курчоого алып, кыска убакытта шаарды басып алышат. Халифа Мансур тарабынан жиберилген Язид бин Хайсам бин Абу Суфранын башчылыгында ислам армиясы харижийлерди талкалап, башчысын өлтүрүп, көп өтпөй Африкада саясий кырдаалды көзөмөлгө алат. Язид бин Хайсам бин Аби Суфра Африкада 15 жыл бою туруктуу бийлик жүргүзөт. Андан кийин халифа Харун Рашиддин дооруна чейин Африкада саясий кырдаал курч абалында калган.

Халифа Харун Рашиддин доорунда Түндүк Африканын губернатору болуп дайындалган Ибрахим бин Аглаб Харун Рашидке элчи жиберип Түндүк Африканын администрациясын өзүнө тапшырса, коомдук тартипти камсыз кылгандан кийин Аббасиддердин казынасына жылына кырк миң динар төлөп берээрин билдирет. Түндүк Африкадагы саясий баш аламандыкты жакшы билген мурдагы губернатору Харсам б. Аян бул сунушту кабыл алуу керектигин халифа Харун Рашидге маалымдайт. Ошентип, Ибрахим б. Аглаб Африкада автономиялуу башкарууну негиздеген. Ибн Аглаб дайындалгандан кийин бир дагы Аббасид халифалары Египеттин батыш чек араларынын ары жагында бийлик үстөмдүгүн орното алышкан жок. Аглабилер өздөрүн Африкадагы Аббасиддердин бийлик жүргүзүүчү эмири катары көрүшсө да бастырган акчаларында өздөрүнүн аттары менен бирге кээ бир учурларда Аббаси халифаларынын аттарын да колдонушкан. Аглаби Борбордук Жер Ортолук деңизинин аймагында жүз жылга чейинки мезгилде 800-909-жылдары борбору Кайраван шаарында бийлик жүргүзүшкөн. Аглабилердин башкаруусундагы Түндүк Африка, латынча сүйлөгөн жана христиан динин тутунган өлкөдөн, мусулман жана ислам динин катуу тутунган өлкөгө айланган.

52. Илим жана искусство

Жогорку билим берүү тармагындагы алгачкы белгилүү институт - Байтул-хикма, Багдадда Халифа Мамун (813-833-ж.ж.) тарабынан негизделген.

Аббасиддердин саясий жортуулдарга караганда маданият, көркөм чыгармачылык, илимий изилдөө иштерине көбүрөөк көңүл бурушкан. Халифа Мансурдун убагында Багдад шаары түптөлүп, мамлекеттин борбору болгон. Бул мезгилде алгачкы жолу грек философторунун эмгектери араб тилине которула баштаган. Халифа Харун Рашиддин доорунда илим менен алектенген илимпоздор жана көркөм чыгармачыл инсандар колдоого алынып баардык шарттар түзүлүп берилген. Багдад маданий жана илимий борборго айланган. 797-804-806-жылдары Византияга каршы үч жолу жортуул уюштурулган жана Византияга салык салынган. Византиянын чек араларында Авасым жана Сугур деп аталган чек ара шаарлары курулуп, ал жерге түрктөр жайгаштырылган. Халифа Мамун доорунда грек философторунун бардык эмгектери араб тилине которулган. Багдадда көптөгөн илимий борбор болгон медреселер жана китепканалар ачылган. Багдадга жергиликтүү жана чет элдик окумуштуулар келип, маанилүү маданий жана илимий изилдөө иштерин жүргүзүшкөн. Мутазила мазхабы күчтөнгөн. Халифа Мутасимдин убагында мамлекетти башкаруудагы жана армиядагы таасирдүү күч Ирандыктардын колунан түрктөргө өткөн. Түрктөрдөн куралган атайын армия түзүлгөн.

Харун Рашидден кийин анын уулу Мамун халифа болгон. Халифа Мамундун тушунда өлкө көтөрүлүш жана чыр-чатактардын очогу болуп калган. Ушуга карабастан, убактысын үзүрлүү жана пайдалуу жумуштарга арнаган халифа Мамун көптөгөн мекемелерди түптөгөн. Ал ар кайсы өлкөлөрдөн жана аймактардан көптөгөн окумуштууларды жана илимий эмгектерди алып келген. Бир жагынан илимди, экинчи жагынан искусствону шыктандырган. Бири Багдаддын жанында, экинчиси Дамаскта эки обсерватория курдурган. Мечиттерден тышкары жогорку билим берүү тармагындагы биринчи белгилүү институт - Байтул-хикма, Багдадда Халифа Мамун (813-833-ж.ж.) тарабынан негизделген. Жундишапур академиясы негиз алынып түптөлгөн. Бул жер котормо борбору катары ошондой эле академия жана коомдук китепкана катары да элге кызмат кылган.

Негизги алгачкы жогорку окуу жайы Багдаддагы атактуу Селжук вазири Низамул-Мүлк тарабынан негизделген Низамийе медресеси (1065-1067-ж.ж.) болуп саналат. Бул ислам дүйнөсүндөгү алгачкы системалуу университет болуп саналат. Бул медреседе илим билим алган окуучулардын тамак-ашы, жатаканага болгон муктаждыгы акысыз камсыздалган. Бул медресе Европадагы алгачкы университеттер үчүн да үлгү болгон. Кийинчерээк халифа Мустансыр (1226-1242-ж.ж.) өзүнүн аты менен белгилүү болгон Мустансирийе медресесин түптөгөн.

Алгачкы жогорку окуу жайы Багдаддагы атактуу Селжук вазири Низамул-Мүлк тарабынан негизделген Низамийе медресеси (1065-1067-ж.ж.) болуп саналат.

Аббасиддер доорунун алгачкы учурлары Ислам маданияты жана цивилизациясы өнүккөн маанилүү доор болгон. Бул мезгилде Ислам дүйнөсүндө ар кандай институттар жана илим борборлору пайда болуп, алар убакыттын өтүшү менен өнүккөн жана заманбап Европа

цивилизациясынын пайда болушуна өбөлгө болгон. Ислам дүйнөсүндө филологиялык, диний, социалдык жана табигый илимдер жаатындагы алгачкы изилдөөлөр Омеяддардын демилгеси менен башталып, Аббасиддер мамлекетинин учурунда алар системалдуу түрдө колго алынып, өз алдынча илим тармагы болуп негизделген. Халифа Мамундун колдоосуна ээ болгон Мутазила ойчулдары акылга негизделген идеология жана түшүнүктөрдү жайылтууга мүмкүнчүлүк алышкан.

Ислам дүйнөсүндө филологиялык, диний, социалдык жана табигый илимдер жаатындагы алгачкы изилдөөлөр Омеяддардын демилгеси менен башталып, Аббасиддер мамлекетинин учурунда системалдуу түрдө колго алынып, өз алдынча илим тармагы катары түптөлгөн.

Халифа Мамун өзү негиздеген Дар'үл-Хикмадагы илимий баарлашуу жана тартышууларга көп катышкан. Халифа Мамундан кийинки халифа Мутасым да аалымдарга, илим изилдөөчү окумуштууларга колдоо көрсөткөн. Халифа Мамундун доорунда башталган илимий изилдөө иштери анын убагында да күчөтүлгөн таризде улантылган. Ал Багдаддын түндүгүндө Самарра шаарында өзү үчүн илимий борбор ачкан. Көп өтпөй ал жер илим борборуна айланып, мечиттер, мектептер жана сарайлар курулуп, Багдад менен тең атаандаша ала турган даражага жеткен. Апасы түрк болгон халифа Мутасым, түрк провинцияларына барып, таекелери жана алардын айланасындагыларга колдоо көрсөткөн. Ал бийликке келгенден кийин, түрктөрдөн турган сакчылар тобун түзгөн. Күн сайын түрктөрдүн саны көбөйүп, таасири күчөгөн. Халифа Мутасымдын доорунан кийин борбордук бийликте түрк күчтөрүнүн таасирдүүлүгү улантылган.

53. Аббасиддер мамлекетинин бөлүнүшү

Халифа Васыктан кийин, бийликтин күчү алсыздап, бара-бара алсырай баштаган. Мамлекеттик борбордук бийликтин таасирдүү күчү Халифа Мутаваккилдин доорунда өз күчүн жоготпосо да, кийинки бийлик учурунда акырындык менен таасирдүү күчүн жогото баштаган.

Аббасиддер мамлекетинин алсырашы менен IX кылымдан кийин мамлекеттин ар кайсы жерлеринде мамлекеттер түзүлдү. Булар «Таваифул мүлүк» деп аталган. Булар: Марискодогу Идрисуулдары (789 -?), Тунис, Алжир жана Сицилияда Ибрахим бин Аглаб тарабынын негизделген Аглабилер (800-909-жж.), Египетте Ахмед б. Толун тарабынан негизделген Толунуулдары (868-905-жж.), Тунисте, Египетте, Сицилия жана Сардинияда Убайдуллах тарабынан негизделген Фатимиддер (910-1171-жж.), Египетте Мухаммед б. Тогач тарабынан негизделген Ихшидилер (Акшиттер) (935-969-жж.), Иран жана Хорасанда Тахир бин Хусейин тарабынан негизделген Тахир уулдары (821–875-жж.), Иранда Жакып б. Лайс тарабынан негизделген Саффарилер (867–1500-жж.), Хорасан жана Мавераннахр аймагында Наср бин Ахмед тарабынан негизделген Саманууллдары (874–999-жж.).

Мындан тышкары, кыйратуучу жана бөлүнүп-жаруучу, өз идеялары менен башаламандыкты жараткан Исмаилий жана Кармати сыяктуу көптөгөн агымдар ислам коомчулугун ичтен тымызын бөлүп жаруу менен алектенишкен.

Түрктөрдүн Ислам тарыхындагы өз ордун тапкан алгачкы учурларында Аббасиддер бөлүнүп жарылып кыйроо алдында турган. Майда мамлекеттерди койо туруп, Тахирилер жана Бувейхилерге чейинки бардык мамлекеттер туруктуу болбой баары кыйраган. Испаниядагы мусулмандар да мурдагы күчтөрүн жоготушкан. Булардан тышкары, ислам дүйнөсүндө

сунниттер менен шииттердин бөлүнүүсү көпчүлүктүн арасында ар кандай толкундоолорду жаратты жана тараптарлар ортосунда тирешүүлөр күч алды.

Ислам дүйнөсү ынтымак жана биримдикке муктаж болгон ушул мезгилде Крестүүлөрдүн чабуулдары башталат. Салахаддин Аййуби сыяктуу аскер башчылар жана мусулман түрктөр кийинки мезгилдерде Ислам дүйнөсүн Крестүүлөрдүн чабуулдарынан коргоого аракет кылышкан.

54. Аббасиддер мамлекетинин кулашы

Моңголдор XIII кылымда ислам дүйнөсүнө кыйраткыч сокку урат. Хулагу 1258-жылы 10-февралда Багдадга күчтүү армия менен кол салат. Ал шаарды кырк күн бою курчап алып, шаардын ар тарабынан чабуулга өтөт. Халифа Мутасым моюн сунууга аргасыз болот жана эли аёсуз кылычтан өткөрүлөт. Моңголдордун чабуулунда өлтүрүлгөндөрдүн саны боюнча түрдүү божомолдор айтылып, кийинки изилдөөлөрдүн натыйжасында 800 000 жана эки милиондун тегерегинде экендиги тастыкталган. Багдадда курман болгондордун так санын айтуу мүмкүн эмес, бирок өлтүрүлгөндөрдүн саны 100 000 ден көп болгон.

Хулагу тарабынан шаар талап-тонолуп, мечиттер мал сарайга айланган. Китепканалар өрттөлгөн. Китептердин бир бөлүгү өрттөлүп, бир бөлүгү Тигр дарыясына ыргытылган, ал эми аз санда болсо да Хулагунун жанындагы Насируддин Туси тарабынан Марага обсерваториясынын китепканасына алынып келинген. Ислам цивилизациясынын тыныгуусун шарттаган моңгол чабуулу Багдад үчүн гана эмес, бүткүл ислам дүйнөсү үчүн чоң апаат болгон. Аббасиддердин кыйратылышына алып келген моңгол чабуулу Ислам цивилизациясынын тынымына жана артка кетүүсүнө себеп болгон.

750-1258-жылдары өкүмдарлык жүргүзгөн Аббасиддер мамлекети, Ислам тарыхындагы Осмон империясынан кийинки эң узак өкүм сүргөн ислам мамлекети болуп саналат. Ислам цивилизациясы Аббасиддер доорунда эң жаркыраган мезгилин жашаган. Аббасиддер саясий аренада узак мезгилдерден бери үстөмдүк кылып келишкен жана айрым мезгилди кошпогондо, Ислам дүйнөсүнүн руханий лидерлери болушкан. Аббасид халифаты бир гана Ислам тарыхында эмес дүйнө тарыхында да маанилүү ролду ойногон.

АНДАЛУС ОМЕЯД МАМЛЕКЕТИ (856-1031-ЖЖ.)

55. Кордованын каратылып алынышы

Муса б. Нусайр тарабынан кулчулуктан боштондукка чыгарылган Тарык бин Зияд Омеяд халифаларынан I Валид доорунда Африканы каратып алууга дайындалган. Муса б. Нусайр, Тарык бин Зияддын күчтүү мүнөзүн, баатырдыгын, чечкиндүүлүгүн жана эрдигин ошондой эле так чечим кабыл алуусун, чечен жана натыйжалуу сүйлөөсүн, угуучулардын терең таасирине ээ болгон күчтүү сөз чеберчилигине ээ болгондугун байкап, ага Андалусияны (Испания) багындырууну тапшырган. 711-жылы Тарык бин Зияд төрт кеме жана жети миң аскерден турган ислам армиясы менен Андалусияны каратып алуу үчүн жортуулга чыгат. Ислам армиясы Испаниянын түштүгүнө жайгашышат. Тарык бин Зияд аскерлер артка качып кетпеши үчүн бардык кемелерди өрттөтүп салган. Андан кийин ал жоокерлерине жалындуу сөздөр менен кайрылган. Тарык бин Зияддын курч мүнөздүү сөздөрүнөн таасирленген жоокерлер баарын унутуп,



душмандарга тез арада кол салууну самап калышкан. Бул окуядан кийин “кемелерди өрттөө” деген сөз айкашы эл арасында колдонулуп калган. Душман тараптын армиясынын күчү жүз миңге жакын аскерди түзгөн. Тарык бин Зияд элчилерин жиберип, төмөнкүдөй сунуш кылган:

“Сизди жана сиздин элиңизди Исламды кабыл алууга чакырабыз. Эгер ислам динин кабыл алсаңар, анда бизге бир тууганда жакын болосуңар. Диндештерибиз катары боорубузга басабыз. Эгер, кабыл албасаңар, салык төлөө жолу менен өзүңөрдү коргоп каласыңар. Эгер булардын баарын четке каксаңыз, анда кылыч менен согушуу биздин ортобузга кирет».

Испаниянын королу өзүнүн аскерлеринин көптүгүнө ишенип, бул сунушту кабыл алуудан баш тартат. Улуу согуш башталат. Согуш талаасында Тарык бин Зияд менен Испания королу беттешип, Тарык бин Зияд Испания королуну кылычтын соккусу менен өлтүрөт. Падышаларынын өлтүрүлгөнүн көргөн душман тараптын аскерлери күтүлбөгөн жерден качып жөнөшөт. Испан армиясы бытырандыга учурагандан кийин, ислам армиясы Андалусияны каратып алган. Натыйжада “Андалус ислам цивилизациясынын” башаты пайда болгон.

Арабдар Испания үчүн колдонгон “Мусулман Испания” деген гана мааниге ээ болгон Андалусия сөзүнүн келип чыгышы так аныктала элек. Мусулмандар алгач Андалусия деген аталышты Испанияда башкарган жерлердин баарына, анын ичинде Франциянын түштүгүндөгү Септимания чөлкөмүнө чейин колдонушкан. Андалусия 711-жылы каратылып алынгандан тартып 750-жылга чейин Омеяддардын бийлигинде ал эми 750-756-жылдары Аббасиддердин бийлигинде башкарылган. 756-жылы Кордово халифалыгы түптөлгөнгө чейин “губернаторлор доору” деп аталган. Бул мезгилде мусулмандар Андалусияны база катары колдонушуп, Европаны басып алуу аракетин жасашкан. 732-жылы Ислам армиясы бүгүнкү Парижге өтө жакындашкан. Бирок мусулмандардын арасындагы уруулардын кагылышуулары биримдикти жана ынтымакты ыдыратып, жортуул аракети аягына чыкпай калган. Испанияны же болбосо Иберия жарым аралынын каратылып алынышы алгачкы ислам жортуулдарынын акыркы түйүнүн түзөт. Түндүк Африканын Омеяд губернатору Муса б. Нусайр, Халифа Валид бин Абдулмаиктин уруксаты менен Тариф бин Маликтин башчылыгындагы 500 аскер бөлүгүн 750-жылы жаз мезгилинде Испаниянын түштүк жээгин чалгындоо үчүн жиберүүсү менен жортуул аракеттери башталган. Ошол учурда Испанияда үстөмдүк кылган Ветсгот Падышалыгы тактыга каршы күрөшүүдөн

жана социалдык-диний конфликтерден улам дээрлик күчүн жоготкон. Омеяд аскерлери Испанияга эч кандай тоскоолдуксуз кирип барышкан. Ветсготтор менен дайыма күрөшүп келген Себти (Сеута) губернатору Хулианостун Испанияны каратып алууда мусулмандарга көмөк көрсөткөнү белгилүү.

Испаниянын түштүгүндөгү Жабалу Тарык же болбосо Жабалу Фатх (Гилбралтар, Кальпе) тоосунда штаб түзгөн ислам армиясы биринчи кадамда аль-Жазиратул-Хадраны (Альхесирас) басып алган. Көп өтпөй падыша Родригонун башчылыгындагы Ветсгот армиясын Херес жана Сидония шаарларынын ортосунда жайгашкан Фронтера түздүгүндөгү Гуадалбека дарыясынын жээгиндеги 711-жылкы согушта жеңип алганына карабастан кийинки жортуулдарга олуттуу толскоолдук болгон эмес.

Жеңиштен кийин башка шаарларды каратып алуу үчүн дайындалган кол башчылар Ветсгот администрациясынан жапа чеккен элдердин жардамы менен Малага, Ильбира (Эльвира) жана Кордоба (Кордова) шаарларын басып алышты, ал эми Тарык бин Зияд болсо Эчияны андан кийин Ветсготтордун борбору Толедону басып алган.

Ошентип, Тарык бин Зияд 711-жылы жаз айында аскер башчы болуп баштаган жортуул жүрүшүн жай мезгилинин аяк ченинде Испаниянын жарымын басып алып Ислам карамагына өткөрүү менен аяктаган. 712-жылы Мусаб бин Зубайр көпчүлүгү арабдардардан куралган 18 000 аскерден турган армия менен Испанияга барган. Исбилияны (Севилья), Кармуну (Кармона), Лебл (Нибла) жана Маридди (Мерида) багындыргандан кийин, Толедо шаарында Тарык бин Зияд менен жолуккан. Испаниянын түндүк багытында жүргүзүлгөн чабуулдардын натыйжасында 713-жылы Лийун (Леон), Цилликие (Галисия), Ларид (Лерида), Барселона, Сарагуста (Сарагоса) шаарлары каратылып алынды, ал тургай Пиренейлерден өтүп, Франк жерлерине чейин кирип барышкан.

714-жылы Халифа Валиддин буйругу менен Муса бин Нусайр Кордованын башкаруусун уулу Абдулазизге өткөрүп берип өзү Тарык бин Зияд менен бирге Дамаскка кайткан. Ошентип үч жылдай кыска убакыттын ичинде, Иберия жарым аралын багындыруу ишке ашып, Андалусияда башкаруучулардын доору (асруль-вулат) башталган. 756-жылы 21 губернатор бийлеген бул мезгилде, Европанын ички аймагына чейин жортуулдар уюштурулган. Мурийе (Мурсия, Тудмир, Теодомиро), Армане (Нарбона) аймактарынан Парижге жакындаганда 732-жылы Тоурс же болбосо Поитиер (Балатуш-Шухада) согушунда жеңилген мусулмандар андан кийинки мезгилди жарандык согуштар, ички кагылышуулар менен өткөрүп, тышкы жортуулдары токтоп калган. Ага карабастан, ошол эле мезгилде түндүктө камалып калган испандыктар Пелайонун жетекчилиги астында Астурия аймагындагы Ковадонга аскаларында жашап калышкан.

56. Губернаторлор доору

750-жылы Аббасиддер Омеяд мамлекетин кулатканда, акыркы Омеяд төрөлөрүнүн бири Абдуррахман б. Муавия Палестина жана Египет аркылуу Түндүк Африкага, ал жерден 755-жылы Андалусияга качып өтүп, Андалусиянын акыркы губернатору Юсуф б. Абдуррахман аль-Фихринин тоскоолдуктарына карабастан 756-жылы Кордовада көзкарандысыз Кордово Омеяд мамлекетин негиздеген. Мына ошентип 755-жылдан тартып 1031-жылга чейин 275 жылга созулган жаңы Омеяддар династиясы негизделет. Андалусия Омеяд мамлекетинин башкаруусу 756-929-жылдар аралыгында “Эмирлик” жана 929-1031-жылдар аралыгында “Халифаттык” деп эки этапка бөлүнөт.

I Абдуррахман (756-778-жж.), I Хишам (788-796-жж.), I Хакам (796-822-жж.) жана II Абдуррахман (822-852-жж.) башкарган биринчи доор мамлекеттин түптөлүшү жана өнүгүү жылдары болуп саналат. Бул мезгилде Аббасиддер жана Франктар тарабынан уюштурулган

ички козголоңдор менен алектенип, Франктар жана Андалусиядагы Христиан падышалыктары тарабынан жиберилген армияга каршы күрөшүүгө аргасыз болгон.

Бул мезгилде Андалусиянын экономикалык тармагында маанилүү өнүгүүлөр болду. Кеңдер иштетилип, жолдор жана көпүрөлөр жаңыртыла баштаган. Чыгыштан алынып келинген жаңы техникалар айыл чарба тармагында колдонула баштады. Өндүрүш жана өнөр жай өнүккөн, тышкы соода жанданган. Экономикалык өнүгүүдөн тышкары, архитектура жаатында да жетишкендиктер болгон. Алгачкы мезгилдерде жергиликтүү испандыктар арасында ислам дини тез жайыла баштаган. 3,5 миллион жергиликтүү элдин көпчүлүгү эч кандай кысым көрсөтүлбөй өз каалоолору менен ислам динин кабыл алышкан. Мусулман башкаруучулардын толеранттуу мамиле кылуусунун натыйжасында, мусулман эместер да ээн эркин жашай алышкан.

Мухаммед (852-856-жж.), Мунзир (886-888-жж.) жана Абдулла (888-912-жж.) башкарууну колго алган жылдар кризис доору болуп саналат. Болжол менен 60 жылга созулган бул мезгилде башкаруу тажрыйбасыз жана жөндөмсүз башкаруучулардын колуна өткөн. Уруучулук жана этникалык душмандык курч алып, уруулар менен этникалык топтордун (Арабтар, Баберилер, Мувалад жана Мустариб) кагылышуулары испандар тарабынан колдоого алынып, Андалусия ички карама-каршылыктардын очогу болуп калган. Туруксуздук экономиканы кыйратып, салыктарды чогултуу мүмкүн болбогондуктан мамлекеттин казынасы толбой бош калган.

57. Кордова халифаттык доору

Андалусия Омеяд мамлекетини экинчи жолу негиздөөчүсү катары таанылган III Абдуррахман бийликке келген учурда ар кандай улуттардан куралган козголоңчулар жана эгемендүүлүк үчүн күрөшкөндөр тарабынан мамлекет талкаланып, түндүк христиан падышалыктары дайыма кол салып турган.

Кордова Омеяд мамлекетинин эң күчтүү башкаруучусу III Абдуррахман алгач өлкө ичиндеги ички баш аламандыкты токтоткон. Өлкөдөгү ички баш аламандыкты бастырып, саясий кырдаалды туруктуу абалга келтиргенден кийин, ал тышкы маселелерди чечүү менен алектенген. Леон Христиан Падышалыгынын кол салууларын токтоткон. Өз өлкөсүнүн өнүгүүсүнө маани берген III Абдуррахман, I Абдуррахмандын убагынан бери борбор болуп келген Кордовага жакын жерде “Мадинатуз-Захра” аттуу жаңы шаар курдурган.

III Абдуррахман учурунда айыл чарба, дыйканчылык жана соода турмушу өнүккөн, элдин турмуш тиричилиги, жашоо шарты бир топ оңолгон. Бул өкүмдар халифа титулун да колдонгон. Өлкөдөгү ички чыр чатак, баш аламандыктарды токтотуп, ал өлкөнү гүлдөп-өнүккөн, тартиптүү, тынч жана коопсуз мамлекетке айландырган. III Абдуррахман өлкөдө биримдик жана тынчтык орноткондон кийин, Фатимиддерге жана түндүктөгү испан падышаларына каршы күрөштү баштаган. Натыйжада, Леон жана Памплона (Бенблүн) падышалары салык төлөөгө макул болуп, анын карамагына өткөн.

Фатимиддерге каршы Түндүк Африканын айрым Бербер уруулары менен келишим түзүп, Магриб тегерегинде таасирин күчөткөн. Византия жана Гермен империялары саясий мамилелерин күчөтүү үчүн элчилерин жиберишкен. III Абдуррахман ички бөлүнүүдө маанилүү роль ойногон араб уруулларынын ортосундагы атаандаштыктын алдын алып, бардык уруулларга бирдей мамиле жасап бийликтин эшиктерин ачкан. Ал Кордовада архитектуралык жасалгаларды арттырган. Мамлекеттик казынанын (Байтул мал) кирешеси мурда болуп көрбөгөндөй көбөйгөн. III Абдуррахман 961-жылы көз жумганда, анын ордуна уулу II Хакам бийликке келген. Бул мезгилде (961-976-жж.) мурда орнотулган туруктуулук сакталган. Испаниялыктарга каршы үстөмдүк да өз күчүндө калган. II Хакам доорундагы негизги өнүгүүлөр илим жана искусство жаатында болгон.

Андалусия ушул мезгилде Ислам цивилизациясынын эң жигердүү борборуна айланган. Шарты болбогон мектеп окуучулары үчүн Кордова шаарынын борборунда 27 мектеп-интернаттар ачылган. Ошондой эле ал 400 000 китеп менен камсыздалган дүйнөдөгү эң чоң китепканы негиздеген.

Айрыкча илим жана искусство жаатында да алгылыктуу иштер аткарылган. Көптөгөн ислам ойчулдары Андалусиядагы медреселерден илим билим алып, өздөрү жашаган аймактарда диний илимдерди жандантып, агартуу иштерин жүргүзүшкөн. II Хакам көз жумгандан кийин ордуна уулу II Хишам (976-1009,1010-1013-жж.) жаш кезинде бийликке келет. Хажиб бин Абу Амир жана анын эки уулу халифанын жаштыгынан пайдаланып бийликти өздөрүнүн кызыкчылыктарына жараша колдонуп саясий ишмердүүлүгүн жүргүзүшкөн. Алар Андалусияда саясий бийликти отуз жыл бою сактап калышкан. Хажибдин уулдарынын бири Абдулмаликтин ордуна анын бир тууганы Абдуррахман бийликке келгенден кийин Кордовода II Абдуррахман орноткон туруктуулук бузулду. Буга Абдуррахмандын мансапкордугу себеп болгон. 1016-жылы өздөрүн Азирети Алинин урпактары деп ырастаган шиит Хаммудилер Омеяддар династиясынын алсыздыгынан пайдаланып, Кордованы жана бийликти басып алышкан. Баштапкы жылдары саясий кырдаал туруктуу көрүнгөнү менен өлкө ичиндеги негизги саясий кризисти байкап жөнгө сала албаган Хамудилер 1022-жылы Кордова эли тарабынан куулуп чыгарылган. Кийинки жети жыл да Омеяддар династиясынын өкүлдөрү ортосунда тактыга болгон күрөш күч алган. Кордованын атактуулары жана эл халифаттык башкарууну жоюп, Омеяд төбөлдөрүнү шаардан кууп чыгышкан. Ошентип 756-жылы көзкарандысыз амирлик катары түзүлгөн Кордоводагы Омеяд мамлекети кулаган.

58. Мулукут Тавайиф доору (1031-1492-жж.)

Кордова Омеяд мамлекети алсырап, ички баш аламандыкка туш болгондон кийин ар бир дубанда жана аймактарда өзүнчө башкаруулар пайда болгон. Кордовадан башка шаарларда жашаган көптөгөн таасирдүү үй-бүлөлөр көз карандысыздыктарын жар салышкан. Бул мезгилдеги Андалусиядагы эң маанилүү саясий окуялардын бири “Мулукут таваиф” ортосундагы катуу салгылашуу жана кагылышуулар болгон. Саясий кагылышуулардын эң негизги себеби губернаторлордун, вазирлердин жана кол башчылардын мансапкордук тиреши эле. Алардын мансапкордук бийлик талашуунун айынан бири-бири менен болгон салгылашууларынан христиандар күчтөнүп бара жатканын эске алышкан эмес. Бири-бирине болгон душмандык жана касташуудан улам жалпы коомдун анын ичинен мусулмандардын кызыкчылыгын жана келечегин садага чабышкан. Бул абал мусулмандарды ого бетер алсыратып, Христиан падышалыктарынын “ревонкистанын” (кайра тартып алуу) ишке ашырууларына мүмкүнчүлүк түзүп берген. Губернаторлор дайыма бири-бири менен салгылашып, тышкы душманга каршы биригишкен эмес, бири-бирине кол салуу менен алек болушкан.

Кордова Омеяд мамлекетинин кулаган мезгилинде халифаттыкты кайра түптөө үчүн аракеттенгендер Исбилие жана Толедодо бийлик жүргүзгөн акимдер болгон. Ал эми 1085-жылы Кастилия падышасы VI Альфонсонун Кордовадан кийинки Андалусиянын эң ири шаары Толедону басып алуусу христиандардын ошол мезгилге чейинки мусулмандарга карата жасаган эң чоң соккусу болгон. Жакындап келе жаткан коркунучту сезип, айрым амирлер, аалымдар жана калайык журт Түндүк Африкада бийлик жүргүзгөн мурабиттерге элчи жиберип жардам сурап кайрылышкан.

59. Мурабиттер доору (1090-1147-жж.)

Толедо басып алынгандан бир жыл өткөн соң Андалусия Мусулмандарынын атынан Аббади Эмири Мута-Алаллахтын (Ибн Аббад) чакыруусу менен Юсуф б. Ташфин күчтүү армиясы

менен Андалусияга сапар тарткан. Мурабыт өкүмдары Юсуф б. Ташфин, Баталявске коркунуч туудурган VI Альфонсону “Зеллека” согушунда катуу сокку уруп жеңилүүгө учуратат. Зеллека салгылашуусунун натыйжасында түштүк тарапка жайылып бараткан христиандардын агымы токтогон. Юсуф б. Ташфин Андалусиялыктарга душманга каршы биригүүнү сунуш кылып, өзү Магрибге кайтат. Мүлүкүт-Таваифтын бири-бирине каршы күрөшүн пайдаланып, христиандар кайрадан мусулмандарга чабуул жасагандыктан Юсуф б. Ташфин экинчи жолу Андалусияга кайтып келет. Бул жолку келишинде кээ бир губернатор жана аалымдардын сунушу менен Кордовода өзү бийлик жүргүзө баштайт. Ал Кордованы Мурабытка караштуу провинцияга айландырган. Кордовода Мурабыттардын бийлиги алтымыш жылга жакын созулган. Кийинки жылдары ички баш аламандык кайрадан башталып кээ бир Андалусия акимдери жана оор салык жүгү астында кыйналган эл Мурабиттерге болгон ишенимин жоготуп колдоодон баш тартышкан.

1147-жылы Мурабыттын кулашы менен Андалусиянын саясий биримдиги кайрадан бузулган. Бул бөлүнүп-жарылуудан пайдаланган Кастилия Королдугу Арагон, Пиза жана Геновестен түзүлгөн кресттүүлөр армиясы менен 1147-жылы Мерийди, 1148-жылы Каталония округун жана 1149-жылы Ларидди басып алган. Саясий бытырандылыктан улам христиан падышалыктары аймактарды ээлей баштаган мезгилде Мувахиддер Андалусияга жардамга келишкен.

60. Мувахиддер доору (1147-1229-жж.)

Мувахиддер, Мурабыттардан айырмаланып, алардан жардам сураган кээ бир акимдерди душмандарынан коргоо максатында Андалусияга сапар тартышат. Мувахиддер алгачкы жылдары Баталйевс, Исбилие жана Шилб сыяктуу шаарларды өз көзөмөлүнө алышкан. Көп өтпөй Беленсийе, Кармуне, Байасе жана Гранаданы каратышат. Мувахиддер армиясы Түндүк Африкага кайтып кеткенден кийин, христиандар кайра чабуулга өтүшөт. Мувахид өкүмдары Абу Юсуф ал-Мансур христиандардын жортуулун токтотуу максатында Андалусияга кайтып келип, 1195-жылы Кордованын түндүгүндө “Эрек” деп аталган аймакта Кастилия күчтөрүнө каршы согушта улуу жеңишке жетишкен. Кордованы да курчоого алган, бирок эч кандай натыйжа алалган эмес. Кийинчерээк Кастилия падышасы Португалия жана Франциянын күчтөрү катышкан ири кресттүүлөр армиясы менен 1212-жылы атактуу “Икаб” салгылашуусунда Мувахиддер армиясына катуу сокку урган. Бул жеңилүүдөн кийин Мувахиддердин Түндүк Африкадагы жана Андалусиядагы үстөмдүгү алсырап, христиандардын жарым-жартылай токтоп калган “ревонкиста” кайра тартып алуу жортуулдары башталган.

61. Гранада Бани Ахмар Эмирдиги Насрилер (1238-1492-жж.)

Христиан падышалыктарынын уюшкан Кресттүүлөр жортуулдарына Гранада шаарында орнотулган жана Андалусиянын түштүк чыгышындагы Илбиреден Рондого чейинки тар жээкте бийлик жүргүзгөн Насрилер (Бани Ахмар) гана туруштук бере алган. Абдан татаал шарттарга карабастан, Насрилер эки жарым кылымдан ашык убакыт бою бийлик жүргүзүшкөн. Бул мамлекет Андалусиядагы исламдык башкаруунун акыркы өкүлү жана Альхамбра сарайы сыяктуу ислам архитектурасынын мыкты үлгүлөрүн көрсөткөн мезгилде өкүм сүргөндүгү үчүн ислам тарыхында өзгөчө орду бар.

Гранада өкүмдарларынын көпчүлүгү тышкы мамилелеринде ийкемдүү саясат жүргүзүп, христиан падышалыктарынын басып алуу саясатын артка кайтарып турган. Христиан падышалыктарынын ар кандай чабуулдарына каршы жалгыз калбоо үчүн Түндүк Африкадагы Мерини өкүмдарлары менен байланыш түзүшкөн. Алар 1462-жылга чейин салыштырмалуу жакшы мезгилди өткөрүшкөн. 1462-жылдан кийинки ички баш аламандыктан пайдаланган христиандар «Реконкистаны» ишке ашыруу үчүн Андалусия менен Түндүк Африканы байланыштырып турган

Гибралтар кысыгын басып алышат. 1469-жылы Кастилия-Леон ханышасы Изабелла жана Арагон падышасы II Фернандо испан биримдигин бекемдөө максатында турмуш курушкандан кийин христиан динин жайылышы тездеп кеткен. Гранада губернаторлугунун борборунан тышкары, башка шаарлар христиандар тарабынан каратылып алынган. Гранада келгенде, мусулмандар шаарды катуу коргоого аракеттенишкен. Бирок узак мөөнөткө созулган курчоодон улам азык-түлүк жана курал-жарактын жетишсиздигинен улам багынып берүүгө аргасыз болушкан. Жеңилүүдөн кийин Испанияда калган мусулмандар бир аз убакыттан кийин күч менен христиан динин кабыл алышты кээ бир мусулмандар сүргүнгө айдалып, айрымдары өлтүрүлгөн. Христиан динин кабыл алгандар да чоң кыйынчылыктарга жана кыйноолорго дуушар болушкан. Андалусиялык мусулмандар 1609-жылы Испаниядан толугу менен чыгарылган. Андалусиянын колдон чыгышы мусулмандарга терең таасирин тийгизген жана ислам адабияттарынын ар кайсы тармактарында көп каралган темалардын бири болуп калган. Бул мамлекеттин тушундагы Андалусиядагы эң көркөмдүү архитектуралык курулуш Аль-Хамра сарайы болуп саналат. Аль-Хамра сарайы Гранада караган кырлардын түздүгүндө коргонуу чеби жана сарай катары курулган. Ошондуктан, сырткы көрүнүшү бир аз көрксүз көрүнөт. Бирок көрксүз чоң сепилдин дубалдарынын ичинде уникалдуу кооз сарайды көрүүгө болот. Дубалдарда кызыл кирпичтер жана чатырларында кызыл мозаик колдонулгандыгы үчүн «кызыл» деген мааниде «ал-Хамра» деп аталган.

Насри башкаруучулары сепилди жаңы структуралар менен кеңейтишкен. Сарайлардын ичи көрктүү болгону сыяктуу бакчалары да өтө кооз болгон. Алардын ичинен эң көрктүүсү узун бассейн менен кооздолгон аль-Бүрка бакчасы, мрамор менен капталган Мексуар бакчасы жана Арсланлы бакчасы болуп саналат. Арсланлы бакчасы 1354-1359-жылдары башкарган V Мухаммеддин тушунда курулган. Арсланлы жана Аль-Бүрка бакчаларынын тегерегиндеги бөлмөлөр өтө кооздолуп жасалгаланган. Биринчи бакчанын узундугу 36 метрге жетет. Бул бакчанын капталдарынан ачылган эки чоң карама-каршы эшиктер аркылуу жанындагы бөлмөлөргө кирүүгө болот. Бакчанын түндүгүндө жана түштүгүндө жайгашкан жети аркалуу галереянын жасалгалары көздүн жоосун алат. Бакчанын түндүк четиндеги эшиктен далистеге ал жерден Элчилерди кабыл алуу бөлмөсүнө кирүүчү кооздолгон эшиктери бар. Бул бөлмөнүн капталдары 11,24 метр, бийиктиги 18 метр, дубалдарынын калыңдыгы 3 метрди түзөт. Терезелердин калыңдыгынан улам, терезелер бөлмөлөр сыяктуу көрүнөт.

Аль-Хамра сарайы өзүнүн көркөм жана бай жасалгалары, бактары жана бассейндери ыр саптары сыяктуу тизмектелген. Бирок Чарльз-Квинт Андалусияны басып алганда, ал сарайдын бир бөлүгүн талкалап, ордуна Ренессанс (кайра жаралуу доорундагы) стилинде сарай курууну пландаган. 1522-жылы болгон жер титирөөдө жана 1590-жылы болгон жарылуудан кийин сарай ого бетер ыбырап бузулган. Бирок, ал 19-кылымдын ортосунан баштап коргоого алынып, бүгүнкү күнгө чейин сакталып келүүдө.

62. Андалусияда ислам бийлигинин кулоосу (1492-ж.)

Бани Ахмар Мамлекети курулгандан кийин, өлкөнүн башка жерлериндеги христиандар тарабынан кысымга алынган мусулмандар да ушул бийликке баш калкалашкан. Тынчтык саясатын жүргүзгөн Бани Ахмар мамлекетинде илимге, искусствого жана соода сатык иштерине өзгөчө маани берилген. Бирок европалык христиандар мусулмандардын бул өлкөдөгү жашоосун эч качан кабыл ала алган эмес жана аларды алгачкы мүмкүнчүлүктө жок кылуунун жолдорун издеген. Арагон падышасы Фердинанд жана Кастилиянын ханышасы Изабелла үйлөнүүсү менен Испанияда күчтүү христиан мамлекети пайда болгон. Алар башка христиан күчтөрүн колго алып, Испаниянын түштүгүндөгү Бани Ахмар мамлекетине кол салышат. 1492-жылы Гранада басып алган Христиандар туткундардын баарын болуп көрбөгөндөй мыкаачылык менен

өлтүрүшкөн. Мыкаачылык менен өлтүрүлгөн мусулмандардын жүз жылдар бою түптөгөн ислам маданиятын жана архитектуралык курулуштарын талкалашкан. Көптөгөн китептер өрттөлүп, китепканалар, медреселер, мечиттер жана имараттар кыйратылган.

Андалусия, Испандыктар тарабынан кайра тартылып алынгандан кийин бир нече убакыт Андалусия шаарларында жашаган мусулмандарга таандык бүткүл нерсе жок кылынган. Мусулмандарды христиан болуусун же болбосо өлүм жазасына тартууга талап кылышкан. Бул кысымга кабылган мусулмандардын айрымдары христиан болушкан, бирок үйлөрүндө исламды жашыруун тутунушкан. 1501-жылы Кастилия жана Леон шаарында жашаган мусулмандардын христиан болушун же Испаниядан кетишин талап кылган падышанын жарлыгы чыккан. 1556-жылы II Филип Испанияда жашаган мусулмандарга колдонгон тилдеринен, диний мекемелеринен жана диний жөрөлгөлөрүнөн дароо баш тартууну буйрук кылган жарлыкка кол койгон.

Мусулмандарды үстү жабык типтүү имараттарга камап, чокундуруу үчүн суу чачышып, аларды христиан динин кабыл алгандыктарын жарыялашкан. Ыйык Куран жана башка ислам багытында диний китептер чогултулган, китепканалар жабылып, исламдын эрежелерине ылайык кийинүүгө тыю салынган. Араб тилин үйрөтүүгө тыюу салынган. Мечиттер чиркөөлөргө айландырылган. Каршы чыккандарды инквизицияга (Инквизиция (лат. inquisitio тергөө, издөө) – католик чиркөөсүнө каршы динчилдердин ишин кароочу 13-19-кылымдагы атайын чиркөө соту) алышкан. Айрым испан булактарына ылайык, инквизициядан улам үч миңден ашуун мусулмандар катуу өлүм жазасына тартылып, аларды устунга кадап салышкан же өрттөп жиберишкен. Ага карабастан мусулмандар диний жашоосун жашыруун түрдө уланта беришкен.

Акыры 1609-жылы III Филипп Испаниядан мусулмандарды массалык түрдө кууп чыгууну талап кылган жарлык чыгарган. Ошентип, 3 миллиондон ашык мусулман өлкөдөн куулуп чыгарылган же жок кылынган. Алардын кээ бир бөлүгү Түндүк Африкага, айрымдары иудейлер менен чогу кемелер аркылуу Анатолияга алынып келинген.

63. Андалусиянын ислам маданиятындагы орду

Ар кандай ички баш аламандыктарга жана Христиан кысымдарына карабастан Андалусияда ислам маданияты жана искусствосу өсүп өнүгүп өркүндөгөн. III Абдуррахмандын аракети менен жанданган илимий атмосфера анын уулу II Хакам тарабынан улантылып бир гана Кордова шаарында отузга жакын илим борбору медреселер курулган. Мадинатүз-Захра, Исбилие жана Гранада жана башка бардык Ислам шаарлары гүлдөп-өнүккөн жайларга айланган. Ибн Бажа, Ибн Туфайл, Ибн Рушд, ал-Идриси, Ибн Араби, Ибн Хазм, Ибн Халдун сыяктуу ислам ойчулдары Андалусияда жашап ислам илимдеринин өнүгүүсүнө салым кошушкан. Ислам илимдеринде, философия, медицина, ботаника, география жана тарых сыяктуу көптөгөн тармактарда маанилүү эмгектерди жасаган бул илимпоздордун пикирлери жана көз-караштары башка ислам өлкөлөрүнө ал тургай Европага да тарап багыт берген.

Ибн Рушд, Ибн Туфайл, Ибн Араби, Ибн Хазм, Ибн Халдун сыяктуу Андулисияда жетишкен аалымдар ислам өлкөлөрүнө жадагалса Европага да багыт берген.

ОКУУ ТЕКСТИ

КЕМЕЛЕРДИ ӨРТТӨӨ

Испанияга карата уюштурулган жортуулдарды жетектеген атактуу аскер башчы Тарык бин Зияд 711-жылы жети миң аскерден турган армиясы менен кийинчерээк өзүнүн аты менен атала турган Гибралтар (Жабалут-Тарык) кысыгынан ашып өткөндөн кийин армияны каршы жээкке ташып өткөн кемелерди өрттөтүп жиберген. Душмандары менен бетме-бет келгенде аскерлерине төмөнкүдөй кайрылган:

«Жоокерлерим! Көрүп турганыңардай эле артыңарда деңиз бар, алдыңарда душман күтүп турат, качып кутулууга мүмкүн эмес. Алла Таалага ант болсун! Силердин сабырдуу жана чыдамкай болуудан башка айлаңар жок. Душманыбыз болгон күч-кубаты менен биз тарапка келе жаткандыгы айдан ачык. Анын үстүнө азык-түлүк жана курал-жарактары да арбын. А биздин кылычыбыздан башка курал-жарагыбыз жок жана душмандын колунан тартып ала турган азык-түлүктөн башка тамак ашыбыз жок.

Эгерде бир нече күнгө чейин эч нерсе жасабай ушул абалда кала турган болсок алсырап күчүбүз кетет. Бизден корккон душман биздин абалыбызды көрүп, бизге каршы кайраттуу болот. Мына ушундай оор абалга кириптер болуудан өзүңдү корго жана ушул каардуу душмандын алдында өз милдетиңди так аткар.

Чептүү шаарлар жана күчтүү душман бизди күтүп турат. Эгерде өлүмдөн коркпосоңор анда бул мүмкүнчүлүктү пайдаланып, жеңишке жетүүгө болот. Бул нерсени эсиңерден чыгарбагыла, согуш талаасында силер сыяктуу менин да жаным коркунучта. Дагы бир жолу эскерте кетейин, эгерде ушул кыйынчылыктарга чыдамдуу болсоңор максаттуу жана маңыздуу жашоо силерди күтүп турат. Жаныңарды, өмүрүңөрдү ойлоп менден баш тартпагыла. Силер мен сыяктуу кыйынчылыктарга дуушар болбойсуңар. Сенин үлүшүң менин үлүшүмдөн көп болбойт. Биздин тагдырыбыз бирдей. Анткени силер согушуудан коркпойсуңар, баатырлар жана атчан аскерлер менен тартынбастан согушасыңар жана бул согушуудан максатыңар Илайу-Калиматуллах (Аллахтын динин жайылтуу жана даңазалоо) болгондуктан Алла Тааланын астында чоң сооп табасыңар. Мына ушундайча бул мамлекетте Ислам динининин жайылышына жана бекемделишине өз салымыңарды кошосуңар деп терең ишенем. Алла Таала өзү колдосун! Силердин эр жүрөк баатырдыгыңар эки дүйнөдө эскерилет.

Эсиңерде туткула эскертүүлөрүмө алгачкылардан болуп өзүм моюн сунам, эки армия согушка киришкенде жеке мен Падыша Родричке кол салып, Алланын колдоосу менен өлтүрөм. Силер да мени менен бирге кол салгыла. Эгер мен аны өлтүргөндөн кийин өзүм да өлсөм, анда мен силерди андан сактап калган болом. Араңардан эр жүрөк бирөөнү башчы кылып шайлап алаарыңарга ишенем. Эгер мен ага жете электе өлүп калчу болсом анда менин максатымды таштабай аны өлтүрүүгө чамдангыла. Аны өлтүрүү менен бул өлкөнү багынтып алгыла. Анткени падыша өлгөндөн кийин душман аскерлери бытыранды болуп, туш-туш тарапка кача башташат.»

Бул кайрылуусунан кийин мусулман жоокерлеринин өздөрүнө болгон ишеними артып, аскердик милдетин так аткара тургандыгына сөз беришип, согушууга аттанышкан. Алла Тааланын жардамы менен мусулмандар жеңишке жетишишкен.

ЭКИНЧИ БӨЛҮМДҮН СУРООЛОРУ

64. ТЕКШЕРҮҮ ҮЧҮН СУРООЛОР

Төмөнкү суроолорго жооп бергиле

1. Муавия ким болгон, ал түптөгөн мамлекет туурасында маалымат бериңиз?

2. Муавия убагында Византияга болгон жортуулдар жана алардын натыйжалары жөнүндө маалымат бериңиз?

3. Кербела окуясынын себеп жана натыйжасы туурасында маалымат бериңиз?

4. Абдулмалик доорунда кандай реформалар жасалган маалымат бергиле?

5. Умар бин Абдулазиздин Омеяд халифаларынан айырмаланып турган өзгөчөлүктөрү туурасында маалымат бериңиз?

6. Испаниянын каратылып алынышы жана Пуватя согушу туурасында маалымат бериңиз?

7. Умар бин Абдулазиздин «Кечиримдүүлүктүн эң жакшысы, кол астындагы адамды жазалоого кудурети жетип туруп бирок андан баш тартканы» деген сөзүнү кыскача түшүндүрүп бериңиз?

8. Абу Муслим ким болгон, кандай жортуулдарды уюштурган?

9. Омеяд мамлекети туурасында жалпы маалымат берип, өзүңөрдүн жеке көз карашыңарды баяндагыла?

10. Аббаси мамлекетинин түптөлүшү туурасында маалымат бергиле?

11. Халифа Харун Рашид кайсы Европалык падыша менен дипломатиялык байланыш түзгөн?

12. Халифа Мамун жана Мутасым доорунда өнүккөн билим жана искуство туурасында маалымат бериңиз?

13. Халифа Мутасым доорунда түрктөрдүн Аббасий бийлигинде кандай орду болгон?

14. Аббасиддер халифалыгынын кулашынын себептери туурасында маалымат бериңиз?

15. Аббасий бийлиги ислам маданиятынын өнүгүүсүнө кандай салымын кошкон?

16. Андалусия Омеяд мамлекетинин негизделиши туурасында маалымат бериңиз?

17. Андалусия Омеяд мамлекетинин кулагандан кийинки абалы туурасында маалымат бериңиз?

18. Андалусияда христиандардын кыргыны жана натыйжасы туурасында маалымат бериңиз?

19. Андалусиянын ислам тарыхы жана маданиятындагы орду туурасында маалымат бериңиз?

65. ТЕСТ

Төмөнкү суроолордун туура жообун белгилегиле.

1. Төмөнкүлөрдүн кайсы бири Омеяд мамлекетинин өзгөчөлүктөрүнөн эмес?

А. Араб үстөмдүгүн туу тутушкан.

Б. Мусулмандардын ортосунда теңдүүлүктүн корголушу.

В. Бийлик атадан балага мурас калуусу.

Г. Дамаск губернатору Муавия тарабынан түптөлүүсү.

2. Византия жортуулунда кайсы шаар курчоого алынган жана кайсы атактуу сахаба шейит болгон?

А. Стамбул-Аюб ал-Ансари

Б. Стамбул- Амр бин аль-Ас

В. Родос-Абу Аюб аль-Ансари

Г. Родос- Амр бин аль-Ас

3. Түндүк Африканы кайсы аскер башчы каратып алган?

А. Муавия Б. Марван бин Хакам

В. Умар бин Саъд Г. Укба бин Нафи

4. Кайсы халифанын доорунда Омеяд мамлекети өнүккөн?

А. Абдулмалик Б. Марван бин Хакам

В. II Муавия Г. Валид

5. Ислам дүйнөсүндө алгачкы жолу ким өзүнүн атынан акча бастырган?

А. Муавия

Б. I Валид

В. Марван бин Хакем

Г. Абдулмалик

6. Төмөнкү Омеяд халифаларынан кайсы бири башка халифалардан адилеттүү саясат жүргүзүүсү менен өзгөчөлөнүп турат?

А. Абдулмалик

Б. I Валид

В. Умар бин Абдулазиз

Г. Марван бин Хакам

7. Төмөнкү варианттардын кайсы бирин-де Омеяд мамлекетинин кулашынын себептери туура көрсөтүлгөн?

I. Омеяд мамлекети араб мамлекети саясатын жүргүзгөн.

II. Омеяд уулдары уруулук идеологияны жактоосу.

III. Омеяд халифалыгы доорундагы жортуулдар.

IV. Атактуулардын жана аскер башчылардын көтөрүлүштөрү.

V. Омеяд халифаларынын оюн-зоокко берилүүсү.

А. Баары. Б. I, II, III, IV.

В. II, IV, V. Г. I, II, IV, V.

8. Төмөнкүлөрдүн кайсы бири Омеяд халифалыгы доорунда болгон?

I. Кербала окуясы.

II. Испаниянын каратылып алынышы.

III. Түндүк Африканын каратылып алынышы.

IV. Стамбул жортуулу.

V. Алгачкы ислам-араб акчасынын басылуусу.

А. I, III, IV, V. Б. Баары.

В. I, II, III, IV. Г. I, V.

9. Аббасиддер халифалыгында узак убакытка чейин кайсы шаары борбор калаа болуп турган?

А. Хашимиййе шаары

Б. Дамаск

В. Куфа

Г. Багдад

10. Аббасиддер халифалыгы туурасында төмөнкү маалыматтардын кайсы бири туура эмес?

А. Абул Аббас бин Абдуллах мамлекеттин борбор шаарын Дамасктан Хашими шаарына көчүргөн.

Б. Аббаси халифалыгы да салтанаттуу башкарууну улантkан.

В. Ислам маданиятынын түптөлүшү Аббасиддер доорунда башталган.

Г. Умар бин Абдулазиз Аббасиддер халифасы болуп саналат.

11. Төмөнкү варианттардын кайсы бири Талас салгылашуусунун натыйжаларынан эмес?

А. Арабдар менен түрктөр ортосунда болгон.

Б. Түрктөр топ-тобу менен ислам динин кабыл ала башташкан.

В. Орто Азиянын Кытай эгемендүүлүгүнө кирүүсүнө тоскоол болгон.

Г. Колго түшүрүлгөн туткундардан кагаз чыгаруу технологиясы үйрөнүлгөн.

12. Төмөнкү варианттардын кайсы бири Аббасиддер халифалыгы туурасында туура маалымат?

I. Мусулмандар арасында тең укуктуулуктун сакталышы.

II. Жортуулдарга караганда маданият тармагына көп көңүл бурулган.

III. Испания Аббасиддер доорунда каратылып алынган.

IV. Талас салгылашуусу Аббасиддер доорунда болгон.

V. Алгачкы системалдуу университет катары Низамийе медреселери түптөлгөн.

А. Баары. Б. I, II, IV, V.

В. I, II, III, V. Г. II, IV, V.

13. Төмөнкүлөрдүн кайсы бири Аббасиддер доорундагы маданий реформалардан эмес?

А. Алгачкы жолу грек философторунун эмгектери араб тилине которулган.

Б. Багдадда көп санда медресе жана китепканалар ачылган.

В. Талас салгылашуусу болгон.

Г. Байтул-Хикма курулган.

14. Жогорку билим берүү тармагындагы алгачкы билим берүү мекемеси катары халифа ..... тарабынан .... түптөлгөн.

А. Мамун – Багдад – Байтул-Хикма.

Б. Низамул-Мүлк – Багдад – Низамийе медресеси.

В. Мамун – Дамаск- Байтул-Хикма .

Г. Низамул-Мүлк – Дамаск – Низамийе медресеси.

15. Төмөнкүлөрдүн кайсы бири Ислам дүйнөсүнүн алгачкы системалдуу университети болуп саналат?

А. Мечиттер

Б. Байтул-Хикма

В. Сарайлар

Г. Низамийе медресеси

16. Төмөнкүлөрдүн кайсы биринде Низамийа медресеси туурасында туура эмес маалымат берилген?

А. Ислам дүйнөсүнүн алгачкы системалуу университети

Б. Халифа Мамун тарабынан курулган.

В. Медреседе билим алган студенттер акысыз тамак-аш жана жатакана менен камсыз болгон.

Г. Европада түптөлгөн университеттерге үлгү болгон.

17. Төмөнкүлөрдүн кайсы бири Аббасиддер халифатынын кулашына жана ислам маданиятынын артка кетүүсүнө себеп болгон?

А. Моңгол жортуулдары

Б. Византия

В. Фатимиддер

Г. Ихшидилер

18. Мусулмандар Андалусияга кайсы аскер башчынын башчылыгында киришкен?

А. Муса бин Нусайр

Б. Тариф бин Малик

В. Тарык бин Зияд

Г. Валид бин Абдулмалик

19. Андалус Омеяд мамлекетинин кайсы өкүмдары «халифа» макамын колдонгон жана элдин маңыздуу жашоосуна жакшы шарт түзгөн?

А. I Абдуррахман

Б. I Хишам

В. I Хакам

Г. III Абдуррахман

20. Төмөнкү аалымдардын кайсы бири Андалусияда жашаган же билим алган эмес?

А. Абу Ханифа

Б. Ибн Хазм

В. Ибн Халдун

Г. Ибн Рушд

66. БОШ ОРУНДАРДЫ ТОЛТУРУУ

Төмөнкү сүйлөмдөрдөгү бош орундарды ылайыктуу сөздөр менен толтургула.

1. Кербала окуясында ..... шейит болгон.
2. ..... бийликке келгенден кийин Омеяд мамлекети өсүп-өнүккөн.
3. Азирети Умар сыяктуу адилеттүү бийлик жүргүзгөнү үчүн ..... II Умар деп аталган.
4. Аббаси халифалыгы мусулмандарга ..... мамиле кылган.
5. ..... согушунун натыйжасында Орто Азиянын ..... эгемендүүлүгүнө кирүүсүн токтоткон.
6. Жогорку билим берүү тармагындагы алгачкы билим берүү мекемеси халифа Мамун тарабынан түптөлгөн ..... медресеси болуп саналат.
7. Жогорку билим берүү тармагындагы атактуу билим берүү мекемеси Низамулмүлк тарабынан түптөлгөн ..... медресеси болуп саналат.
8. Ислам дүйнөсүндө филологиялык, диний, гуманитардык жана так илимдер багыты боюнча алгачкы изилдөөлөр ..... доорунда башталып, ... доорунда системалуу түрдө изилдөө иштери жүргүзүлгөн.
9. ..... жортуулу ислам маданиятынын өнүгүп, өсүүсүнө балта чапкан.
10. Испанияны каратып алган аскер башчы ..... болуп саналат.

67. БЕЛГИЛӨӨ

Төмөнкүлөрдүн туура болгондоруна «✔» белгисин ал эми туура эместерине «✘» белгисин койгула

1.	Дамаск, Муавия башкарган Омеяд мамлекетинин борбор калаасы болуп саналат.	
2.	Омеяд мамлекети баардык мусулмандарга тең укуктуу мамиле кылган.	
3.	Өкүмдар Абдулмалик ислам дүйнөсүндө өзүнүн атынан акча бастырган алгачкы халифа болуп саналат.	
4.	Омеяд халифаларынын оюн-зоок, көңүл ачуу менен алек болуусу Омеяд мамлекетинин кулашынын себептери катары каралат.	
5.	Түндүк Африка Аббасиддер доорунда каратылып алынган.	
6.	Ислам маданияты Аббасиддер доорунда өнүккөн.	
7.	Талас согушунун натыйжасында түрктөр массалык түрдө ислам динин кабыл алышкан.	
8.	Байтул-хикма халифа Мутасым тарабынан негизделген.	
9.	Моңголдордун чабуулу Аббасиддер мамлекетинин кулашына алып келген.	
10.	III Абдуррахман доорунда элдин жашоосу төмөндөй баштаган.	
11.	Ибн Рушд жана Ибн Хазм Европага нур чачкан ислам аалымдарынан болуп саналат.	

БӨЛҮМ III

ТҮРКТӨР ЖАНА ИСЛАМ

БӨЛҮМДҮН ТЕМАЛАРЫ

- **ТҮРК-АРАБ БАЙЛАНЫШЫ**
- **ТҮРКТӨРДҮН МУСУЛМАН БОЛУУСУ**
- **ТҮРКТӨРДҮН ИСЛАМ ДҮЙНӨСҮНДӨГҮ КЫЗМАТЫ**
- **УЛУУ СЕЛЖУК МАМЛЕКЕТИ**
- **КРЕСТТҮҮЛӨР ЖОРТУУЛУ**

ДАЯРДЫК ТАПШЫРМА

- Ислам дини пайда болгондон кийин түзүлгөн түрк мамлекеттери жөнүндө маалымат топтогула?
- Түрктөр ислам дини менен кандай таанышкандыгы туурасында маалымат топтогула?
- «Крестүүлөр жортуулу» дегенде эмнени түшүнөсүңөр? Тема жөнүндө маалымат топтогула?
- Түрктөрдүн ислам дүйнөсүндөгү кызматы туурасында маалыматыңарды эстеп көргүлө?

ТҮРКТӨР ЖАНА ИСЛАМ

68. ТҮРК-АРАБ БАЙЛАНЫШЫ

Түрктөрдүн мусулман болушу түрк жана ислам тарыхында болгону сыктуу эле дүйнөлүк тарыхта да чоң окуя болгон. Түрктөр узак убакыттан кийин ислам динин таанып билгенден кийин кабыл алышкан.

Түрктөр менен мусулмандардын ортосундагы алгачкы байланыш 642-жылы Нихавенд согушунда Иранды басып алгандан кийин башталган. Халифа Умардын (634-644-жж.) убагында болгон жортуулдардын натыйжасында, мусулмандар Хорасан жана Мавераннахр айрыкча Кавказдагы түрктөр менен бетме-бет келишкен. Омеяд мамлекетинин негиздөөчүсү Муавия б. Абу Суфяндын Хорасан губернатору Убайдулла б. Зияд 674-жылы Туран менен Иран ортосунда чек арасы болгон Аму Дарыясынан өтүп, Мавераннахр шаарларынын бири болгон Бухараны курчоого алган. Көз карандысыз түрк бектеринин үстөмдүк кылган Мавераннахрдын каратылып алынышы Хорасан губернатору Кутайба б. Муслимдин (705-715-жж.) учурунда ишке ашкан. Омеяддар мамлекетинин башкаруучусу Абдулмаликтин тушунда башталган түрктөр менен арабдардын ортосундагы кагылышуу Омеяддардын кулашына, алардын ордуна Аббасиддер мамлекети түптөлүшүнө жана түрктөр Ислам дининин кылычтын күчү менен эмес, өз каалоолору менен кабыл алышына себеп болгон. Ислам тарыхында Алу Расул, Алу Селжук, Алу Осмон сыяктуу улуу жол башчылардын Ислам цивилизациясын сактап калышы жана өнүктүрүшү дүйнөлүк тарыхта глобалдык жана улуттук таасири бүгүнкү күнгө чейин улануда. Ошондой



эле Европа цивилизациясынын жана дүйнөлүк саясаттын өзөгүн түзүшкөн. Омеяддардын араб эмес мусулмандарга карата адилеттүүлүк менен тең укуктуулукту сактабашы өлкөдө баш аламандыктын курчушуна алып келген. Өлкөдөгү тең укуктуулуктун сакталбашына каршы чыккандар Омеяд башкаруусун кулатып, анын ордуна 750-жылы Аббасиддер мамлекетин негиздешкен. Түрктөр Аббасиддер мамлекетин жакшы кабыл алып аларды дайыма колдоп келишкен.

Мавераннахрда түрк-араб согушу күч алганда кээ бир түрк бектери Кытай империясынан жаңы душманга каршы жардам сурап кайрылышкан. Түркистанга ээлик кылуу үчүн жакшы мүмкүнчүлүк түзүлгөндүгүн эске алып, кытай армиясы 747-жылы Батышка карай жортуулга чыгат. Бирок кытайлардын катаал мамилесинен жана айрыкча Ташкент жетекчиси Багатур Тудунун өлтүрүлүшүнөн кийин, карлуктар Хорасан губернатору Абу Муслимден кытайларга каршы жардам сураган. Абу Муслим, кол башчыларынан Зияд б. Салихти аймакка жиберет. Араб армиясы менен кытай армиясы Талас дарыясынын жээгинде беттешет. 751-жылы түрк армиясы Ислам армиясы менен биригип кытайларга каршы согушуп, чоң жеңишке жетишишкен. Талас согушу түрктөр менен мусулмандарга бири-бирин жакшы таанып, достук мамилелерин түзүүгө мүмкүнчүлүк түзгөн. Ушул себептен улам Талас согушу түрктөр үчүн да, мусулмандар үчүн да жаңы доордун башаты болгон. Талас согушу эки душман элди бириктирип, достоштурган жана чөлкөмдө тынчтык орногон. Түрк элдери да Аббасид халифаттыгына кызматтарга алынып, түрктөрдүн ислам динин кабыл алуусун тездеткен. Ошентип бул согуш Борбор Азия элдеринин исламга кирүүсүнө өбөлгө болгон. Аббасиддердин армиясында көптөгөн түрк аскерлери кызмат өтөгөн. Убакыт өткөн сайын түрк аскерлери армияны жана администрацияны көзөмөлгө алышат. Айрым түрк аскер башчылары Аббасиддер мамлекетинин чегинде өз мамлекеттерин түзүшкөн.

Кытайлардын Талас согушундагы жеңилүүсү Борбор Азияга болгон сапарын миң жылга кечеңдеткен. Бул согуштан кийин түрктөр ислам динин топ тобу менен кабыл ала башташкан. Согушта туткунга түшкөн кытайлардан кагаз өндүрүүнүн техникасы үйрөнүлгөн. Түрктөр 10-кылымдан тартып массалык түрдө ислам динин кабыл алуусу тездеген. Алсак 900-жылдардын аралыгында Волга дарыясынын тегерегиндеги болгар түрктөрүндө исламга чоң кызыгуу болгон. Анткени Волга Балгарынын башкаруучусу Алмыш хан 920-жылы Аббасий халифасына кайрылып, дин аалымдарын жана архитектурларын жиберүүсүн өтүнгөн. Ошол эле жылдары Ислам дини алгач карлук, ягма жана чигил уруулары, андан кийин огуздар арасында жайылган. Карлук, ягма жана чигил түрктөрү алгачкы мусулман түрк мамлекети болгон Караханиддер мамлекетин жана огуздар Селжук мамлекетин негиздешкен.

69. Түрктөрдүн мусулмандашуусу

Аббасиддердин түрктөргө болгон мамилеси алардын мусулман болушун шарттаган. Түркстанда өкүм сүргөн Караханийлер Исламды кабыл алган түрк мамлекети болгуп саналат. Алардын башкаруучусу Абдулкарим Сатук Бугра Хан болгон. Бул кылымда көптөгөн түрктөр массалык түрдө ислам динин кабыл ала башташкан. 10-кылымда улуу мамлекеттердин негиздөөчүсү болгон огуз уруулары жана 10-кылымдын башында Итил (Волга) болгарлары да исламды кабыл алышкан. XV кылымда чыгышта кытайдан, батышта Балканга чейинки

Караханийлер ислам динин кабыл алган алгачкы Түрк мамлекети болуп саналат.

аймактарда жашаган түрктөрдүн дээрлик баары ислам динин кабыл алышкан. XI кылымдан баштап түрктөрдүн Ислам мамлекеттеринин арасында таасирдүү күчкө ээ болуусу ислам тарыхынын маанилүү мезгилин түзөт.

Ислам түрк мамлекети болгон Караханийлер (840-1212-жж.) жана Газнавиддер (967-1187-жж.) батышта Арал-Каспий-Басрадан чыгышта Чыгыш Түркистан жана түштүктө Индия деңизине чейин өкүм сүрүшкөн. XI кылымдын биринчи жарымында саясий күчкө айланган Селжуктар акырындык менен Хорасан, Жакынкы Чыгыш жана Анатолияны камтыган аймактарда бийлик жүргүзүп, ошол учурдун эң күчтүү мамлекеттеринин бирин түзүшкөн. Алар Ислам маданиятынын чыгышта Индияга, батышта Европага жайылышына шарт түзгөн. Ислам дүйнөсүндө билим берүү мекемелеринин өнүгүүсү Селжук мамлекетинин доорунда да болгон.

Селжук Султаны Алп Арслан мезгилинде билим берүү жана илимий изилдөө иштерин өнүктүрүүгө жана жайылтууга өзгөчө маани берилген. Ислам дүйнөсүндөгү алгачкы медресени 1066-жылы Багдадда Алп Арсландын вазири Низамулмүлк негиздеген. Атын негиздөөчүсүнөн алган Низамия медресеси кийинчерээк курулган башка медреселерге үлгү болгон. XI кылымдын башында Хорасан шаарында мусулман түрк мамлекети болгон Селжуктар түптөлгөн. Көп өтпөй Селжуктар Сыр-Дарыясынан Жер ортолук деңизине, Кавказдан Йеменге чейин созулган аймактарга ээлик кылган мамлекет курушкан. X кылымдын башынан тартып, Аббасиддердин күчү бара-бара алсырай баштайт. Ислам дүйнөсү саясий бытырандылык мезгилине кириптелет. Аббасиддердин Багдаддан тышкаркы аймактарда бийликтеги таасирин биротоло жоготот. 945-жылы Багдадды басып алган Бувейхиуулдары Аббасид халифасын кысымга алат. Селжук өкүмдары Тугрул Бек Аббасий халифасын Бувайхиуулдарынын кысымынан куткарып калгандан кийин, Ислам дүйнөсүн коргоо милдети Селжуктарга өткөн.

Селжук Султаны Алп Арсландын тушунда мусулмандар үчүн Анатолияга жортуул уюштуруу мүмкүнчүлүгү түзүлгөн.

Селжук Султаны Алп Арсландын тушунда мусулмандар үчүн Анатолияга жортуул уюштуруу мүмкүнчүлүгү түзүлгөн. 1071-жылы Малазгирт өрөөнүндөгү согуш Византиянын жеңилишине алып келген. Бул согушта Византия өкүмдары туткунга түшкөн. Аталган согуштан кийин борбору Изник болгон Анадолу Селжук мамлекети узак жылдар бою Крестүүлөрдүн чабуулунан Ислам дүйнөсүн коргоп турган. 1299-жылы негизделген Осмон империясы менен мусулмандар кайрадан дүйнөлүк аренага чыга башташкан.

70. Талас согушу (751-жж.)

Чыгыштан батышты көздөй бет алган кытайлар жана Алдыңкы Азиядан чыгышка карай жортуулга чыккан мусулмандар Талас дарыясынын жээгинде салгылашышкан. Бул согушта Орто Азиянын кытай бийлигине өтүшүн каалабаган карлук жана ягма түрктөрү ислам армиясы менен бирге кытайларды жеңилүүгө учураткан.

71. Түрктөрдүн ислам дүйнөсүнө кылган кызматтары

Аббасиддер доорунан баштап ислам дүйнөсүндө түрктөрдүн таасири күчөй баштаган. Аббасиддер доорунда алгачкы жолу түрктөрдү мамлекеттик кызматка дайындаган халифа

Мансур болгон. Халифа Харун Рашид мезгилинде сарай сакчылары кызматын түрктөр аркалаган. Византия чек араларында түрктөргө маанилүү милдеттер берилген. Халифа Мамун жана Мутасым мезгилдеринде түрктөр ислам армиясында таасирдүү күчкө ээ болушкан. Халифа Мутасым доорунда түрктөрдүн Самарра шаары курулган. Азербайжанда башталган жана Аббасий халифалыгына коркунуч туудурган Бабек көтөрүлүшү халифа Мутасым доорунда түрк башчыларынын аракеттери менен токтотулган.

Улуу Селжуктар Аббасий халифасын Бувейхиуулдарынын кысымынан куткарган. Батышта Византияга жана Крестүүлөрдөн, чыгышта монгол коркунучунан Ислам дүйнөсүн түрктөр коргоп турган. Ар башка аймактарда курган мамлекеттери аркылуу Ислам динин батыш менен чыгышта жайылтышкан. Алар Ислам цивилизациясынын өнүгүшүнө чоң салымын (Фараби, Ибни Сина, Бируни жана Харезми белгилүү түрк илимпоздору) кошушкан. Алар билим берүү, илим изилдөө тармагында Ислам дүйнөсүнүн өнүгүшүн камсыз кылышты. Ошондой эле алар ислам искусствосунун өнүгүшүнө жана жайылышына өз салымын кошушкан. Жыйынтыктап айтканда, түрктөр Исламды ар кандай ички жана тышкы коркунучтардан коргоп, Исламдын жайылышын камсыздашкан. Түрктөр Ислам дүйнөсүндө күчтүү мамлекеттерди негиздеп, илим, билим жана маданият тармагында тарыхта из калтырган белгилүү илимпоздорду чыгарган. Алар Ислам маданиятын өркүндөтүп, батышка жайган.

744-жылы түрк кагандыгы кулагандан кийин кытай Орто Азияга кол салууну көздөгөн. Жаңы түзүлгөн уйгур мамлекети кытай империясын токтото ала турган күчтө эмес эле. Күчтүү армиясы менен жортуулга чыккан кытай түрк дүйнөсүн курчап алган. Түрктөр мурунку душмандары кытайдын чабуулуна каршы Аббасиддерден жардам сурап кайрылышкан. Хорасан губернатору Абу Муслим, Зияд бин Салихтин кол башчылыгындагы ислам армиясын жортуулга жиберет. Бул армияга ошол аймактагы түрк күчтөрү да кошулат. 751-жылы эки тараптын армиясы Талас дарыясынын жээгинде беттешет. Мурда кытай армиясына кошулган карлуктар, кытайларга каршы Аббасиддердин жанында согушат. Аябай айыгышкан согуштун натыйжасында кытай армиясы жеңилүүгө учурап, Кытайдын Орто Азияга болгон басып алуу максаты текке кеткен.

Талас согушунда бир муштумдай согушкан түрктөр менен мусулмандардын ортосунда тыгыз байланыш күчөгөн. Бул байланыш халифа Мамун менен Мутасымдын убагында дагы да күч алган. Түрктөрдөн түзүлгөн “Хасса” армиясы Ислам дини үчүн олуттуу жортуулдарды уюштурган. Аббасиддер тарабынан чек араларга жайгаштырылган түрктөрдөн түзүлгөн армия Византияны дайыма чегинтип турган. Аббасиддердин түрктөргө болгон жакындыгы жана мамилеси түрктөрдүн Ислам динин таанып билип, исламдашуусуна шарт түзгөн. Тарых бою түрктөр ар кандай диндерди тутунуп келишкен. Бирок, бул диндер эл тарабынан эмес, тескерисинче бийлик төбөлдөрү тарабынан колдоого алынган. Ага карабастан, Исламдан башка диндерге киргендер өздөрүнүн улуттук нарк-насилин, каада салтын сактай алышкан эмес.

Түрктөрдүн Ислам динин кабыл алышы ислам дүйнөсүнө да, дүйнөлүк тарыхка да чоң таасирин тийгизген. Түрктөр башаламандык жана бытырандылык болуп жаткан Ислам дүйнөсүн коргоо милдетин өз моюндарына алышып, Селжуктар Аббаси халифалыгын коргоп калышкан. Батыштагы Крестүүлөр жортуулуна жана чыгыштагы моңголдордун кол салууларына каршы түрктөр эбегейсиз күрөш алып барган. Ошентип, Ислам дүйнөсү бытыранды болуудан сакталып калган. Миң жылга жакын убакыт бою түрктөр Исламдын туусун көтөрүп келишкен. Газнели Махмуддун Индияга жасаган жортуулдарынын натыйжасында ислам дини Индияга тараган. Ошентип, жакынкы мезгилдерде негизделген Пакистан менен Бангладештин пайдубалы

түптөлгөн. Осмон империясынын доорунда түрктөр Балканга отурукташкан. Бул мезгилде албандар менен босниялыктар исламды кабыл алышкан.

✓ **Фараби, Аристотелдин оюн мыкты түшүндүргөн ойчул болгодугу үчүн «Муаллим-ус Сани» (Экинчи мугалим) аты менен аталган.**
✓ **Евклид геометриясы туурасында да алгачкылардан болуп маалымат берген.**

Түрктөрдүн исламга жасаган кызматы саясий жана аскерий чөйрө менен гана чектелип калган эмес. Мамлекеттик башкарууда жана аскердик түзүлүштө бүткүл ислам дүйнөсүнө таасир калтырган түрктөр ислам цивилизациясынын өсүп өнүгүүсүнө да опол тоодой кызмат кылышкан. Илим, искусство жана адабият жаатында исламдын кайра жаралуусу түрктөрдүн тынчтык менен коопсуздукту камсыздоосунун натыйжасында ишке ашкан. Ошондуктан, ислам дини менен цивилизациясы тар чөйрөдө калбастан, глобалдык деңгээлде жайылуусу түрктөр тарабынан ишке ашырылды деп айтсак жаңылыштык болбос. Мисалы, Багдаддагы Селжук вазири Низамул-Мүлк негиздеген Низамийе медресеси (1066-жж) ушунчалык чоң кадыр-баркка ээ болгондуктан, бул медресе ислам медреселеринин алгачкы үлгүсү катары кабыл алынган. Бирок, Саманууларды жана Газневиддер мезгилинде да медреселердин болгону белгилүү. Ошентсе да, Низамийе медреселеринде диний илимдерден тышкары так илимдер да окутулган алгачкы медресе болгондуктан учурдагы жогорку окуу жайлардын түзүлүшүнө негиз болгон.

Аббасиддер доорунда башталган байыркы грек жана эллинистик цивилизацияларга таандык чыгармалар жана философиялык агымдардын котормолору Түрк бийлиги мезгилинде эң жогорку деңгээлге жеткен. Ошентип, ислам цивилизациясында чоң өнүгүүлөр башталган. Батышта унутулуп калган грек жана эллин цивилизациясы, Крестүүлөр жортуулунан кийин Ислам цивилизациясы менен чогу кайрадан Европада жандана баштаган. Ислам цивилизациясынын баштоочулары болгон түрк окумуштууларын бүткүл дүйнө тааныган жана алардын эмгектери кылымдар бою илимге жетекчилик кылып келген.

Абу Райхан аль-Бирунинин астрономия китеби дүйнөдөгү астрономия багытындагы алгачкы энциклопедия катары бааланат.

Түрк ойчулдарынын эң атактуулары Фараби, Бируни жана Ибни Сина болуп саналат. Фараби (870-950-жж.), Түркстандын Фараб шаарында төрөлгөн, математика, физика, астрономия жаатында 160ка жакын эмгек калтырган. Бирок, анын эң негизги эмгеги философия жаатындагы эмгектери, ал исламдык ой-пикирди эллинисттик философиянын акыл, логикалык аспектиси менен аралаштырган. Анткени ал Аристотелдин оюн мыкты түшүндүргөн ойчул болгодугу үчүн “Муаллимус Сани” (Экинчи мугалим) аты менен аталган. Көпчүлүк чыгармалары латын тилине которулуп, батышта “Альфарабус” “Альбунасер” деген ат менен белгилүү. Илимдерди алгачкы жолу Ихсаул-Улум аттуу эмгеги менен классификациялаган Фараби ошол эле учурда Евклид геометриясы туурасында да маалымат берген.

Фарабиден таасирленген Ибни Сина (980-1037-жж.) ар кандай темада 220га жакын эмгек жазган белгилүү түрк окумуштууларынын бирөөсү болуп саналат. Европада “Авиценна” деген ат менен белгилүү. Философия жана так илимдер менен алектенген Авиценна медицина тармагында өзүнүн чыныгы кадыр-баркына ээ болгон. Анын “аль-Кануни фит-Тыб” аттуу

эмгеги латын тилине которулуп, жүздөгөн жылдар бою мединицина тармагында окуу куралы катары колдонулуп келет.

Түрк-ислам архитектурасынын алгачкы үлгүсү Толунуулу Ахмед тарабынан Каирде курулган Толунийе мечити болуп саналат.

Абу Райхан аль-Бируни (973-1051-жж.) Харземшахтардын сарайында чоңойгон жана Газневи өкүмдары Махмуддун коргоосунда болгон. Ал математика, геометрия, медицина жана география багытында 113төн ашык эмгек жазган. Бирок Бирунинин негизги жетишкендиги - астрономия тармагында болгон. Ал жылдыздардын бийиктигин жана бурчун так өлчөгөн курал жарактарды ойлоп тапкан. Ал аалам ядросунун диаметрин 15 чакырымга гана ката менен 6338,8 км деп аныктаган. Анын астрономия китеби дүйнөдөгү астрономия багытындагы алгачкы энциклопедия катары бааланат.

Фараби жана Ибни Сина ачкан жолдон көптөгөн түрк окумуштуулары басып өтүшкөн. Философия багытында Аль-Хорезми, Шахристани, Газали жана Фахреддин Рази, геометрия жаатында Абдурраззак Түрки, тригонометриянын негиздөөчүлөрүнүн бири Абдулла аль-Барани болуп саналат. Селжук Султаны Меликшах Исфаханда жана Багдадда обсерватория куруп, белгилүү Ирандык математик жана астроном Умар Хайямды башчылык кызматка алып келген. Кээ бир илимпоздор, анын ичинде Умар Хайям, Меликшахтын атынан күн жылынын негизинде Жалали тактап айтканда таквими Меликшах аталышындагы жылсанак даярдашкан.

Түрк-Ислам мамлекеттеринин мезгилинде искусство жана архитектура жаатында чоң өнүгүү байкалган. Түрк-ислам маданиятына жана коомдук турмушуна ылайык өнүккөн архитектуранын эң маанилүү үлгүлөрү бул мечиттер, медреселер, кербен сарайлар, ооруканалар жана башка түркүн имараттар болуп саналат. Түрк-ислам архитектурасынын алгачкы үлгүсү Толунуулу Ахмед тарабынан Каирде курулган Толунийе мечити азыркы күнгө чейин сакталып калган.

Түрктөр тарабынан колдонулган арка жана мамыча формалары жаңы архитектуралык стилди алып келген, анда Орто Азия жашоосу жана чатыр маданияты ислам архитектурасында чагылдырылган. Айрыкча түрк архитектуралык стилинин уникалдуу үлгүлөрүн текке, купа, мечит жана медресе сыяктуу имараттардан көрүүгө болот.

Жазуу, мукабалоо, миниатюралык искусство, керамика, токуу, таш жана металл иштетүү сыяктуу багыттарда түрктөр уникалдуу үлгүлөрдү көрсөтүшкөн. Ислам дининин негиздерине туура келбесе дагы, алар айкел жана рельеф өнөрүн улантышкан. Мисалы, көптөгөн имараттарда жаныбарлардын фигуралары колдонулган, Султан Тугрул өзү бастырган медалда рельефтик сүрөт болгон. Түрктөр музыка жаатында дагы бир топ ийгиликтерге жетишишкен. Аль-Фараби музыка боюнча эки эмгек жазган жана алар дүйнөлүк музыка тарыхына кирген. Ал өзүнүн чыгармасында үн менен музыканын физикалык негиздерин изилдеп, үн, добуштардын өзгөчөлүктөрүн алгачкы жолу аныктап берген. Сарайлардагы кезметтик ырлар Осмон империясынын аскердик мехтеринин үлгүсү болгон. Мындан тышкары, кээ бир тарикаттарда аткарылган диний музыка жана бийлер түрк суфизм музыкасынын жана бийинин маңызын түзгөн.

72. Түрк-Ислам мамлекеттери

73. Толунуулдары (868-905-жж.)

Аббасиддер халифаттыгынын Египеттеги губернатору Ахмет б. Толун тарабынан Фустатта (Эски Каир) негизделген биринчи түрк-ислам мамлекети. Ички башаламандыктын натыйжасында Аббасиддер тарабынан кулатылган.

74. Ихшидилер (935-969-жж.)

Алгачкы жолу Египетте губернатор болуп дайындалган Мухаммед бин Тогач тарабынан негизделген. Бул Египетте курулган экинчи түрк-ислам мамлекети болуп саналат. Фатимиддер тарабынан кулатылган. Толунуулдары менен Акшиттин башкаруучулары жана аскерлери түрк, ал эми калкынын басымдуу бөлүгү араб болгон.

75. Караханиддер (840-1212-жж.)

Борбору Баласагун шаары ал эми алгачкы өкүмдары Билгекул Кадырхан болгон. Алгачкы түрк-ислам мамлекети болуп саналат. Караханиддер мамлекетин карлук, чигил, жана ягма түрктөрү негиздеген. Сатук Буура хан доорунда ислам динин кабыл ала башташкан. Ислам динин кабыл алгандан кийин атын «Абдулкарим» деп өзгөрткөн. Саманууларынын мамлекетин талкалап Мавераунахрды ээлеп алышкан. Газневиддер менен коңшу болгондуктан чек ара маселесинде ар дайым согуш болуп турган. Эң өнүккөн доору Юсуф Кадырхан мезгилинде болгон. Юсуф Кадыр Хан өлгөндөн кийин, бийликти талашуу жана Газнавиддерге каршы күрөштүн айынан мамлекет алсырап чыгыш жана батыш болуп экиге бөлүнүп кеткен. Чыгыштын борбору Кашкар, батышынын борбору Самарканд болгон. Чыгыш Караханиддерди кара-кытайлар ал эми Батыш Караханиддерди Харезмшах кулаткан. Алар исламды кабыл алышканы менен, өздөрүнүн каада-салтын, нарк-насилин маданиятын сактап калышкан.

76. Газневиддер (963-1187-жж.)

Борбор шаары Газне (Чыгыш Афганистан), Алп Текин Саманууларды тарабынан негизделген. Султан Махмуттун доору эң өнүккөн мезгили болгон. Султан титулун биринчилерден болуп колдонгон Газнелик Махмут Индияга 17 жолу жортуул жасап, ислам динин Индиянын түндүк тарабында жайылуусуна шарт түзгөн. Селжукийлер менен болгон Неса (1035-ж.), Серахс (1038-ж.), Данданакан (1040-ж.) согуштарында жеңилүүгө учураган. Айрыкча Данданакан согушунан кийин алар алсырап, кыйрган. Газневиддер бийлиги жергилүктүү ооган эли Гурлар тарабынан кулатылган.

Улуу Селжуктар жана алардын карамагындагы түрк мамлекеттеринен (огуздар) тарыхтагы эли эң көп жана күчтүү мамлекеттерден болуп саналат. Араб булактарында Огуздар «Гуз», Византар «Уз», Орустар «Торк» деп аталган. Огуздар ислам динин кабыл алышкандан кийин «Түркмен» деп аталган. Огуздар Бозок жана Үчок болуп экиге бөлүнгөн. Кийинчерээк жалпы 24 бутакка бөлүнүшкөн.

УЛУУ СЕЛЖУК МАМЛЕКЕТИ

Улуу Селжук мамлекети эң маанилүү түрк-ислам мамлекеттеринин бири болуп саналат. Алар халифаттыкты коргоп, Крестүүлөр жортуулдарына каршы күрөшүп, Византияны Анадолудан чыгарып, ал жерде ислам динин жайылтуу менен ислам тарыхында маанилүү роль ойногон түрк ислам мамлекети катары белгилүү. Огуз түрктөрү тарабынан негизделген мамлекет. Огуздар X кылымдын аягында исламды кабыл алышкан.

Мамлекеттин алгачкы атасы болгон Селчук, Огуз Ябгу мамлекетинде аскер башчы болгон. Огуз башкаруучусу (Ябгу) менен пикир келишпестиктен улам, ал Сент шаарына качып, ушул жерде исламды кабыл алып, өзүнүн бийлигин кеңейткен. Аймактын күчтүү мамлекеттери Саманууллдары, Караханиддер жана Газнавиддер болгон. Селжуктар алгач Саманууллдарынын чек араларын коргоп, алар менен кызматташкан.

77. Улуу Селжук мамлекетинин күчтөнүүсү

Анадолуда түрктөр баштаган жортуулдар Византия менен беттешүүгө алып келген. 1048-жылы Византия армиясы Эрзурумдун жанындагы Пасиндер согушунда түрктөр менен алгачкы жолу кездешкен. Византия армиясы жеңилген. Селжуктардын Анадолудагы саясий үстөмдүгү күч алган.

Тугрул Бек Аббасий халифасынын чакыруусу менен Багдадга барган. Анткени Шиит тектүү Бувайхиуулдары Багдадды басып алып, халифанын бийлигин чектеп койгон. 1055-жылы Тугрул Бек Бувайхиуулдарын Багдаддан сүрүп чыккан. Кийинчерээк Бувайхиуулдарынын мамлекети кулатылган. Халифа анын кызматы үчүн «чыгыш жана батыштын башкаруучусу наамын берген, ошондой эле кызы менен үйлөндүргөн. Бул окуялардан кийин Селжуктар Ислам дүйнөсүнүн саясий лидерлерине айланган.

1063-жылы Тугрул Бек көз жумган учурда анын уулу болбогондуктан анын ордуна Чагры Бектин уулу Алп Арслан башкаруучу болгон. Ал алгач бийлигине коркунуч жарата турган атаандаштарын жок кылганга аракеттенген. Андан кийин Батышты көздөй жортуулдарды баштаган. Христиандар тарабынан маанилүү шаар болгон Ани шаарынын басып алынышы ислам дүйнөсүндө жылуу кабыл алынган. Халифа Каим Биамриллах Султан Алп Арсланга “Абул-Фатх” (жортуулдардын атасы) деген наам берген.

78. Малазгирт согушу (1071-ж.)

Түрктөрдүн Анадолуга үзгүлтүксүз жортуулдары жана Византия бийлигин кулатуусу император Романос Диогенди согушууга даярдык көрүүсүнө түрткү болгон. Султан Алп Арслан кан төгүүнүн алдын алуу максатында тынчтык келишимин түзүүнү сунуштаган. Бирок император өзүнүн күчүнө ишенип, Султан Алп Арсландын сунушун четке кагат. Жума намазынан кийин башталган катуу күрөштө түрктөр жеңишке жетишет.

Малазгирт согушу Анадолунун ислам өлкөсүнө айлануусун шарттаган эң маанилүү кадам болуп саналат.

Малазгирт согушу тарыхтагы эң оор согуштардын бири катары белгилүү. Император туткунга алынган. Султан Алп Арслан анын өмүрүн сактап өз өлкөсүнө кайтуусуна шарт түзүп берген. Бул жеңиштен кийин Анадолуну басып алуу үчүн түрктөрдүн алдында олуттуу күч калган эмес. Султан Алп Арсландын армиясы Анадолуга карата жортуулдарын уланткан. Үзгүлтүксүз жүргүзүлгөн жортуулдардын натыйжасында Анадолу каратылып алынган. Түрктөр Анадолуга көчүп барып, ал жерди өз мекенине айлантышкан. Анадолуда алгачкы жолу түрк мамлекеттери негизделген. Бул жеңиш Анадолунун ислам өлкөсүнө айлануусуна жасалган эң маанилүү кадам болуп саналат. 1073-жылы Султан Алп Арсланга Мавераунахр аймагындагы сепилдин аскер башчысы кайрылып алдоо жолу менен бычак сайып өлтүргөн.

79. Султан Алп Арслан

Султан Алп Арслан түрк тарыхындагы эң ири мамлекеттик башкаруучулардын бири болгон. Адилеттүүлүктү дүйнөгө жайылтууну Кудайдын буйругу катары кабыл алган. Алп Арслан колундагы бийликтин айынан текебер болуп кетүүдөн коркуп жүргөн. Башкарууну Кудайдын буйруктарына ылайык, адилеттүүлүк, акыйкаттык, адамгерчилик жана кайрымдуулук менен жүргүзүү керек экендигин жакшы билген. Өзүнүн жеңиш жана ийгиликтерин Кудайдын колдоосу менен болгондугуна катуу ынанган. Өлөөр алдында, Мервдеги мүрзө ташына төмөнкүлөрдү жазууну буюрган: *«Алп Арсландын даңкынын асманга жеткенин көргөн адамдар, Мервге келиңиз, ошондо анын топурактын астына көмүлгөнүн көрө аласыз».*

Анын ордуна Алп Арсландын уулу Меликшах башкаруучу кызматын ээлеген. 1073-1092-жылдары Селжук мамлекети эң өнүккөн доорун жашаган. Чек аралары Орто Азиядан Босфорго, Араб деңизинен Арал деңизинин түндүгүнө чейин кеңейген. Бул ийгиликтерге жетишүүдө Алп Арсландын вазири болгон Низамулмүлктүн салымы өтө чоң болгон. Бирок Низмулмүлк Батынийлер тарабынан өлтүрүлгөн. Кийинчерээк Меликшахтын шектүү өлүмүнөн кийин өлкө ичинде оор күндөр башталган.

80. Батынийлик

Бул мазхабдын негиздөөчүсү Хасан Саббах жогорку билим алган. Ал бардык күчтү Кудайдан алгандыгын айтып, элдерди таасири астында калтырган. Ал аяттарды ар түрдүү көз караштын негизинде чечмелеп жоромолдогон. Казвин жана Рей аймактарында тарапташтарынын саны көбөйгөн. Аламут сепилинде өзүнө байланган жан сакчыларды тарбиялап чыгарган. Саясий атаандаштарын жок кылуу үчүн аларды өлтүрүүгө чейин барган.

Батынийлик Селжук мамлекетин ичинен кемирген курт сыяктуу абалга жеткендиктен Меликшах, Хасан Сабахты жок кылуу үчүн армиясын жиберет. Курчоо уланып жатканда Меликшахтын өлүмү сепилди басып алууну токтоткон. 1256-жылы Хулагу хан Аламут сепилин талкалап, батинийлерди жок кылган.

81. Улуу Селжук мамлекетинин кыйроосу

Түрк мамлекеттеринин башкаруу салты боюнча мамлекеттин башкаруусу Кудайдан берилген укук болуп саналган. Башкаруучу бийликтен баш тарткан учурда мамлекеттин башкаруусу үй-бүлөнүн эркек мүчөлөрүнүн ортосунда бөлүштүрүлүп, бардык мүчөлөргө өкүмдар болуу укугу берилген. Ал тактыдан баш тарткан учурда, мамлекеттин башчысы үй-бүлөнүн эркек мүчөлөрүнүн ортосунда бөлүштүрүлүп, бардык мүчөлөргө өкүмдар болуу укугу берилген. Күрөштө жеңип чыккан үй-бүлөнүн эркек мүчөсү башкарууга укуктуу деп эсептелген.

Бирок бул бийлик талашуу кээде согуштардын башталышына себеп болуп өлкө ичинде бөлүнүп-жарылууга алып келген.

Меликшахтын аялы Теркен Хатун уулун тактынын мураскери катары таңуулоого аракет кылган. Низамулмүлк мындай кадамга каршы чыккан. Бул жагдай Меликшах менен Низамулмүлктүн ортосундагы ажырымды пайда кылат. Бирок экөөнүн тең өлүмү Теркен Хатунга издеген мүмкүнчүлүгүн берген. Ал 4 жаштагы уулу Махмудду такка отургузуп, анын атынан кутба окуттурат. Мындай абалга үй-бүлөнүн башка мүчөлөрү каршы чыгышкан. Ошентип 1091-1118-жылдар аралыгында өлкөдө такты үчүн күрөш башталат. Бул мезгилде мамлекеттин күчү алсыздайт. Крестүүлөр жортуулдарына туруштук бере алган эмес жана ислам дүйнөсүнө зыян келтирилген.

Меликшахтын уулдарынан Санжар тактыга отургандан кийин өлкөдөгү баш аламандык токтогон. Султан Санжар Караханиддерди өзүнө байлап алган. Газневиддер менен дайыма согушуп турган. Султан Санжардын мезгили Селжук мамлекетинин акыркы өнүккөн доору болгон. Бул мезгилде мамлекет чыгыштан моңгол кара-кытайлардын ал эми батыштан келген Крестүүлөрдүн жортуулдарынын коркунучуна туш болгон. Султан Санжар алгач кара-кытайлар менен согушуу тууралуу чечим кабыл алат. Бирок 1141-жылы Катван согушунда жеңилүүгө учураган. Манилүү аймактары душман тараптын колуна өткөн. Мусулман болбогон түрк жана моңголдордон турган армия күчтөрүнүн чабуулдары күчөгөн.

Султан Санжар өлкө аймагында туруктуулукту орнотсо да бул жолу ал өз эли болгон көчмөн огуздардын көтөрүлүшүнө туш болгон. Бул көтөрүлүшкө Селжук башчыларынын салык чогултуудагы туура эмес саясаты жана Селжуктардын мамлекеттик башкарууга түркмөндөргө эмес, Иран, карлук жана кыпчак түрктөрүнө орун бергендиги себеп болгон. Султан Санжар көтөрүлүштөрдү токтото алган жок. Көчмөн огуздарга туткунга түшөт. Кийинчерээк туткундан бошотулуп чыкса да мамлекетти мурдагы күчүнө келтире алган эмес. 1157-жылы анын өлүмү менен бирге мамлекет да кулаган. Улуу Селжук мамлекети кыйрагандан кийин Селжуктардын карамагындагы майда мамлекеттер көз карандысыздыгын жарыялашкан. Бул мамлекеттер Ирак, Хорасан, Керман, Сирияда жана Түркияда түзүлгөн.

КРЕСТТҮҮЛӨР ЖОРТУУЛДАРЫ

Орто кылымдагы эң маанилүү саясий, аскердик жана диний окуялардын бири Крестүүлөр жортуулу болуп саналат. Христиан Европалыктардын Иерусалимдин жана анын айланасындагы ыйык жерлерди мусулмандардын карамагынан бошотуу үчүн уюштурган аскердик жортуулдары “Крестүүлөр жортуулу” деп аталган. Бул жортуулдун катышуучулары колдонгон буюмдарына Крестин белгисин колдонушкандыктан, Крестүүлөр деп аталып калган.

82. Крестүүлөр жортуулдарынын себептери

83. Диний себептери

Христиандар Ыйса жана аны ээрчигендердин көпчүлүгү Иерусалимде жана анын айланасында жашашкандыктан алардын мүрзөлөрү ушул аймакта жайгашкан деп эсептешкен. Ошондуктан, бул аймактарды зыярат кылуу алар үчүн ыйык милдет катары эсептелген. Аларга таандык деп ойлогон ыйык жерлерди ээн эркин зыярат кылуу үчүн ал жерлерди басып алуу

керек эле. Ошондуктан Крестүүлөр жортуулдарына катышкандардын күнөөлөрү кечирилип чоң соопко ээ болуу ишениими жайылган. Ушул себептерден улам дин кызматкерлери элди Крестүүлөр жортуулдарына катышууга чакырышкан.

84. Саясий себептери

11-кылымда түрктөр Анадолуга чейин келип, христиандарга таандык жерлерде бийлик орнотушкан. Малазгирт согушунда оор жеңилүүгө учураган Византия, Европа мамлекеттеринен жардам сурап кайрылган. Европалыктар дагы түрктөрдүн жортуулдарынан тынчсызданган. Византияга жардам берилиши керек деген бүтүм чыгарышкан. Анткени христиандардын түшүнүгүндө адашкан түрктөр Анадолу, Сирия жана Палестинадан ушул жол аркылуу сүрүлүп чыгарылмак. Крестүүлөр жортуулдарына катышкан феодалдар дагы жаңы жерлерге жана атак-даңкка ээ болушмак.

85. Экономикалык себептери

Бул мезгилде Европанын экономикалык абалы өтө оор болгон. Дыйканчылык алгачкы ыкмалар менен жүргүзүлгөн. Соода тармагы адал жумуш катары каралбай өтө артта калган эле. Европадагы эң ири мамлекеттин кирешеси кичинекей Анадолу княздыгынын кирешесинен аз болгон. Дүйнөдөгү маанилүү соода жолдору дагы мусулмандардын көзөмөлүндө болгон. Мына ошондуктан Европалыктар чыгыштын байлыгын колго киритүү максатында Крестүүлөр жортуулдарына чоң маани беришкен.

1096-жылдан 1270-жылга чейин сегиз жолу Крестүүлөр жортуулу уюштурулган. Крестүүлөр жортуулуна жүз миңдеген европалыктар кургак жана деңиз жолу аркылуу катышышкан. Алардын катарына англис, француз, немис феодалдары да катышышкан. Крестүүлөр жортуулдарынан натыйжалуу жыйынтык ала алышкан эмес. Айрым маанилүү жерлерди крестүүлөр басып алышса дагы (Иерусалим, Урфа, Джаффа, Сирия), кийинчерээк бул аймактар кайтарылып алынган. Бирок, Крестүүлөр жортуулу Европанын саясий, коомдук, диний, экономикалык жана маданий турмушунда олуттуу өзгөрүүлөрдү алып келген.

86. Крестүүлөр жортуулдарынын жыйынтыгы

87. Диний натыйжасы

Дин кызматкерлери Крестүүлөр жортуулдарына катышкандарга жеңиш убада кылган. Эгерде Крестүүлөр жортуулдары жеңиш менен аяктаса, анда күчтүү өлкөгө айланабыз деп ойлошкон. Бул убадалар ишке ашпай калгандан кийин дин кызматкерлерине болгон ишеним азайып, чиркөөнүн коомго жана мамлекетке болгон таасири өз күчүн жогото баштайт. Христиандар ыйык деп эсептеген жерлер мусулмандардын карамагында калган.

88. Саясий натыйжасы

Крестүүлөр жортуулдарынан улам Түрктөр Батыш Анатолиядан чыгып кетүүгө аргасыз болушкан. Византия айрым жоготкон жерлерин кайтарып алган. Түрктөрдүн Батышка карай жылышы бир азга токтогон. Ислам өлкөлөрүнө терс таасирин тийгизген. Мисалы, биринчи крестүүлөр жортуулунда Иерусалимди басып алгандан кийин шаардын бардык тургундарын кырып салышкан. Крестүүлөр жортуулдарына катышкан төбөлдөрдүн көпчүлүгү көз жумган. Алардан калган жерлерди падышалар басып алышакан. Ошентип Европада борбордук

падышалыктар түптөлгөн. Бул кырдаалдан төбөлдөрдүн кулу болгон жергиликтүү эл дагы пайдаланып, бөштондукка чыгышкан.

89. Экономикалык натыйжасы

Европалыктар менен мусулмандардын ортосундагы соода-сатык кайрадан жанданган. Жер Ортолук деңиз соодасы кескин өскөн. Жаңы порттор түзүлүп, Венеция жана Генуялыктар сыяктуу Жер Ортолук деңиздин жээгиндеги майда мамлекеттер күчтөнгөн. Соода менен алектенген жаңы буржуазия пайда болгон. Европалыктардын жашоо шарты жакшыра баштаган.

90. Илимий жана маданий жыйынтыгы

Европалыктар ислам цивилизациясы жана ислам коому менен жакындан таанышууга мүмкүнчүлүк алышкан. Мусулмандар, христиан дин кызматкерлери айткандай жапайы варвар эмес экендиги белгилүү болгон. Бул байланыштардын натыйжасында кагаз, басма, компас жана мылтык сыяктуу техникалык каражаттар жана маданий элементтер европалыктар тарабынан өздөштүрүлгөн. Ошондой эле, алар токуу, айнек жана булгаары саймалар, арка, көпүрө жана кербен сарай архитектурасы туурасында маалымат алышкан. Бул окуялар Европада кылымдар бою таасирин жоготпой турган доордун башталышына себеп болгон.

Осмон мамлекети түзүлүп, Батышка карай илгерилей баштагандан кийин, европалык динаятчылардын жана саясатчылардын жетекчилиги менен крестүүлөр жортуулдары уюштурулган. Ошондуктан Крестүүлөр жортуулу жөнүндө сөз болгондо, христиан мамлекеттери менен мусулмандардын ортосундагы аскердик жана саясий кагылышуулар эске түшөт.

ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМДҮН СУРООЛОРУ

91. ТЕКШЕРҮҮ ҮЧҮН СУРООЛОР

Төмөнкү суроолорго жооп бергиле?

1. Кайсы халифанын доорунда мусулмандар Орто Азиянын чек араларына биринчи жолу келишкен?

2. Талас согушу кимдердин ортосунда болгон жана бул согуш ислам тарыхынын саясий өзгөрүүсүнө кандай таасир эткен?

3. Ислам маданиятынын өнүгүүсүндө салымын кошкон улуу мусулман түрк илимпоздору туурасында маалымат бергиле?

4. Түрк ислам мамлекеттери туурасында маалымат бергиле?

5. Султан Алп Арсландын өлөөр алдында, Мервдеги мүрзө ташына жаздырган: «Алп Арсландын даңкынын асманга жеткенин көргөн адамдар, Мервге келиңиз, ошондо анын топурактын астына көмүлгөнүн көрө аласыз» деген жазуусу туурасында ой жүгүрткүлө?

6. Кресттүүлөр жортуулу деген эмне? Кресттүүлөр жортуулдарынын себептери туурасында маалымат бергиле?

7. Кресттүүлөр жортуулдарынын натыйжалары туурасында маалымат бергиле?

8. Кресттүүлөр жортуулдарынын диний натыйжалары туурасында маалымат бергиле?

9. Улуу Селжук мамлекетиндеги ич саясий баш аламандык туурасында маалымат бергиле?

10. Батынийлик деген эмне Улуу Селжук мамлекетинде кандай орду болгон?

92. ТЕСТ

Төмөнкү суроолордун туура жоопторун белгилегиле?

1. **Түрк-Араб байланышы туурасындагы төмөнкү маалыматтардын кайсы бири туура эмес?**

   А) Талас салгылашуусунун натыйжасында ислам дини түрктөр арасында жайыла баштаган.

   Б) Аббасий армиясында көптөгөн түрк аскерлер кызмат өтөгөн.

   В) Омеяд халифалыгы доорунда түрктөр менен арабдардын мамилеси жакшы болгон эмес.

   Г) Убакыттын өтүүсү менен Түрк аскерлери армияны жана башкаруу бийлигин колго алышкан.

2. **Эң алгачкы жолу кайсы түрк мамлекети ислам динин кабыл алган?**

   А) Газневиддер

   Б) Караханиддер

   В) Огуздар

   Г) Итил-Волга Болгар

3. **Түрктөрдү ислам динин кабыл алуусу туурасында берилген төмөнкү маалыматтардын кайсы бири туура эмес?**

   А) Түрктөрдүн массалык түрдө ислам динин кабыл алуулары Омеяд халифалыгынын мезгилинде болгон.

   Б) Караханийлер ислам динин кабыл алган алгачкы Түрк мамлекети болуп саналат.

   В) X кылымдын алгачкы жылдарында Ид /тил-Волга Болгар түрктөр ислам динин кабыл ала башташкан.

   Г) XV кылымдан тартып Кытайдан Балкандарга чейинки жайгашкан түрктөр ислам динин кабыл алышкан.

4. **Улуу Селжук мамлекети туурасында берилген маалыматтардын кайсы бири туура эмес?**

   А) Аббасиддер халифалыгы күчүн жоготкондо Селжук мамлекети ислам аламын коргоочу мамлекетке айланган.

   Б) Малазгирт согушунан кийин Анатолиянын каалгалары мусулмандарга ачылган.

   В) Селжуктар X кылымдын баштарында Иранда саясий күч катары пайда болгон.

   Г) XI кылымдын алгачкы жылдарында Селжуктар көптөгөн аймактарда бийлик жүргүзүп ошол кылымдын эң кудреттүү мамлекеттердин катарына кирген.

5. **Төмөнкүлөрдүн кайсы бири түрктөрдүн ислам ааламына кылган кызматтарынан эмес?**

   А) Халифа Харун Рашид доорунда сарайдын сакчылык кызматын түрктөр аркалаган.

   Б) Улуу Селжук мамлекети Аббасиддерди Бувайхиуулдарынын карамагындан куткарган.

   В) Түрктөр ислам динин ички жана сырткы душмандардан коргоп исламдын жайылышына кызмат кылышкан.

   Г) Малазгирт согушунун натыйжасында Анатолиянын каалгалары мусулмандарга ачылган.

6. Фараби туурасында берилген маалыматтардын кайсы бири туура эмес берилген?

А) Бируниден таасирленген.

Б) Математика, Физика, Астрономия багытында 160ка жакын эмгек жазган.

В) Аристонун ой жүгүртүүсүн эң жакшы түшүндүргөн инсан болгон.

Г) Евклид геометриясын ачыктаган.

7. Муаллимус сани (Экинчи мугалим) деп аталган окумуштуу ким болгон?

А) Ибн Сина Б) Фараби

Г) Бируни Д) Фахреддин Рази

8. Алгачкы Түрк-Ислам архитектуралык үлгү катары ..... тарабынан Каирде курулган ..... болуп саналат? Бош орундарды толтургула?

А) Низамулмүлк-Низамийе медресеси

Б) Меликшах- обсерватория

В) Толунуулдары-Толун мечити

Г) Мамун-Байтул-хикма

9. Төмөнкүлөрдүн кайсы бири түрк-ислам мамлекеттеринен эмес?

А) Газнаведдир

Б) Ихшидилер

В) Улуу Селжуктар

Г) Фатимиддер

10. Караханиддер туурасында берилген төмөнкү маалыматтардын кайсы бири туура эмес берилген?

А) Ислам динин кабыл алгандан кийин каада-салттарын жоготкон.

Б) Эң алгачкы өкүмдарлары Билге Кул Кадыр хан болгон.

В) Эң өнүккөн доору Юсуф Кадыр хан доорунда болгон.

Г) Алгачкы түрк-ислам мамлекети болуп саналат.

11. Төмөнкү варианттардын кайсы биринде Данданакан согушу тууарсында туура эмес маалымат берилген?

А) Согуштун себеби Тугрул Бек Газневиддерге кол салуусу болгон.

Б) Согушта Селжуктар жеңишке жеткен.

В) Бул согуштун натыйжасында Византия кулаган.

Г) Бул согуштун натыйжасында Селжук мамлекети расмий түрдө түптөлгөн.

12. Төмөнкү маалыматтардын кайсы бири крестүүлөр жортуулдарынын себептеринен эмес?

А) Христиандар Иерусалимдин тегерегиндеги ыйык жерлерди каратып алууну максат кылышкан.

Б) Европалыктардын батыштын байлыктарын басып алуу максаты болгон.

В) Дүйнөнүн маанилүү соода жолдорунун мусулмандардын колуна өтүүсү.

Г) Түрктөрдүн христиандарга таандык болгон ыйык жерлерин каратып алуусу.

13. Төмөнкү маалыматтардын кайсы бири кресттүүлөр жортуулдарынын диний натыйжарынан эмес?

А) Дин кызматкерлерине болгон ишеним жоголгон.

Б) Чиркөөлөрдүн коомдогу таасири жоголгон.

В) Христиандарга таандык болгон ыйык жерлер мусулмандардын карамагына өткөн.

Г) Чиркөөлөрдүн мамлекеттик башкарууга болгон таасири жоголгон.

14. Төмөнкү маалыматтардын кайсы бири Кресттүүлөр жортуулдарынын экономикалык натыйжаларынан эмес?

А) Жер Ортолук деңиз соода жолунун жандануусу.

Б) Жаңы порттордун курулуусу.

В) Жер Ортолук деңиздин жээгиндеги майда мамлекеттердин экономикасынын төмөндөөсү.

Г) Буржуазиялык топтордун пайда болуусу.

15. Төмөнкүлөрдүн кайсы бири Кресттүүлөр жортуулдарынын маданий натыйжаларынан эмес?

А) Мусулмандардан кагаз чыгаруу, басмакана сыяктуу технологиялык билимдерди үйрөнүшкөн.

Б) Европалыктар ислам маданияты менен таанышышкан.

В) Европалыктар мусулмандардын жапайы варвар эмес экенин таанып билишкен.

Г) Европалыктар көпүрө, кербенсарай сыяктуу архитектуралык чыгармачылыктан маалымат алышкан.

БӨЛҮМ IV

ОСМОН МАМЛЕКЕТИ (1299-1922-ЖЖ.)

БӨЛҮМДҮН ТЕМАЛАРЫ

- **ОСМОН МАМЛЕКЕТИНИН ТҮПТӨЛҮҮСҮ.**
- **ӨНҮГҮҮ ДООРУ (1360-1453-ЖЖ.)**
- **ӨНҮККӨН ДООРУ (1453-1579-ЖЖ.)**
- **ТОКТОЛГОН МЕЗГИЛИ (1579 – 1699-ЖЖ.)**
- **АЛСЫРОО ЖАНА КУЛОО МЕЗГИЛИ (1699- 1792-ЖЖ.)**

ДАЯРДЫК ТАПШЫРМА

- Түркиянын учурдагы саясий, экономикалык жана маданий түзүмүнүн анын жайгашкан жерин картадан изилдегиле.
- Жакынкы Чыгыш деп аталган аймак кайда экендигин жана бул аймактын бүгүнкү күндөгү маанилүүлүгүн изилдегиле.
- Түптөлүү мезгилинде Осмон мамлекетинин Балканга - Батышка карай жортуулдарын эмне себептен жүргүзгөндүгүн изилдегиле.
- Тарыхта Стамбулга кимдер жортуул жасагандыгы жана эмне үчүн аны каратып алуу мүмкүн болбогонун изилдегиле.
- Осмон мамлекетинин Ислам тарыхындагы ордун изилдегиле.
- Капитуляция, Шиа, Барбарос Хайреттин, Крестүүлөр жортуулдары, Француз революциясы, Өнөр жай революциясы түшүнүктөрүн изилдегиле.

93. ОСМОН МАМЛЕКЕТИНИН ТҮПТӨЛҮҮСҮ

Осмон мамлекети-мурунку мезгилдерде түптөлгөн түрк мамлекеттеринин эң маанилүүсү жана эң узак мезгилге чейин өкүм жүргүзгөн мамлекет болуп саналат. Омеяд, Аббасий жана Селжук мамлекеттеринин уландысы катары түзүлгөн Осмон мамлекети кичинекей бейликтен чоң империяга жетип, Ислам цивилизациясынын өнүктүрүүчүсү жана коргоочусу болгон. Азияга, Европага жана Африкага чейин кулач жайган Осмон мамлекетин акыркы улуу ислам мамлекети деп сыпаттасак жаңылышпайбыз.

Сүрөт 2 Осмон мамлекетинин негиздөөчүсү Осмон бей

Осмон мамлекети Анатолиядагы (Түркия) Огуз түрктөрүнүн бир бутагы болгон Кайы уруулары тарабынан түзүлгөн. 13-кылымдын орто ченинде кайылар моңголдордун кысымынан кутулуу үчүн Анатолияга көчүп, Анкаранын жанындагы аймактарга жайгашышкан. Кайылар Анадолуга келгенге чейин бул аймакта башка түрк мамлекеттери түзүлүп тактап айтканда Анадолу түрктөштүрүлүп, ислам дини жайылган. Анадолуга жер которуп келген Кайылардын башында Эртугрул Гази болгон. 1281-жылы көз жумгандан кийин уулу Осмон, Кайы урууларынын башчысы болуп дайындалган. Осман Бей аймактагы Византия княздыктары менен согушкан. Ал 1299-жылы көз карандысыздыгын тегерегиндеги бейликтердин жана Анадолунун диний жана коомдук таасири күчтүү болгон Ахийлердин колдоосу менен жарыялаган. Осмон Бейден кийин анын ордуна урпактары келгендиктен Осмон мамлекети деп аталып калган.

Саясий абал: Осмон мамлекети түптөлгөн мезгилде борбору Стамбул шаары болгон Византия мамлекети (Чыгыш Рим) империялык күчүн жоготкон учуру эле. Анын саясий жана аскердик абалы ордодогу баш аламандыктардан жана такты үчүн күрөштөрдөн улам солгундап турган. Балканда Болгария менен Сербия падышалыктары жана Валахия, Молдавия, Босния-Герцеговина жана Албания княздыктары болгон. Алардын арасында саясий жана диний себептерден улам дайыма күрөш жүрүп турган. Бул аймакта саясий биримдик болгон эмес. Ошол кезде Анадолуда Осмон мамлекетинен мурун түзүлгөн Анадолу Селжук мамлекети кулап, княздыктар өз алдынча бийлик жүргүзүшкөн. Осмон мамлекети алардын ортосундагы чыр-чатактарга аралашкан эмес. Тескерисинче, алар мамлекетти чыңдоо жана исламды динин жайылтуу үчүн Батышка, тактап айтканда Балкан тарапка бет алышкан.

1326-жылы Осмон бей каза болот. Мамлекеттик салтка ылайык атасы тирүү кезинде жортуулдарды жана мамлекеттик иштерди башкарууну колго алган уулу Орхан бей атасынын ордуна бийликке келет. Орхан бей доорунда (1324-1362-жж.) борбордук жана аскердик система түптөлүп, чыныгы мамлекет негизделген.

1326-жылы Византиянын колундагы маанилүү соода шаары Бурса алынып, мамлекеттин биринчи борбору болгон. Кийинчерээк Изник, Измит жана Балыккесир каратылып алынды.

Орхан бей (1324-1362-жж.) Осмон мамлекетинин негиздөөчүсү болуп саналат. Мамлекеттин алгачкы борбору Бурса шаары болгон.

Орхан бей доорундагы маанилүү окуялардын бири - Анадолудан Балканга чейинки аймактарда да өз бийлигин орноткон. Орхан Бей уулу Сүлайман Пашаны Византияга жардам берүү үчүн Чанаккале аркылуу Византияга жөнөткөн, ошентип аймакта аскердик база түзүлүп, Фракия андан кийин Балканды басып алуу башталган. Бул жортуулдардын негизинде Анадолудан тартып алынган аймактарга мусулман түркмөн көчмөндөрүн отурукташтырган. Ошентип, болжол менен жүз элүү жылга созулган отурукташтыруу саясаты жүзөгө ашкан. Ошентип, Балкандагы басып алынган жерлердин исламдаштырылуусуна жана көчмөндөрдү отурукташтырылуусу аркылуу салык чогултууга шарт түзүлгөн.

Осмон мамлекети Анадолу Селжук мамлекетинин мурасын мурастап, алар сыяктуу Исламды коргоону жана жайылтууну көздөгөн. Анадолудагы саясий күрөштө Анадолу княздыктарын көзөмөлгө алып Анадолуда саясий биримдикти чыңдоону максат кылып бул багытта ийгиликке жетишишкен. Осмон мамлекети тынымсыз өнүгүп, өсүп, эң ири чек арага жетип, маданият жана цивилизация жаатында чоң ийгиликтерге жетишип, дүйнөдөгү эң узак жашаган мамлекеттердин бири болуп калган. XV жана XVI кылымдарда дүйнөдөгү эң күчтүү империяга айланган.

Кыска убакыттын ичинде Осмон мамлекетинин өсүшүнүн себептерин тарых изилдөөчүлөрү төмөнкүдөй тизмектейт:

- ***Кербен жана соода жолдорунда жайгашуусу.***
- ***Алсыз Византия менен чек арада жайгашуусу.***
- ***Аймак дыйканчылыкка жана мал чарбачылыгына ылайыктуу болуусу.***
- ***Анадолудагы саясий бытырандылык жана Осмон мамлекети бул кырдаалды өз кызыкчылыктары үчүн колдонууда ийгиликтүү саясат жүргүзүүсү.***
- ***Балкан өлкөлөрүнүн абалы (аймактагы саясий күчтөртөрдүн алсыздыгынан улам Осмон мамлекетине каршы бирдиктүү саясат жүргүзө алышкан эмес)***
- ***Анадолуда күчтүү саясий, диний, экономикалык жана социалдык күчкө ээ болгон Ахилердин колдоосун алуусу.***
- ***Христиандарга каршы жортуул жана согуштарды Анадолу эли жана бийлик өкүлдөрүнүн колдоосу.***
- ***Түркмөн бектеринин жана аскер башчыларынын Осмон мамлекетине кошулуусу.***
- ***Борбордук мамлекеттик башкаруу системасын ийгиликтүү ишке ашыруу жана башкаруунун адилеттүү ыкмасы.***
- ***Отурукташтыруу саясатынын ийгиликтүү иш жүзүнө ашуусу.***

94. ӨНҮГҮҮ ДООРУ (1360-1453-ЖЖ.)

Орхан Бейдин өлүмүнөн Стамбулду басып алууга чейинки мезгил Осмон мамлекетинин өнүгүү мезгили болуп саналат. Бул мезгилде мамлекеттик түзүлүш толугу менен калыптанып, Балканда жортуулдар уланып, ал эми Анадолуда Осмон мамлекети бийлигин күчтөндүрүү үчүн жигердүү саясат жүргүзүлгөн. Өнүгүү мезгилинин белгилүү падышалары I Мурат (1362-1389-жж.), I Байезид (1389-1402-жж.), I Мехмет (1413-1421-жж.) жана II Мурат (1421-1451-жж.) болгон.

95. Өнүгүү доорундагы негизги маанилүү окуялар

Сербия согушу (1364-жж.). Осмон мамлекетинин Балкан аймагындагы ылдам илгерилеши Балкан мамлекеттерин тынчсыздандырган. Папанын чакыруусу менен Венгрия, Болгария жана Сербия падышалыктарынын жетекчилиги астында Крестүүлөр армиясы түзүлгөн. Крестүүлөр Мерич дарыясын кечип өтүп, Сербиянын Сингы шаарына жайгашышат. Алар армиясынын санынын көптүгүнө ишенгендиктен, керектүү чараларды көрүшкөн эмес. Ушул мүмкүнчүлүктөн пайдаланып, Хажы Илбей башкарган Осмон армиясы кокусунан түнкү чабуул жасап Крестүүлөр армиясын талкалаган. Бул согуш алгачкы Осмон-Крестүүлөр согушу болуп саналат. Жеңиштин натыйжасында Балкандагы мусулмандардын жайылуусу күч алган. Византиянын Балкандагы таасири азайган. Борбор шаары Бурса, Эдирне шаарына которулган.

Сербия согушу алгачкы Осмон-Крестүүлөр согушу болуп саналат. Жеңиштин натыйжасында Балкандагы мусулмандардын жайылуусу күч алган.

1-Косово согушу (1389-жж.). Осмон мамлекетинин София, Нис жана Битола сыяктуу шаарларды басып алышы жана алардын Балкандагы үстөмдүгүн чыңдоосу Балкан өлкөлөрүн кайрадан биригишине алып келген. Венгер, поляктар, хорваттар жана валахиялыктар да сербдер жетектеген Крестүүлөр жортуулдарына кошулушкан. Мындан кабардар болгон I Мурат Крестүүлөр жортуулу менен Косоводо беттешишкен. Бул согушта Осмон мамлекети жеңишке жетишкен. I Мурат согуш талаасында Милош аттуу сербиялык аскер тарабынан шейит болгон. Косовонун жеңиши-бул Осмондуктардын Серб менен Чирменден кийин Балканда толугу менен бийлик жүргүзүү үчүн болгон үчүнчү чоң жеңиши болуп саналат.

Никополь согушу (1396-жж.). Осмон мамлекетинин Балкандагы чек араларын Дунайга чейин узартуусу венгерлерди чочулаткан. Осмон мамлекети менен жалгыз согушуудан чочулаган Венгриянын падышасы Сигизмунд, Папанын колдоосу менен Европа мамлекеттеринин христиан армияларын чакырган. Бул чакыруудан кийин Венгрия, Венеция, Германия, Франция, Англия, Бельгия, Швейцария, Нидерланды, Шотландия жана Валахия сыяктуу өлкөлөрдүн катышуусу менен күчтүү армия түзүлгөн. Крестүүлөр Дунайдагы Никополь чебин курчап алышкан. Ошол эле учурда Стамбулду курчоого алган Йылдырым Байезид курчоону алып салууга аргасыз болгон. Крестүүлөр Никополь сепилинин алдындагы салгылашта жеңилүүгө учурап, Болгария Осмон мамлекетинин башкаруусуна өткөн. Никополь жеңилүүсүнөн кийин Крестүүлөр Осмон мамлекетине каршы жаңы Крестүүлөр армиясын 50 жылдай түзө алган эмес.

Анкара согушу жана Интеррегнум доору: Йылдырым Байезид өкүмдар болгондон кийин Анадолуда саясий биримдикти орнотуу максатында Анадолу бейликтерине таандык болгон жерлерди каратып алган. Жерин жоготкон бейлер Тимурдан жардам сурап кайрылышкан. Тимур

түрк өкүмдары болгон жана Самаркандда күчтүү мамлекет түзгөн. Кытайга каршы жортуулга чыгууну максат кылган эле. Тимур, Осмон мамлекетинин күчтөнүүсүнөн тынчсызданган. Анадолуда жерлерин жоготкон бейликтер Тимурду Байезидге каршы тукурушкан. Тимур, Байезидден Анадолу бейликтеринин жерлерин кайтарып берүүсүн жана баш ийүүсүн талап кылган. Байезид бул сунуштан баш тарткандан кийин бул эки мусулман түрк башкаруучулары Анкаранын жанында согушууга аргасыз болушкан. Байезид согушта жеңилип, Тимур тарабынан туткунга алынган.

Челеби Мехмет (I Мехмет) мамлекеттин экинчи негиздөөчүсү катары таанымал.

Тимур Анадолу бейлеринин жерлерин кайтарып берип, Байезидди өзү менен кошо туткунга алып кетет. Башкаруучусуз калган мамлекет кулап калуу коркунучунда турган. Байезиддин уулдары бийликке келүү үчүн бири-бири менен согушушкан. Бул мезгил 1402-1413-жылдар аралыгында 11 жылга созулган. Осмон мамлекетинин тарыхынын бул мезгили “ Интеррегнум доору “ деп аталат. Челеби Мехмет (I Мехмет) бир туугандарын таасирсиз кылуу менен такка отурган. Ал Анадолуда саясий кырдаалды жөнгө салган. Ушул себептен ал мамлекеттин экинчи негиздөөчүсү катары таанымал.

Варне согушу (1444-жж): Венгер падышасы Ладисластын жетекчилиги астында түзүлгөн Крестүүлөр армиясы Осмон мамлекетин Балкан аймагынан сүрүп чыгуу максатында жортуулга чыгышкан. Варна түздүгүндөгү Крестүүлөр армиясы менен болгон согушта Осмон мамлекети жеңишке жеткен. Падыша согуш талаасында өлтүрүлөт. Крестүүлөрдүн Осмон мамлекетини Түштүк-Чыгыш Европа жана Стамбулдун тегерегинен сүрүп чыгуу үчүн уюштурулган жортуулдары өз максатына жетпей калган.

2-Косово согушу (1448-жж.): Варнадагы жеңилүүнүн өчүн алуу максатында Крестүүлөр армиясы 1448-жылы Косоводо II Мураттын башчылыгындагы Осмон армиясы тарабынан талкаланган. Ошентип, Крестүүлөрдүн Осмондуктарды Балкан аймагынан кууп чыгуу пландары ишке ашпай калган. II Косовонун жеңиши Осмондуктарга Балканда бекем отурукташууга мүмкүнчүлүк жараткан.

II Косовонун жеңиши Осмондуктарга Балканда бекем отурукташууга шарт түзгөн.

96. ӨНҮККӨН ДООРУ (1453-1579-ЖЖ.)

Стамбулду басып алгандан тартып, Султан Сулаймандын көзү өткөнгө чейинки мезгил - Осмон мамлекетинин өсүп гүлдөгөн мезгили болуп саналат. Бул мезгилдеги белгилүү султандар II Мехмед (1451-1481-жж.), II Байезид (1481-1512-жж.), I Селим (1512-1520-жж.) жана Султан Сулайман (1520-1566-жж.) болуп саналат.

97. Стамбулдун каратылып алынышы (1453-жж.)

II Мехмет султан болгондон кийин улуу Осмон мамлекетин курууну максат кылган. Бул үчүн биринчи кезекте Стамбулду каратып алуу болгон. Жаш Султандын Стамбулду каратып алуунун бир канча себептери болгон. Византиялыктар мезгил-мезгили менен Осмон мамлекетинин армиясын Анадолудан Румелияга жана Румелиядан Анатолияга өткөрүүгө бөгөт коюшкан. Качан гана мүмкүнчүлүк болгондо Европа мамлекеттерин жана Анадолу бейликтерин Осмон мамлекетине каршы тукурушкан, алар султандын балдары болгон бейлердин көтөрүлүшүнө жардам берип, өлкөдө жарандык согуштарды уюштурууга аракеттенишкен.

Стамбул маанилүү маданий борбор экендиги жана кургактык менен деңиздеги соода жолдорунун жээгинде жайгашкандыгы географиялык жактан да өзгөчө орду болгон. Ошондой эле, Стамбулду каратып алуу диний жактан да маанилүү болгон. Азирети Мухаммед пайгамбар да *«Стамбул сөзсүз түрдө каратылып алынат. Аны каратып алган аскер башчы кандай соонун аскер башчы, аны каратып алган аскер башчы кандай соонун аскер башчы,»* деп буюрган куттуу кабардын ээси болуу максатында көптөгөн мусулман аскер башчылары Стамбулду каратып алууга аракеттенишкен. Стамбулду Омеяд жана Аббасиддер мезгилинде сегиз жолу жана Осмон мамлекети тарабынан үч жолу курчоого алынса да аны алуу мүмкүн болгон эмес.

Рисунок 3 ***Султан Фатих Мехмед***

II Мехмет Стамбулду басып алууга даярданып жатканда Византия дагы коргонуу чараларын күчөткөн. Ал кыйраган дубалдарды жана сепилдерди калыбына келтирип, Алтын Мүйүздүн кире беришин чынжыр менен жаап салган. Христиан өлкөлөрүнөн жардам сурап кайрылат. Христиан дүйнөсүнүн колдоосун алуу үчүн католик жана православ чиркөөлөрүн бириктирүү аракети көрүлүп, ушул максатта Айясофияда чоң жыйын өткөрүлөт. Православдык Византия эли буга реакция жасап каршы чыгат. Арыз ээси Лукас Нотарастын: *"Константинополдо (Стамбул) кардиналдык шапканы көргөндөн көрө, Осмондун чалмасын көргүм келет"* деген сөзү чиркөөлөрдүн биригүүсүнүн майнапсыз аракет болгонун жана Стамбулдун эли Осмон мамлекетинин адилеттүүлүгүн артык көрөөрүн көрсөткөн.

Босфор кысыгын көзөмөлдөө максатында Румели чебин курдурган. Бул мезгилге чейинки курчоолорго тоскоол болгон Эдирнедеги атактуу Византия дубалдарын кулатуу үчүн ири замбиректерди жасап, курчоого даярдык көргөн. Ал деңизден кол салуу үчүн күчтүү деңиз флотун түзгөн.

II Мехмет даярдыктарын бүткөндөн кийин 1453-жылдын 6-апрелинде Стамбулду курчоого алган. Византия императоруна элчи жиберип, шаарды согушсуз тапшырууну талап кылган. Бирок, Осмон мамлекетинин талабы четке кагылып замбиректерди атуу менен чабуул башталат. Бир түндө жетимиштен ашуун кемелерди кургак чандардын үстүнөн алып өтүп Алтын Мүйүзгө келип жайгашышат. 1453-жылы 24-майда императорго акыркы жолу багынып берүүсүн талап кылып элчи жиберет, бирок бул жолу да багынып берүүдөн баш тартат. II Мехмет 1453-жылдын 29-май айынын шейшемби күнү катуу чабуул жасап, Стамбулду толугу менен каратып алган.

Стамбул каратылып алынгандан кийин жаш султан шаарга салтанаттуу түрдө кирип барган. Византия жана христиан дүйнөсү үчүн тарыхый мааниге ээ болгон Айясофия чиркөөсүнө барат.

Айясофия чиркөөсүндө коркуп күтүп турган миңдеген христиан жана диний секталардын өкүлдөрүнө; дин тутуу эркиндигинин кепилдиги, мал-мүлктөрү таланып-тонолбой тургандыгын жана курчоо учурунда качып кеткендер кайтып келиши мүмкүн экендигин жарыялаган. Фатих Султан Мехмет сөзүндө туруп, Стамбулдагы православдык чиркөөгө тийген эмес. Стамбулду калыбына келтирүү максатында Стамбулду ислам шаарына айландырат. Анадолудан көптөгөн түрктөрдү шаарга алып келип отурукташтырган.

Өнүккөн доорунун белгилүү Султандары II Мехмед (1451-1481-жж.), II Байезид (1481-1512-жж.), I Селим (1512-1520-жж.) жана Султан Сулайман (1520-1566-жж.) болуп саналат.

Стамбулду басып алуунун натыйжалары Осмон жана дүйнө тарыхы үчүн чоң мааниге ээ. Византия империясы кулаган. Стамбулдун каратылып алынышы бүткүл ислам дүйнөсүндө кубануу менен кабыл алынган. Стамбул ислам илиминин жана цивилизациянын борбору боло баштаган. Чыгыш менен Батыштан көптөгөн илимпоздор Стамбулга келип, Султан Мехмед Фатихтин колдоосу астында дүйнөгө жарык чачуу үчүн илимий изилдөө иштерин баштаган. Маанилүү соода жолдорунун көзөмөлү түрктөрдүн колуна өткөн. Европада бул окуя чоң кайгыны жараткан. Себеби христиан дүйнөсүнүн Византияны жоготуу менен Анадолу аркылуу Иерусалимге баруу кыялдары текке кеткен. Христиандар маанилүү базаларын колдон чыгарган. Стамбулду курчоо үчүн даярдалган замбирек техникалары Стамбулдун сепилдерин жыгууга боло тургандыгын далилдеген. Бул окуялар Европадагы феодалдык режимдин кыйрашына алып келип борбордук жана күчтүү мамлекеттер түзүлүүсүнө шарт түзгөн.

98. Балкандагы окуялар

Түрктөрдүн Стамбулду каратып алуусу Европада башаламандыкты пайда кылган. Негизи Балкан элдери түрктөрдүн толеранттуу саясатын колдошкон. Бирок христиан дин башчылары, падышалар жана феодалдар каршы чыгышкан. Алар түрктөрдү Балкан аймагынан кууп чыгуу каалоосунан баш тартышкан жок. Стамбулдун каратылышы бул талаптарды ого бетер күчөткөн. Рим Папасы Европа мамлекеттерин кайрадан Крестүүлөр желегинин астында чогулууга үндөгөн. Бул окуялардан кабардар болгон Фатих Султан Мехмед Крестүүлөрдүн биригүүсүн алдын алуу чараларын көрөт.

Фатих Султан Мехмед 1459-жылы Сербияны, 1460-жылы Мора, 1476-жылы Валахия жана Бугданы басып алуу аркылуу Крестүүлөрдүн максаттарын жокко чыгарган. Балкандагы үстөмдүк Адриатика деңизине чейин жетет. Босния падышасы салыктарын төлөбөй, венгерлердин пайдасына саясат жүргүзгөн. Осмон мамлекетинин күчтөрү 1463-жылы Босния жана Герцеговинага карата жортуулга чыккан. Босниялыктар католиктердин эзүүсүнө туш болгонун жана Осмондуктар дин жана мазхаб эркиндигине чоң урмат көрсөтүшкөндүгүн билип, каршылык көрсөтпөй багынып беришен. Элдердин мусулман түрктөрүнө болгон сүйүүсү ушунчалык күчтүү болгондуктан, куралдангандардын баары мусулмандардын армиясына өтүп кеткен. Бир аз убакыттан кийин Босниянын бардык тургундары Ислам динин кабыл алышып, кийинки кылымдарда алар Осмон мамлекетининде административдик кызматтарды ээлеп мамлекеттин ичинде чоң кызматтарды аркалашкан.

99. Анатолия жортуулу

Осмон мамлекети Европага Исламды алып келүү үчүн Батышка карай жортуулдарды улантып жатканда, Анадолуда айрым түрк бейликтери душмандар менен келишим түзүп, Осмондорго аркадан сокку урууга аракеттенишкен. Бул бейликтердин эң маанилүүсү Синоптогу Исфендияр бейлиги, Борбордук Анадолуда Караманууллдары жана чыгышта Аккоюнлу мамлекети болгон. Стамбулду басып алгандан кийин Осмон мамлекети үчүн дайыма кыйынчылыктарды жараткан бул бейликтерди жок кылуу жана Анадолуда биримдикти камсыз кылуу максатында аскердик жортуулдар уюштурулган. Бул максатта уюштурулган жортуулдардын натыйжасында 1460-жылы Исфендияр бейлиги, 1473-жылы Караманууллдары бейлиги жана 1487-жылы Аккоюнлу мамлекети жоюлуп, Анадолуда тартип орногон.

Стамбулду басып алгандан кийин, Стамбул жана Чанаккале кысыктарынын жээктеринин коопсуздугун камсыз кылуу үчүн деңиз жортуулдары уюштурулган. Эгей деңизиндеги көптөгөн аралдарды басып алуу менен деңиздерден келип чыгышы мүмкүн болгон коркунучтарга каршы керектүү чаралар көрүлгөн.

Ридание согушунан кийин халифалык Осмон мамлекетине өткөн. Султан Явуз Селим «Хадимул-Харемейн» наамын алган.

Анадолуну көзөмөлдөгөн Осмон мамлекети чыгышта шийилердин ишеним негизинде Шах Исмаил тарабынан 1502-жылы түзүлгөн Сафевид мамлекети менен коңшулаш болуп калган. Шах Исмаилдин максаты ал үстөмдүк кылган Иран жана Азербайжанда шиит түшүнүгүн жайылтуу аркылуу Анадолуну Осмон мамлекетинен тартып алуу болгон. Бул максатына жетүү үчүн ал Анадолуда шиит үгүтүн жүргүзүп, Осмон мамлекетинин ичинде башаламандыктарды жараткан. Ошондуктан Фатих Султан Мехмеддин небереси Явуз Султан Селим Иранга жортуул уюштурган. Шах Исмаил 1514-жылы Чалдыран түздүгүндө болгон согушта жеңилген. Чалдырандын жеңиши менен Анадолуга каршы шиит коркунучу жоюлуп, Осмон мамлекетинин чыгыш чек араларынын коопсуздугу камсыздалган.

100. Халифаттык башкаруунун Осмон мамлекетине өтүүсү.

Азирети Мухаммед пайгамбарыбыздын көзү өткөндөн кийин, Азирети Абу Бакирдин доорунан башталган, ислам дүйнөсү үчүн чоң диний жана саясий мааниге ээ болгон халифаттык башкаруу ошол кезде Египетте негизделген түрк тектүү Мамлуктардын колунда болгон. Мамлуктар ошондой эле бүгүнкү Египет менен Сириянын башкаруучулары болгон. Мекке жана Мадина сыяктуу ыйык жерлер да алардын карамагында болгон. Мамлуктар, Осмон мамлекетинин ички иштерине кийлигишип, шииттер менен Осмон мамлекетине каршы союздаш болгон. Египетти басып алуу менен ири соода жолдору көзөмөлгө алынып, Португалиялыктардын Индия океанындагы мусулман деңиз соодагерлерине келтирүүчү зыяндарынын алды алынмак. Султан Явуз Селим Ислам дүйнөсүндөгү саясий күчтүн бир колдо топтолуусу керектигин максат кылган.

Явуз Султан Селим шийилердин коркунучун жок кылуу максатында Мамлуктарга жортуулга чыгуу чечимин чыгарат. Мусулман башкаруучу болгон Мамлук башкаруучусуна каршы саясий жортуул уюштуруу боюнча аалымдарын пикири суралган. Аалымдар кеңеши жортуулга чыгууга уруксат берген өкүм чыгарышат. Мамлуктар 1516-жылы Алеппонун жанындагы Мерсидабык

түздүгүндө болгон согушта жеңилген. Сирия, Ливан жана Палестина Осмон мамлекетине алынып, Египетке жол ачылган.

Султан Явуз Селим, Мамлуктун башкаруучусу Томамбайга элчи жиберип, анын бийлигин таануусун талап кылат. Томамбай Осмон малекетинин талабын четке кагып, элчисин өлтүртүп салат. 1517-жылы эки тараптын ортосунда болгон Ридание согушунда Осмон мамлекети жеңишке жетип Египетти каратып алат. Томамбай туткунга түшүрүлүп, өлүм жазасына тартылган. Мекке шаарынын өкүлү Султан Явуз Селимге Мекке менен Мадинанын ачкычтарын тапшырган. Ошентип «Хадимүл-Харемейн» наамын алган.

Ридане жеңишинен төмөнкүдөй натыйжаларды чыагрууга болот:

✓ ***Халифалык Осмон мамлекетине өткөн.***

✓ ***Мамлук мамлекети кулаган. Мекке жана Мадина сыяктуу ыйык жерлер Осмон мамлекетинин башкаруусуна өткөн.***

✓ ***Индиядан деңиз жана кургак жол аркылуу Жер Ортолук деңиз портторуна жеткен жыпар жыттуу сатылуучу соода жолдору Осмон мамлекетинин көзөмөлүнө өткөн.***

✓ ***Осмон мамлекети Ислам дүйнөсүнүн эң күчтүү мамлекетине айланган.***

✓ ***Ыйык аманаттар Стамбулга алынып келинип, Топкапы сарайына коюлган. Бул ыйык аманаттар бүгүнкү күндө Топкапы сарайында сакталууда.***

101. КАНУНИЙ СУЛТАН СУЛАЙМАН ДООРУ

Кануний Султан Сулайман эң узак бийлик жүргүзгөн Осмон мамлекетинин падышасы болуп саналат.

Явуз Султан Селим Европа жана Ислам географиясындагы эң күчтүү Осмон мамлекетин түптөп, уулуна эбегейсиз мал-мүлктү мурас калтырган. Кануний лакабы менен белгилүү болгон I Сулайман бул мүмкүнчүлүктү өзгөчө лидерлик жөндөмдөрү менен айкалыштырган жана анын доорунда Осмон мамлекети Чыгыш жана Батышта экономикалык, саясий жана аскердик жактан эң күчтүү мамлекет болгон. Европалыктар Султан Сулаймандын мезгилине даңазалуу доор, ал эми түрктөр болсо адилеттүүлүктү, мыйзамдуулукту бекем кармангандыгы үчүн Кануний деп аташкан. Эң узак бийлик жүргүзгөн (46 жыл) Осмон мамлекетинин падышасы болуп саналат.

Кануний Султан Сулайман такка отурган мезгилде Осмон мамлекети үчүн Батыштагы эң чоң коркунуч Европанын көпчүлүк бөлүгүн көзөмөлдөгөн Рим Герман империясы жана анын лидери Шарлкен болгон. Венгрия, Шарлкендин колдоосу менен Осмон мамлекетине каршы крестүүлөр жортуулун уюштуруу даярдыктарын көрүп жаткан. Осмон мамлекетинин элчисин өлтүргөндөн кийин 1521-жылы Кануний Султан Сулайман жортуулга чыгып, Белградды басып алган. Ушул окуядан кийин венгрлер менен болгон мамилеси солгундай түшөт. Ошол эле учурда Франциянын падышасы Франсуа I Венгриянын падышасы тарабынан туткунга алынган. Анын энеси уулун туткундан куткаруу үчүн христиан падышасына эмес, мусулман башкаруучусу Кануний Султан Сулайманга кайрылууга аргасыз болот. Кануний Султан Сулайман Францияны өз тарабына тартып Венгрия жана Европа христиан биримдигин бузуу максатында жортуулга

чыгат. 1522-жылы Мохач согушунда Осмон мамлекети кыска мөөнөттө Венгрияга каршы жеңишке жетип, I Франсуа туткундан бошотулган.

Бул окуялардан кийин Осмон-Француз мамилелери жакшырган. 1535-жылы I Францискдин өтүнүчү боюнча эки мамлекеттин ортосунда соода келишими түзүлгөн. Бул келишимди Осмон мамлекети “Ахитнаме” ал эми француздар “Капитуляция” деп аташкан. Мына ушундайча Кануний Султан Сулайман Францияны Кресттүүлөр союзунан бөлүп салган. Ушул келишим менен Француз жана Осмон соодагерлери өз ара кеңири укуктарга ээ болушкан. Бирок, француздарга берилген укуктар учурунда Осмон мамлекетине каршы кесепеттерин тийгизип, экономиканын чет өлкөгө көз каранды болуусуна алып келип, мамлекеттин кулашына жол ачкан.

Венури падышасы Фердинанд Осмон мамлекетине таандык болгон Будинге кол салгандан кийин Кануний Султан Сулайман кайрадан жортуулга чыгат. 1529-жылы Будинди багындыргандан кийин Европанын маанилүү стратегиялык аймагы болгон Венаны курчоого алган. Бирок максаты Венаны алуу эмес, Фердинандды согушка мажбурлоо болгон. Ошондуктан жетиштүү даярдык көрүлгөн эмес эле. Кыш мезгили жакындап калгандыктан курчоону токтотушкан. Венанын курчоосу Европалыктардын түрктөрдөн коркуу сезимин күчөткөн жана Осмон мамлекетинин күчтүү абалга келгендигин аңдап сезишкен.

102. Деңиз жортуулдары

103. Эгей жана Жер Ортолук деңизи

16-кылымда Европалыктардын экономикалык өнүгүүсү географиялык ачылыштарды жүзөгө ашыруу менен өсө баштаган. Жер Ортолук деңиздеги жана Индия океанындагы сооданы көзөмөлдөө жана жандандыруу боюнча иш алып баруу максатында Кануний Султан Сулайман деңиз флотуна маани берген. Европа мамлекеттери менен деңиздерде олуттуу күрөш башталган. Эгей деңизиндеги аралдардын көпчүлүгү каратылып алынган. Африканын Жер Ортолук деңизинин жээгиндеги жерлери алынган. Осмондуктардын ийгилиги Кресттүүлөр флотунун негизделишине алып келген. 1538-жылы Осмондуктар менен Кресттүүлөрдүн ортосундагы Превеза салгылашында Осмон мамлекети жеңишке жетишишет. Бул жеңиш менен Жер Ортолук деңиздеги артыкчылык толугу менен түрктөрдүн колуна өткөн.

Египетти басып алгандан кийин чыгыш Жер Ортолук деңизиндеги эң ири Кипр аралы Венециялыктардан Осмон мамлекетинин колуна өткөн. Чыгыш Жер Ортолук деңизиндеги мындай үстөмдүктөн кийин Европалыктар ири деңиз флотун түзүп, Осмон мамлекетин Иебахтыда жеңилүүгө учуратышкан. Бирок бул жеңилүү Осмон бийлигин алсырата алган жок. Кыска убакыттын ичинде жаңы деңиз флоту түптөлгөн. Бул даталарда Суэц каналынын ачылышы дагы пландаштырылган, бирок өтө маани берилбегендиктен аягына чыкпай калган.

Чыгыш-Батыш соода жолдору түрктөрдүн көзөмөлүнө өткөндүктөн соода кызыкчылыктары начарлаган Европалыктар жаңы соода жолдорун издешкен. Бул географиялык ачылыштардын себеби болгон. Португалиялыктар Илгери Үмүт тумшугун аралап Индияга жетип, ал жердеги соода ишин көзөмөлдөп, Индия океанындагы мусулман соодагерлеринин соода жүргүзүүсүнө тоскоол боло башташкан. Осмон мамлекети бул чөлкөмдөгү кырдаалды өз кызыкчылыктарына ылайыкташтыруу максатында жортуулдарды уюштурушкан. Португалиялыктардын күчтүү деңиз флотунан улам чөлкөмдөгү мусулман башкаруучуларга Осмон мамлекети жетиштүү жардам көрсөтө алган эмес. Ошонжой эле Жер Ортолук деңизине жана Батыштын үстөмдүгүнө

артыкчылык бергенинен улам каалаган натыйжаларга жете алган жок. Бул жортуулдардын натыйжасында Осман мамлекети Йемен, Эритрея, Судан жээктери жана Эфиопиянын бир бөлүгү каратылып алынган.

104. АЛСЫРОО ДООРУ

Улуу Вазир Сокуллу Мехмед Пашанын 1579-жылы көзү өткөндөн тартып, 1699-жылкы Карловиц келишимине чейинки мезгил Осмон империясынын алсыроо мезгили болуп саналат. Бул мезгилде мамлекет өз бийлигин сактап калганы менен өлкө ичинде жана чет өлкөлөрдө олуттуу көйгөйлөргө дуушар болгон. Жаш бейлердин бийлик жүргүзүүсү жана валиде султандардын мамлекеттик иштерге кийлигишүүсү, жоокерлердин мамлекеттик жана султандарга каршы көтөрүлүштөр мамлекеттин алсыроосуна себеп болгон. Испандар Европага географиялык ачылыштар аркылуу ири өлчөмдө алтын жана күмүш алып келишкендиги жана ал акчалардын Осмон мамлекетине мыйзамсыз кириши Осмон акчасынын наркы төмөндөтүп чыгымдардын көбөйткөн. Айрыкча Европа армиясынын техникалык жактан өсүшү Осмон мамлекетинин согуштарда жеңишке жетүүсүнө тоскоол болгон. Ушул себептерден улам мамлекеттин өнүгүүсү токтоп, дээрлик тыным болгон. Мамлекеттеги көйгөйлөрдү чечүү максатында алгачкы жолу реформалоо идеясы келип чыккан. Ошол мезгилдин интеллектуалдарынан Кочи бей, Султан IV Муратка абалдын начарлашынын себептери жана чечүү жолдору жөнүндө маалымат берип, бул абалдан чыгуу жолдорун сунуштаган. Бул мезгилде Осмон мамлекетин башкарган султандар төмөнкүлөр: I Ахмед (1603–1617-жж.), IV Мурат (1623–1640-жж.) жана IV Мехмед (1648–1687-жж.).

Туруктуулук мезгилинде ички толкундоолор, көтөрүлүштөр күч алган. Желали көтөрүлүштөрү деп аталган бул көтөрүлүштөргө акыйкатсыз салыктардан кыйналган айыл тургундары, борбордук администрация менен орток келишимге келе албаган администраторлор жана жумушсуз калган медреселердин бүтүрүүчүлөрү колдогон. Бул көтөрүлүштөр аскердик күч менен бастырылган. Негизги көйгөйлөр чечилген эмес. Ушул себептентерден улам элдин мамлекетке болгон ишеними жоголгон.

Бул козголоңдор бастырылып, тартип орногондон кийин, алгач Иран чек арасындагы баш аламандыкты жоюу үчүн чыгышка жортуулдар уюштурулган. Колдон чыккан Багдад кайра алынып, Иран мамлекети менен Каср-и Ширин келишими түзүлгөн. Бул келишим бүгүнкү Түркия-Иран чек арасын аныктаган.

17-кылымда Осмон империясы Батыштагы жортуулдарынан бир аз болсо да ийгиликке жеткенине карабастан, 17-кылымдын аягында алгачкы жолу оор жоготууга учураган. Бул мезгилде Осмон мамлекети Батышта Австрия, Польша жана Венеция менен согушкан. Польша Осмон бийлигин кабыл алгандан көп өтпөй Осмон жерине кол салган. Польшага кайра жортуул уюштурулуп баш ийдирилген. Бул мамлекет менен кол коюлган Букаш келишиминин негизинде (1676-ж.), Польша Осмон империясынын эгемендигин кайрадан тааныган. Осмон империясы 17-18-кылымдарда Австрия менен узак убакытка чейин күрөш алып барган. Мунун негизги себеби Борбордук Европада (Венгрия) үстөмдүк кылуу аракети болгон. Эки мамлекет тең бул аймакты көзөмөлгө алгысы келген. 1606-жылы кол коюлган Цитваторок келишиминин негизинде Осмон мамлекетинин Австрияга каршы үстөмдүгү аяктап Карловиц келишими менен бир топ жер Австрияга калтырылган.

105. Вена согушу

Бул курчоо Осмон тарыхындагы бурулуш учурлардын бири болуп саналат. Согуштун себеби Осмон мамлекетинин Венгриядагы көтөрүлүшкө кийгилишүүсү жана Австрияга каршы согушка катышуусу болгон. Осмон армиясындагы начар башкаруудан улам курчоо өз максатына жеткен эмес. Венадагы жеңилүү Европанын Осмон мамлекетине каршы кылымдар бою келе жаткан психологиялык алсыздыгынан кутулууга себеп болгон. Осмон мамлекетин Европадан сүрүп чыгаруу максатында Австрия, Польша, Венеция, Испания, Мальта жана Россия биригип “Ыйык Биримдик” уюмун түзүшкөн. 16 жылга созулган согуштардын аягында Осмон мамлекети жеңилүүгө учураган. Тарапташтардын ортосунда Карловиц келишимине кол коюлган. Венгрия, Подолия, Украина, Пелопоннес жана Далматия жээктери колдон чыккан. Ушул келишимдин негизинде Осмон мамлекети тарыхында алгачкы жолу карамагындагы жерлерден ажыраган.

106. 17-кылымдагы реформалар

Мамлекеттин башкаруу системасында жана мекемелердин иштөө тартибинде пайда болгон кемчиликтерди жою максатында көрүлгөн чаралар жана жасалган иштер реформа (өркүндөтүү) деп аталат. Реформа иштеп жаткан мекемени толугу менен жоюп салбастан аны кайра оңдоп, түзөтүү жолу менен жүргүзүлөт.

17-кылымда Осмон мамлекети саясий, аскердик жана экономикалык кризиске туш болгон. Ушул көйгөйлөрдү чечүү үчүн алгачкы жолу реформалоо жолуна өткөн. Максаты - элге жогорку деңгээлде кызмат кылуу, учурдун талабына ылайык чараларды көрүү, мамлекетти мурдагы күчүнө кайра келтирүү жана мамлекет менен элдин биримдигин чыңдоо болгон. Бул мезгилде төмөнкүдөй реформалар жасалган:

- ✓ ***Армияда катуу тартип орногон.***
- ✓ ***Тамеки жана алкоголдук ичимдиктерге тыюу салынган.***
- ✓ ***Сарай чыгымдарына чектөө киргизилген. Бирдиктүү бюджет түзүлгөн. Элден алынган салыктар кыскартылган.***
- ✓ ***Билимдүүлөрдүн мамлекеттик иштерге кийлигишүүсүнө жол бербөө аракети көрүлгөн.***

Ушул мезгилде жасалган реформалардын көпчүлүгү өнүгүүгө негиз боло алган жок. Реформа жасаган мамлекеттик ишмердин өлүмү же өз милдетинен кетиши реформалардын ишке ашуусуна тоскоол болгон. Ошондой эле реформалардын ийгиликсиз болушунун негизги себептери көйгөйлөрдүн өз учурунда чечилбеши жана зордук-зомбулук жолу менен чечим чыгаруу аракеттери болгон. Ошондой эле Европада болуп жаткан окуяларды эске албаган мамлекеттик ишмерлер жана реформалар менен кызыкчылыктары бузулган чөйрөлөрдүн (аскерлер, администраторлор ж.б.) пикир келишпестиктери реформалардын өз максатына жетүүсүнө тоскоол болгон.

107. КЫЙРОО МЕЗГИЛИ (1699-1922-ЖЖ.)

Тарыхчылардын басымдуу бөлүгүнүн көз карашында Осмон мамлекети 1699-жылы Австрия, Польша, Венеция жана Россия менен болгон Карловиц келишиминен кийин кыйроо мезгилине кириптелген. Европада өнөр жай төңкөрүшүнүн башталышы, Француз төңкөрүшү менен бирге пайда болгон улутчул кыймылдар жана жаңы идеологиялар Осмон мамлекетине

терс таасирин тийгизген негизги окуялар болгон. 18-кылымда мамлекеттик өнүгүү токтоп калган. Колдон чыккан жерлерди кайтарып алуу аракети ишке ашкан жок. Европанын аскердик жана экономикалык артыкчылыгы таанылган. Европа менен мамиле курчуган.

18-кылымда Осмон мамлекети Россия, Австрия жана Венеция менен согушкан. Венгрия менен Крым колдон чыгат. 18-кылымдан кулаганга чейин Осмон мамлекети менен эң көп күрөшкөн Россия мамлекети болгон. 18-кылымдын башында Россияда Улуу Петр жүргүзгөн реформалар менен мамлекет күчтөнүп бекемделген. Ал экспансионисттик саясатты карманган. Азиядагы ислам жерлерин басып ала баштаган. Дүйнөнүн портторуна оңой жетүү жана Осмон мамлекетиндеги православдык христиандарды өз көзөмөлүнө алуу үчүн Осмон мамлекетине көз арткан. 1774-жылы түзүлгөн келишимдин негизинде Кара деңизде жана Жер Ортолук деңизде эркин соода жүргүзүү, Осмон мамлекетиндеги христиандардын укуктарын коргоо жана капитуляциялардан пайда көрүү укугуна ээ болгон. Андан кийин Крымды басып алган. Крымдагы мусулмандарды кыргын кылып, көпчүлүгүн сүргүнгө айдаган. Алардын ордуна христиандарды отурукташтырган. Россия 19-кылымда да Осмон мамлекетине каршы чыгууну улантkан.

- ✓ ***Сербиялык жана грек элдеринин Осмон мамлекетинен бөлүнүп чыгуусуна үндөгөн. Аларга ар тараптуу колдоо көрсөткөн.***
- ✓ ***Православдык христиандардын укуктарын шылтоо кылып, мамлекеттин ички иштерине аралашкан.***
- ✓ ***Орус падышасы Никола, Осмон мамлекетинин жерин Англия менен бөлүшкүсү келген, бирок терс жооп алган.***
- ✓ ***Балкан мамлекеттерин өзүнүн көзөмөлүнө алуу менен бул аймакта отурукташуу саясатын жүргүзгөн.***
- ✓ ***Армяндарды Осмон мамлекетине каршы колдонгон. Ал "Армян көйгөйүнүн" пайда болушуна алып келген. Бирок, Армяндар кылымдар бою Осмон мусулмандары менен бирге ынтымакта жашап келишкен.***
- ✓ ***Россиянын жана башка улуу мамлекеттердин провокациясы менен пайда болгон Армян көйгөйү бүгүнкү күндө да чечиле элек.***
- ✓ ***1-Дүйнөлүк согушта Осмон мамлекетине каршы Британиянын жанында турган Россия, 1917-жылы революция башталганда, согуштан баш тарткан. Ошентип, эки тараптын согуш абалына чекит коюлган.***

108. Европа мамлекеттери менен байланыш

Европа мамлекеттери Осмон мамлекетин Россиянын карамагына өтүшүн каалабаганы үчүн Россияга каршы Осмон мамлекетин колдошкон. 1854-жылы Крым согушунда Россия Осмон мамлекетине согуш жарыялап Кара деңизге чейин келгенде Англия менен Франция Россияга каршы согушуп Россиянын жеңилүүсүн камсыздаган. Европалыктар Осмон мамлекетине жардам берүү менен бирге өздөрүнүн экономикалык кызыкчылыктарын коргоп калган. Мисалы, Британия менен түзүлгөн соода келишиминде Осмон мамлекетинин соодагерлерине караганда Англиянын соодагерлерине көбүрөөк артыкчылыктар берилип, Осмон мамлекетинин текстиль тармагы кыйроого учураган. Мындан тышкары, алар Осмон мамлекетинде жашаган мусулман эместердин укуктары бузулган деген шылтоо менен мамлекеттин ички иштерине тынымсыз кийлигишкен. Ушул себептентерден улам айрыкча 19-кылымдарда Осмон мамлекети саясий

жана аскердик алсыздыгын жоюу үчүн Европа мамлекеттерин бири-бирине каршы колдонууга же алар менен кызматташууга аракет кылган. Бул тең салмактуу саясат деп аталган.

Осмон мамлекетинин Европалыктар менен тил табышуу аракеттери эч кандай натыйжа бербей тескерисинче көбүнесе чыккынчылык менен аяктаган. Осмон мамлекети менен ар дайым жакшы мамиледе болгон Франция 1789-жылы Египетти 1830-жылы Алжирди каратып алган. Алжирди басып алууда 1,5 миллион мусулман өлтүрүлгөн. Француздар тарабынан жасалган кыргындарга Европа мамлекеттеринин бирөөсү да каршы чыккан эмес. Улуу Британия Осмон мамлекетинин жерлерин басып ала баштаган мамлекеттердин катарына кошулган. Британия Кипрди басып алып, Египетте отурукташкан.

19-кылымда жайылган улутчулдук идеясы Осмон мамлекетине терс таасирин тийгизген. Батыштагылар Осмон мамлекетиндеги мусулман эмес улуттарды көзкарандысыздык үчүн көтөрүлүшкө чыгууларын үгүттөшүп башаламандык жаратышкан. Өлкөдөгү тынч мусулман жана мусулман эмес элдер чагымчыл күчтөрдүн таасири астында баш көтөрүп, алгач гректер, андан кийин сербдер, болгарлар жана албандар Осмон мамлекетинен бөлүнүп чыгып кетишкен.



Рисунок 4 16-кылымдагы Осмон мамлекетинин чек арасы

Осмон мамлекети өз жарандары болгон бул улуттарды мамлекеттен бөлүнүп кетишине жол бербөө үчүн маанилүү кадамдарды жасаган. 1839-жылы жарыяланган танзимат жарлыгы, 1856-жылы жарыяланган реформа жарлыгы жана 1876-жылы ишке ашырыла баштаган конституциялык башкаруу мусулман эместерге кеңири укуктарды ыйгарылып, мамлекеттик кызматчы, депутат жана аскер кызматкери болуу мүмкүнчүлүгү түзүлгөн. Осмон мамлекетинин ар бир жаранына мыйзам алдында бирдей экендиги дин, тил жана раса ортосунда эч кандай басмырлоого жол

берилбестигине кепилдик берилген. Буга карабастан, мусулман эместер “Осмон мамлекетинин жарандары” деген статуска ээ болгондордун саны өскөн жок. Бул процесстин натыйжасында Балкан өлкөлөрү толугу менен колдон чыгып, беш жүз жылдай чогуу жашаган элдер бири-бири менен касташып кетишкен. Батыш өлкөрү мына ушундай бөлүп-жаруу саясатын дүйнөнүн көптөгөн жерлеринде ишке ашырып, артында элди бири-бирине душман катары калтырган. Бүгүнкү күндө бул саясаттын оор кесепеттерин ачык-айкын көрүүгө болот.

109. 18-кылымдагы реформалар

Осмон мамлекетинин бийлик башкаруучулары жана окумуштуулары артта калуунун себептери туурасында изилдөө жүргүзүшкөн. Европада илим, техника жана аскер кызматы жаатындагы өнүгүүлөр болгондугу байкалган. Батыштагы өнүгүүлөрдү өздөштүрүү жана пайдалануу маселеси келип чыгып туруктуу жана чечкиндүү реформалар башталган.

- ***1727-жылы алгачкы түрк басмаканасы негизделген. Басмакана Европадан алынган алгачкы техникалык жаңылык болгон.***
- ***Өрт өчүрүү кызматы түзүлгөн.***
- ***Чечек жугуштуу ооруга каршы алгачкы вакцина ойлоп табылган.***
- ***Европанын архитектуралык стилдери болгон Барокко жана Рококо үлгүлөрү жасалган.***
- ***Инженердик техникалык аскердик мектептер ачылган.***
- ***Европадан алынып келинген математика жана астрономия тармагындагы китептер которулган.***
- ***Европа стилиндеги Низами жадид аскердик бөлүм түзүлгөн.***
- ***Европадагы саясий, аскердик жана маданий өнүгүүлөрдү байкоо үчүн Европанын маанилүү борборлорунда туруктуу элчиликтер ачылган. Аларга маалыматтарды чогултуу тапшырмасы берилген.***

Көрүнүп тургандай бул мезгилде жасалган реформалар 17-кылымдагы реформаларга караганда ар тараптуу болгон. Согуштардагы жеңилүүлөрдөн улам армия тармагындагы реформаларга өзгөчө көңүл бурулгандыктан башка тармактардагы реформалоо иштери жакшыртылган эмес. Реформалар мамлекеттик кызматкерлер тарабынан жасалып, калктын салымы болгон эмес. Осмон мамлекетинин армиясынын бир бөлүмү болгон Янычары аскерлеринин реформаларга каршы чыгышы реформалардын натыйжалуу болуусуна тоскоол болгон. Европага жиберилген элчилер жана Европадан алынып келген Европалык эксперттер Батыш маданиятынын Осмон коомуна кирүүсүнүн башкы себептери болгон.

110. 19-кылымда жасалган реформалар

Бул мезгилде жүргүзүлгөн реформалардын максаты; жер жоготууларын алдын алуу, улутчул кыймылдардын таасири астында баш көтөргөн мусулман эместердин мамлекеттен бөлүнүп кетишине жол бербөө болгон. Айрыкча Европада болуп жаткан окуяларга ылайык мамлекетти жана коомду модернизациялоо, экономикалык маселелерди чечүү, Европа мамлекеттеринин колдоосун камсыз кылуу жана мамлекетти ыдырап кетүүдөн сактап калуу болгон. Бул багытта төмөнкүдөй реформалар жүргүзүлгөн:

- ***Янычары аскердик бөлүмү жоюлган. Ошентип, түзүлгөндөн бери мамлекеттин эң көрүнүктүү аскердик бөлүм болгон янычары аскер бирдигинин реформаларга каршы чыгуусунун алды алынган. Армия Европалык стилде кайрадан түзүлгөн.***

- ***Ар бир тармакта жаңы мектептер ачылган. Аскер академиясы, медицина мектеби, мугалимдер мектеби, мамлекеттик кызматкерлерди даярдоочу борборлор жана чет элдиктер ачкан мектептер.***

- ***Алгачкы жолу Европага билим алуу үчүн студенттер жөнөтүлгөн. Бул студенттерге жаңы идеялар тааныштырылып, алар Осмон мамлекетиндеги заманбап жашоо образынын өкүлү болуп калышкан.***

- ***Алгачкы жолу гезиттер жарык көргөн. Жаңы гезиттер аркылуу коом жаңы идеяларды өздөштүрө баштаган.***

- ***Кийинүү стили өзгөртүлгөн. Офицерлер фез кийишкен. Султан II Махмуд шым кийип, сакалын кыскартып, сүрөттөрүн мамлекеттик мекемелерге илип койгон. Элчиликтер тарабынан уюштурулган операларга жана ар түрдүү кечелерге катышкан. Бул кадамдарды ошол убакытка чейинки бир дагы Осмон мамлекетинин падышасы жасаган эмес. Султан II Махмуддун мындай кадамдары коомчулукта нараазычылыктарды жараткан.***

- ***Бут кийим жана кездеме фабрикалары ачылган. Жол курууга маани берилген. Банктар ачылып, алгачкы жолу чет өлкөлөрдөн карыз алынган.***

- ***Султан, өзү чыгарган жарлыктар менен мамлекет тарабынан батыш стилиндеги эрежелердин аткарылышын камсыздаган. Ушул максатта 1839-жылы жарыяланган Танзимат Жарлыгы Осмон тарыхындагы эң негизги бурулуш учуру болуп саналат. Жарлык жарыяланып, анын бүткүл өлкө аймагында ишке ашырылышы менен укук, билим берүү, аскер кызматы жана администрация түшүнүгү түп-тамырынан өзгөрө баштаган. Жарлыкты түзгөндөр Батыш өлкөлөрүндө билим алып, кызмат өтөгөндөр болгон. Мындан тышкары, Батыш мамлекеттери Осмон мамлекетине жарлыкты жарыялоо үчүн кысым көрсөтүшкөн. Ушул мезгилден тартып Осмон мамлекетинде кош кырдаал түзүлүп, бул абал мамлекет кулаганга чейин уланган. Сөз болуп жаткан кош кырдаал; Осмон коомунун диний ишеними жана бул багытта түзүлгөн мамлекеттик мекемелер, экинчи тараптан Осмон коому үчүн жат болгон батыштын заманбап түшүнүгү. Реформалар мамлекет тарабынан коомчулук менен кеңешпестен жүргүзүлгөндүктөн, элдин салттуу баалуулуктары менен батыштын жашоо образынын ортосунда карама-каршылык башталгандыктан, бул кырдаал маданий үзгүлтүккө жана толкундоолорго алып келген.***

- ***Конституция жарыяланып, Осмон мамлекетинин тарыхында биринчи жолу конституция түзүлүп, парламент ачылган. Султандын ыйгарым укуктары конституция негизинде чектелген. Өлкөдө жашаган бардык улуттардын жарандарына депутат болуу укугу ыйгарылган. Демократия Түркиянын мамлекеттик башкаруу администрациясына кирген.***

Батыш мамлекеттери бул реформаларды жетишсиз деп таанаып, мусулман эместердин пайдасына жаңы талаптарды улам жаңылап турушкан. Натыйжада көтөрүлүштөр мамлекеттин ыдырашына алып келген.

111. ОСМОН МАМЛЕКЕТИНИН КУЛАШЫ

19-кылымдын аягында, мамлекеттин башында Султан II Абдулхамид турган. Анын 33 жылдык башкаруусу мамлекетти сактап калуу аракети менен өткөн. Анткени бир кездерде Осмон мамлекети менен бирге болгон мамлекеттер эми Осмон мамлекетинин жерлерин ээлей башташкан. Айрыкча Улуу Британия менен Франция Осмон мамлекетине каршы саясат жүргүзүшкөндө Султан II Абдулхамид Германия менен мамилесин жакшырткан. Бул өнүгүү Европада мамлекеттердин ортосунда жаңы саясий блоктордун пайда болушуна алып келген.

19-кылымда Европалыктар дээрлик бардык мусулман өлкөлөрүн колониялаштырышкан. Султан II Абдулхамид дүйнөлүк мусулмандарга колонизатор Европа мамлекеттерине каршы туруу максатында Панисламизм саясатын жүргүзө баштаган. Буга ылайык Султан II Абдулхамид мусулмандардын халифасы катары колониялаштырылган өлкөлөрдөгү мусулмандарга колдоо көрсөтө баштаган. Алардын талаптарын орундатууга аракеттенген. Бул саясат өзгөчө Британиянын кызыкчылыгына дал келген эмес. Себеби Султан II Абдулхамид колониялаштырылган мусулмандардын баш көтөрүүлөрүнө мүмкүнчүлүк түзүп берген. Ушул себептен улам Султан II Абдулхамидди бийликтен кетирүү үчүн анын оппоненти болгон Бирлик жана Прогресс партиясын колдошкон. Аралаш структурага ээ болгон бул партиянын иш-аракеттеринин натыйжасында Султан II Абдулхамиддин бийлиги кулаган. Султан II Абдулхамид Осмон тарыхынын эң көп талкууланган султандарынын бирөөсү болуп саналат. Анын мамлекетти сактап калуу жана дүйнө мусулмандарына колдоо көрсөтүүсү бийликтен кетүүсүнө себеп болгон. Осмон мамлекетинин тарыхында Осмон мамлекетинин акыркы улуу султаны болуп эсептелет.

Осмон мамлекети Мондрос ок атууну токтотуу келишиминин негизинде 1-дүйнөлүк согушта жеңилгенин кабыл алган.

Султан II Абдулхамиддден кийин өлкөнүн администрациясында үстөмдүк кылган бийлик өкүлдөрү мамлекетти алгач Балкан согушуна андан кийин Биринчи Дүйнөлүк согушка катышууга мажбур кылышкан. Бирок, Осмон мамлекетинин бул согушка катышуусуна эч кандай себеп болгон эмес. Балкан согушунан жеңилген Осмон мамлекети буга чейин күчүн жоготкон абалда болчу. Жаңы согуш чоң коркунучтарды алып келиши мүмкүн эле. Бирок биримдик жана прогресс партиясынын өкүлдөрү султанга да кабар бербестен, бул согушка катышуу чечимин чыгарышкан. Ушуга карабастан Осмон армиясы, айрыкча Чанаккале согуштарында ошол мезгилдеги дүйнөнүн күчтүү деңиз флоту болгон Англия менен Францияны катуу талкалаган. Бирок бул узакка созулган согушта анын союздаштары Германия жана Австрия менен кошо жеңилген. 1918-жылы кол коюлган Мондрос ок атууну токтотуу келишиминин негизинде согушуудан жеңилгендиги таанылган. Бул согуштардын натыйжасында Балкан өлкөлөрү, Африка жана Жакынкы Чыгыштагы өлкөлөр Осмон мамлекетинин карамагынан чыгып калган. Осмон мамлекети Анадолу менен гана чектелип калган.

Англия, Франция жана Италия кол койгон ок атышууну токтотуу келишиминин шарттарын бузуп, Түркиянын аймагына кол сала башташкан. Ошентип түрктөр кайрадан согуш талаасына кайтышкан. Англиялыктардын үгүтү жана колдоосу менен гректер Измирден Анкарага чейинки түрк жерлерин каратып алышкан. Ал тургай борбор шаар Стамбулду да басып алышкан. Европалыктардын максаты түрктөрдү Анадолудан кууп чыгуу болгон. Бирок түрктөр катуу

күрөш жүргүзүшкөн. Акыркы ислам өлкөсүн коргоп калуу үчүн аялдар, эркектер, жаш-кары дебей өлкөнүн бардык ресурстарын колдонушуп, көз карандысыздык согушун жүргүзүшкөн. Баскынчылар жеңилүүгө учураган. 1922-жылы согуш аяктаган. 1922-жылдын 1-Ноябрында Түркиянын Улуу Улуттук Кеңеши (Түрк Парламенти) султанаттык башкарууну жоюп салган. Ошентип 623 жыл өкүм сүргөн Осмон мамлекети кулаган. 1923-жылы Республика жарыяланган. Жаңы мамлекеттин аталышы Түркия Республикасы деп аталган. 1924-жылы халифаттык башкаруу системасы жоюлган.

112. ОСМОН МАМЛЕКЕТИНИН МАДАНИЯТЫ

113. Мамлекетти башкаруу системасы

Осмон мамлекетинин башкаруу системасы ислам мыйзамдарына негизделген. Ошондой эле, мамлекеттин башындагы өкүмдар ар кандай маселелер боюнча мыйзамдарды Ислам мыйзамдарына каршы келбеген шартта кабыл алууга укуктуу болгон. Султан чыгарган жарлыктар жазылып, мыйзам катары ишке кирген. Бул документтер Ферман деп аталган. Султандын негизги максаты өлкөнү өнүктүрүү жана адилеттүүлүк менен башкаруу болгон. Жортуулдар Исламды жайылтуу максатына багытталган.

Осмон мамлекетинин өкүмдарлары султан, хан, падыша, хакан сыяктуу сыпаттарды колдонушкан. Падышалык Осмон өкүмдарларынын урпагынан чыккан эркек өкүлдөрүнүн укугу болгон. Султан көз жумганда кийин анын уулдарынын бирөөсү тактыга отурган. 17-кылымдан баштап Осмон тукумунан чыккан эң улуу жана бышып жетилген мураскордун такка отуруусу мыйзамдаштырылган.

Осмон мамлекетинин мамлекеттик түшүнүктүн борборунда адилеттүүлүк болгон. Аллах тарабынан Султанга аманат катары берилген элдин тынчтыгы, адилеттүү башкаруу менен мүмкүн болгон. Кичинекей бейликтен дүйнөлүк мамлекетке айланган Осмон мамлекетинин чегинде ар кандай улуттун өкүлдөрү жашаган. Болгарлар, венгрлер, сербдер, гректер жана армяндар христиан динин тутунушкан. Мындан тышкары, еврейлер менен мусулмандар (арабдар, босниялыктар, албандар, берберлер ж.б.) бул өлкөнүн элин түзгөн башка катмарлар болгон. Мына ушундай башка ишенимдеги жана маданияттагы коомдор акыйкат адилеттүү башкаруунун негизинде гана чогуу ынтымакта жашай алышкан. Осмон мамлекети мусулман эмес жарандардын дин тутуу эркиндигин жана эркин жашоо укугун камсыздап диний жетекчилерге диний иштерин жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк түзүп беришкен.

Осмон мамлекети каратып алган аймактарынын өнүгүшүнө да маани беришкен, колонизатор болушкан эмес жана бул аймактардын элдердин динин жана тилин өзгөртүүгө мажбурлашкан эмес. Осмон башкаруучуларынын уулдары, ар тараптуу жогорку билим алышкан. Алар жаш кезинен эле өлкөнүн айрым шаарларына башкаруучу болуп дайындалган. Ханзаданын жанында анын тарбиясынан жооптуу Лала аттуу тажрыйбалуу мамлекеттик кызматкер болгон. Ошентип, ал падыша болгонго чейин башкаруу тажрыйбасын топтогон. Мамлекеттин эң тажрыйбалуу аалым окумуштуулары ханзадалардын илим жаатында да өнүгүүсүндө салым кошушкан. Ханзадалар султан болгондон кийин аалымдарга жигердүү колдоо көрсөтүшкөн. Ошондуктан аалымдар чоң урмат сыйга татыктуу болушкан. Султандардын көпчүлүгү жазуучу чыгармачыл болушкан. Алардын арасында каллиграфтар, музыканттар жана спортчулар болгон.

17-кылымдан баштап ханзадаларды окутууга анчалык деле маани берилбей калган. Бул абал ханзадалардын башкаруу тажрыйбасын топтоого тоскоол болуп, мамлекеттик иштерге башкалардын кийлигишүүсүнө алып келген.

Стамбулду басып алгандан кийин, бул шаар мамлекеттин борбору болгон. Фатих Султан Мехмед жаңы сарай курдурган. Мамлекет ушул жерден башкарыла баштаган. Жаңы Сарай же Топкапы Сарайы катары белгилүү ошондой эле султандын резиденциясы болгон. Сарайда миңдеген кызматкерлер эмгектенген.

Султандын башкы орун басары улуу вазир «садразам» деп аталган. Султан мамлекеттик мөөрдү улуу вазирге бергенден тартып улуу вазир өз милдетин баштаган. Мөөрдү кайра алуу улуу вазирди милдетинен бошотулгандыгынын белгиси болгон. Улуу вазирдин төрагалыгы астында чакырылган Диван-ы-Хумаюн, мамлекеттин эң маанилүү иштери талкууланып, чечилген эң жогорк у деңгээлдеги мажлис болгон. Социалдык тегине карабастан, бардык Осмон мамлекетинин жарандары жергиликтүү соттордо чече албаган укуктук көйгөйлөрдөн улам Диван-ы Хумаюнга кайрылып, көйгөйүнүн чечилишине көмөк алышкан. Тактап айтканда ошол эле учурда жогорку сот кызматын аткарган.

Султандын башкы орун басары улуу вазир «садразам» деп аталган. Диван-Хумаюн, мамлекеттин эң маанилүү иштери талкууланып, чечилген эң жогорку деңгээлдеги мажлис болгон.

114. Осмон мамлекетинин коомдук түзүлүшү

Уюшкан топтордо жашаган адамдардын бүтүнү “коом” деп аталат. Коом – кеңири маанисинде адамдардын биргелешкен ишмердүүлүгүнүн тарыхый калыптанган формаларынын жыйындысы. Адамдарды башкаруу үчүн түзүлгөн институт “мамлекет” деп аталат. Осмон мамлекетинин коому жөнүндө сөз болгондо, Осмон мамлекетинде жашаган жарандарын түшүнүүгө болот. 16-кылымда чек арасы кеңейген Осмон мамлекетинде төмөнкү көзкарандысыз мамлекеттер болгон; Түркия, Крым, Украина, Молдова, Словения, Румыния, Венгрия, Албания, Босния жана Герцеговина, Хорватия, Сербия, Греция, Македония, Косово, Болгария, бардык Араб жарым аралы жана Түндүк Африкадагы мамлекеттер.

Осмон мамлекетинин коомун башкарган жана башкарылгандар деп эки негизги топко бөлүп кароого болот.

1. Башкаруучулар: Падыша султан тарабынан башкаруу укугу берилген сарайдын кызматкерлери, аскерлер, билим берүүчү кызматкерлер жана мамлекеттин бардык кат алышууларын караган бюрократиялык жумушчу топ. Башкаруучулардын эң маанилүү өзгөчөлүгү - алар салык төлөшкөн эмес. Кызматы үчүн алган айлык акысы менен гана өмүр сүрүшкөн.

2. Башкарылуучулар: Булар башкарууга аралашпай, өндүрүш, айыл чарба жана өнөр жай тармагындагы соода менен алектенип, мамлекетке салык төлөгөн жарандар. Ар кандай диндерге, секталарга жана расаларга таандык жарандардан турган. Коом улутуна карап эмес, ишеним негиздерине жараша түзүлгөн. Коомдун диний ишенимдеринин негиздерине ылайык уюштуруу жолу менен башкаруу жолу улуттук тутум деп аталган. Башкаруу системасы ислам динининн башкаруу системасынын негизинде түзүлгөн. Осмон мамлетинин коомундагы негизги элдер

мусулмандар, еврейлер, православдар жана армяндар болгон. 16-кылымдагы Осмон коомунун 12 миллион калкынын бөлүштүрүлүшү төмөнкүдөй болгон; 53,1% мусулман, 41,3% христиан, 5% еврей түзгөн.

Осмон мамлекетинде ар кандай топтордун ортосунда таптык айырмачылык болгон эмес. Ар кайсы топтун мүчөсү медреседе билим алууга, аскердеги ийгилигине жараша же болбосо мамлекеттик кызматтардан башкаруучу класска көтөрүлүшү мүмкүн болгон. Индиядагы же болбосо орто кылымдагы Европа коомундагы Касталык система сыяктуу класстардын ортосунда айырмачылыктар болгон эмес.

19-кылымда Осмон мамлекети бир топ жерин жоготкон. Колдон чыккан аймактарда жашаган мусулмандар, айрыкча түрктөр Анадолуга көчүп келишкен. Миллиондогон иммигранттарды жайгаштыруу чоң көйгөйлөрдү жараткан. Анадолунун калкынын жайгашуу түзүлүшү өзгөрүүгө дуушар болгон. Экономика талкаланган. Бул кылымдын маанилүү өзгөчөлүгү шаардагы калктын көбөйүшү жана транспорт жана байланыш каражаттарынын жетишсиздиги болгон. Пароходдор, темир жолдор, почта имараттары, банктар, жаңы мамлекеттик мекемелер, кымбат дүкөндөр, театр имараттары өлкөнүн чоң шаарларынан баштап бүткүл аймактарда курула баштаган. 1895-жылы Стамбулга алгачкы унаа алынып келинген. Телефон да ушул даталарда колдонула баштаган. Ушул өнүгүүлөр Осмон коомдук түзүлүшүн жана жашоосун өзгөртө баштаган.

115. ИЛИМ ЖАНА ИСКУССТВО

116. Билим берүү системасы

Осмон мамлекетинин классикалык доорундагы билим берүүдөгү негизги маселе билим алган адам мамлекетке баш ийүүсү керек болгон. Билим берүү адамдарды ыймандуулукка, мээримдүүлүккө жана адилеттүүлүккө үйрөтүүгө багытталган. Бул баалуулуктар канчалык көп өздөштүрүлсө билим берүүдө ошончолук ийгиликтүү болот деп ишенилген. 19-кылымга чейин, расмий билим алгандардын жалпы калкка болгон катышы өтө төмөн болгон. Жаш балдар дээрлик бардык кварталдардагы мечиттердин жанында жайгашкан башталгыч мектептерден билим алышкан. Мамлекеттик кызматтарда иштөөнү же жогорку билим алууну каалагандар үчүн ар кандай окуу жайлары болгон.

117. Ендерун билим берүү мекемелери

Фатих Султан Мехмеддин мезгилинде толугу менен түптөлүп, түзүлгөн. Ошондой эле аны сарай мектеби катары да кароого болот. Алгач бул медреселерде христиандардын балдары кабыл алынчу. Жаш кезинен эле үй-бүлөсүнөн алынган бул балдар жогорку билим алышып, мамлекеттик бийликте кызмат өтөшкөн. Сапаттуу мугалимдерден сабак алган бул студенттердин арасында улуу вазир, жогорку даражалуу жоокер жана көптөгөн каллиграф, акын, музыкант жана сүрөтчүлөр чыккан. 19-кылымдан баштап, жаңы билим берүү мекемелери ачылгандан кийин маанисин жоготуп 1909-жылы жабылган.

118. Медреселер

Осмон мамлекетинин билим берүү системасынын эң маанилүү билим берүү мекемеси болуп саналат. Караханийлер доорунда алгачкы түрк медреселери ачылганы белгилүү. Кийинчерээк Улуу Селжук мамлекетинде Низамийе медреселерин ачылган. Осмон мамлекети аларга чейинки

ушул түрк мамлекеттери тарабынан курулган медреселерди үлгү катары алышкан. Султан Фатих Мехмед жана Султан Сулайман Канунинин мезгилинде Осмон медреселери билим берүүдө эң жогорку деңгээлге жеткен. 17-кылымдан баштап медреселердеги билим берүү системасы начарлай баштаган. 19-кылымда жаңы билим берүү мекемелери ачылгандан кийин медреселерге маани берилбей калган. Бирок медресе билим берүү мекемелери жаңы Түрк мамлекетинин алгачкы жылдарына чейин өз ишмердүүлүгүн улантышкан.

Медреселерге башталгыч классты аяктагандан кийин кабыл алынган. Ислам илимдери жана так илимдер чогуу окутулган. Билим берүү араб тилинде жүргүзүлгөн. Медреселер өз ара ар түрдүү тармактарга бөлүнгөн. Мисалы Дарүл-тып медресеси медициналык билим берсе, Дарүл-Хендесе медресеси математика билимин, Медресетүл мутахассисин теология тармагында билим берген.

Медреселерде билим берүү акысыз жүргүзүлгөн. Студенттердин тамак-ашы жана жатакана чыгымдары медреселерге таандык болгон фонд тарабынан каржыланган. Медреселерде сабак берген мугалимдердин эмгек акысын да фонддор төлөп беришкен. Медреселерде дин аалымдары, казылар, дарыгерлер, математика жана астрономия илимпоздору жана Осмон мамлекетинин интеллектуалдары билим алышкан. Осмон мамлекетинде билим берүү мекемелери катары мечиттер, дербиштердин теккелери жана ахилик уюму сыяктуу мекемелердин да орду чоң болгон.

119. Жаңы билим берүү мекелери

Медреселердеги билим берүү системасы 17-кылымдан баштап начарлай баштаган. Так илимдердин окутулуусуна көңүл бурулбай, батыштагы өнүгүүлөрдү өз учурунда өздөштүрүүгө маани берилбей калган. Медреселерде олуттуу реформалар жүргүзүлгөн жок жана мезгилдин талабына ылайык кадрларды даярдоо да жетишсиз болгон. Медресенин өкүлдөрү жаңы ачылган билим берүү мекемелерине каршы чыгып, алардын ийгиликтүү иштешине тоскоол болгон. 18-кылымда Батыш стилиндеги алгачкы билим берүү мекемелери ачылган. 1773-жылы ачылган Инженердик борбор Европадан атайын чакырылган эксперттер иштеген биринчи батыш стилиндеги билим берүү мекемеси болгон. Анын үлгүсү катары башка жаңы мектептер ачыла баштаган. 1869-жылы алгачкы университет катары Даруль-Фунун билим берүү борбору ачылган. 1856-жылы Билим Берүү Министрлиги (Жалпы мектептер министрлиги) ачылган. Бул мекемеге аскердик окуу жайлардан башка мектептер бекитилген.

120. Чет өлкөлүк мектептер

Осмон мамлекетинде жашаган, бирок түрк болбогон элдер өздөрүнүн мектептерин ачышкан. Бул мектептер, адатта, чиркөөлөрдүн карамагында ачылган. Патриархаттар бул мектептерди башкарууга жооптуу болушкан. Мамлекеттин бул мектептерди көзөмөлдөө укугу болгон эмес. Мектептердин мугалимдери христиан дин кызматкерлери болушкан. Осмон мамлекетинин акыркы мезгилинде алар студенттерди өлкөнү талкалоого жана анти-османизмди күчөтүүгө багытташканы белгилүү.

Чет мамлекеттерге берилген артыкчылыктардан пайдаланган өлкөлөр да ар түрдүү мектептерди ачышкан. Бул багытта ачылган башталгыч мектеп 1583-жылы билим бере баштаган Франциянын Сент-Бенуа орто мектеби. 19-кылымдан баштап чет өлкөлүктөргө берилген дин эркиндиги жана мектептери ачуу укугу берилгенден кийин христиан миссионерлери Осмон мамлекетине массалык түрдө келе башташкан. Франция, Америка Кошмо Штаттары, Англия,

Италия, Россия жана Германия бүткүл өлкө аймагында жүздөгөн мектептер ачышкан. Башында алардын максаты диний билим берүү болсо убакыттын өтүшү менен мамлекетти кулатуу иш аректинин очогуна айланган. Бул мектептер дин кызматчылардын, тыңчылардын жана саясатчылардын, айрыкча диний жана секталык үгүттөө иш-аракеттеринин борбору болуп келген.

Танзиматтан кийин Осмон мамлекетинин билим берүү тутуму толугу менен кош түзүлүшкө ээ болуп, бир жагынан жаңы билим берүү мекемелери, экинчи жагынан батыш стилинде ачылган көптөгөн мектептер бири-бирине атаандаш катары өз ишмердүүлүгүн жүргүзүшкөн. Бул атаандаштыкта утулган тарап медресе болгон. Билим берүү жаатында, айрыкча, 19-кылымдын башында олуттуу реформалар болгон. Сапаттуу билим берүү кулап жаткан мамлекетти сактап калат деген көз караш кеңири жайылган.

Коомдук жана саясий мазмундагы сабактар окуу планына киргизилген. Изилдөө, иликтөө жана байкоо жүргүзүү ыкмалары окутула баштаган. Кыздар алгачкы жолу жогорку билим алууга укуктуу болушкан. Бирок ушул мезгилдеги өтө либералдуу чөйрө мектептерде тартипсиздикти жана терс көрүнүштөрдү алып келген. Билим берүү темалары басма сөз жана журналдарда талкуулана баштаган. Осмон мамлекетинин башынан өткөн оор согуштардан улам билим берүү тармагындагы өнүгүүлөр өлкө аймагында жай ы лууга мүмкүнчүлүк ала албай, мамлекетти кыйроодон сактап кала алган жок. Башталган реформалар Түркия Республикасында улантылган.

Осмон мамлекетинде илим изилдөө иштери 1331-жылы Изник медресеси ачылгандан кийин башталган. Бул медресенин биринчи окумуштуусу жана окутуучусу Кайсери шаарынан келген Давут болгон. Түптөлүү доорундагы белгилүү окумуштуулары Аль-Фенари логика, математика жана астрономия тармагында ал эми Ахмадий медицинасы жаатында эмгектерин жараткан.

Фатих доорунда Стамбулга келген белгилүү окумуштуу Али Кушчу Осмон мамлекетинде математиканын негиздөөчүсү катары белгилүү. Кадызаде-и Руми Молла Лүтфи, Синан Паша жана Матракчы Насух белгилүү математика илимин негиздөөчүлөрү болуп саналат.

Тарыхчылардын айрымдары: Амасялы Шүкрулла, Энверий, Турсун Бей, Ашыкпашазаде, Нешри, Печеви Ибрахим, Наима, Гелиболу Мустафа Али, Мустафа Селаники жана Жевдет Паша болгон.

Ислам илимдери жана укук тармагында: Молла Хусрев, Зембиллли Али Джемали Эфенди, Кемалпасазаде, Эбуссууд Эфенди болгон.

Деңиз географиясы тармагында: Пири Рейс жана Сейди Али Рейс болгон.

Медицина тармагында: Сабунжу уулу Шерафеддин, Алунжузаде, Бейзаде Мехмед бин Ибрахим, жана Эмир Челеби болгон.

Такийюддин Мехмет астрономия багытында 1580-жылы негиздеген обсерватория Европадагы эң өнүккөн обсерватория болгон. Катип Челеби Косфография жана География жаатындагы Кешфүз-Зүнүн аттуу эмгеги менен белгилүү. Булар Осмон медреселеринде илим алып жетишкен белгилүү окумуштуу аалымдардын айрымдары. Осмон медреселеринден чыккан окумуштуу илимпоздордун кайраттуу эмгектеринен улам мамлекет абдан өнүккөн илимге жана жаркыраган мезгилге ээ болгон.

121. Искусство

“Жаратуучулардын эң мыктысы Алла улук болду” (Муминун сүрөсү 23-14)

Бул аяттан түшүнүктүү болгондой, адамдардын жасаган иштери - бул Жараткандын кооздуктарын, сулуулуктарын түшүндүрүү, чечмелөө, түшүнүү болуп саналат. Аллах Таала ааламды жана адамды эң сонун абалда жана кемчиликсиз бир тең салмактуулук менен жараткан. Ааламды түшүнүү жөндөмү адамдарга гана берилген жана адамзат байкоо жана ачылыш аркылуу жаратуу сырына умтулуп, искусство деп аталган кесип тармагы пайда болгон. Осмон мамлекети ислам цивилизациясынын өкүлдөрү катары искусствонун ар кандай тармактарында оригиналдуу чыгармаларды жаратышкан.

Адабият, миниатюра, китеп басуу, каллиграфия, музыка жана архитектура тармактарында жетишкен сүрөтчүлөр жана алардын эмгектери ислам искусствосунда Осмон стилин жараткан. Ислам жазуу чеберчилиги болгон каллиграфия чеберчилигин Осмон мамлекети тарабынан колдоого алынып өнүккөн. Амасиядан келген Шейх Хамдуллах, Ахмет Карахисари жана Хафиз Осман Куранды жазып чыгышкан жана алар жазган Ыйык Куран башка Ислам өлкөлөрүндө да басылып чыккан жана окутулган.

Рисунок 5 Султан Ахмед мечити Стамбул 17-кылым

Классикалык мезгилде Осмон архитектурасы жалпы адамзаттык баалуулуктун жаратуучу күчүнө жетишишкен. Мимар Синан бул мезгилдеги архитектуранын жана түрк архитектурасынын эң белгилүү өкүлү болуп саналат. Селжуктардан бери келе жаткан архитектуралык стилдерди өзүнүн мыкты жаратмандыгы менен кооздоп баалуу чыгармаларды жараткан. Шехзаде, Сүлеймание жана Селимийе мечиттери Мимар Синандын өз чыгармачылыгындагы издөө рухун жана ачылыштарын чагылдырат. Анын чыгармалары бири-бирин кайталаган эмес. Ар биринин экинчисинен өзгөчөлөнүп, айырмаланып турган. 17-кылымда архитектор Мехмет Ага тарабынан курулган Султан Ахмед мечити асманга көтөрүлгөн назик алты мунарасы жана көрктүү куполдору менен көркөм чыгармачылыктын жана назиктиктин символу болуп саналат.

ТӨРТҮНЧҮ БӨЛҮМДҮН СУРООЛОРУ

122. ТЕКЕШРҮҮ ҮЧҮН СУРООЛОР

Төмөнкү суроолорго жооп бергиле.

1. Империялардын ыдырашына улутчулдук кандай таасир эткенин түшүндүрүп бергиле?

2. Осмон мамлекетинин алсырашынын себептерине анализ жүргүзгүлө?

3. Осмон мамлекетинин билим берүү тармагында кандай өзгөрүүлөр болгон?

4. Осмон мамлекетиндеги батыштын таасири туурасында маалымат бергиле?

5. Осмон мамлекетинде жүргүзүлгөн жаңы реформалар туурасында маалымат бергиле?

6. Осмон мамлекетинин ислам дүйнөсүндөгү орду туурасында ой жүгүрткүлө?

7. Кануний Султан Сулайман доорундагы негизги окуялар туурасында маалымат бергиле?

8. Осмон мамлекетиндеги билим берүү жана архитектуралык чыгармачылык туурасында маалымат бергиле?

123. ТЕСТ

Төмөнкү суроолордун туура жообун белгилегиле.

1. Төмөнкүлөрдүн кайсы бири Осмон мамлекети түзүлгөн аймактагы саясий кырдаалды чагылдырбайт?

А. Византия империясынын империялык түзүмүн сактап калуусу.

Б. Валахия, Молдавия, Босния, Герцеговина жана Албания княздыктары менен Болгария менен Сербия падышалыктарынын ортосунда дайыма салгылашуу болуусу.

В. Анадолу Селжук мамлекетинин кыйроосу.

Г. Княздыктардын көзкарандысыз ишмердүүлүгү.

2. Осмон мамлекетинин алгачкы борбору төмөнкүлөрдүн кайсы бири?

А. Эдирне
В. Бурса
Б.Измит
Д. Стамбул

3. Төмөнкүлөрдүн кайсы бири Орхан бей доорунда болгон эмес?

А. Бурсанын борбор болуусу.

Б. Балкандарда түрк бийлигинин орнотулушу.

В. Отурукташтыруу саясатынын жүргүзүлүшү.

Г. Бейликтердин көзкарандысыз ишмердүүлүгү.

4. Төмөнкү варианттардын кайсы бири Осмон мамлекетинин тез өсүшүнүн себептери болуп саналат?

I. Алсыз Византияга коңшу болуусу.
II. Башкаруу системасынын кысымдуу болуусу.
III. Аймактын дыйканчылыкка жана мал чарбачылыгына ылайыктуу болуусу.
IV. Отурукташтыруу саясатынын ийгиликтүү ишке ашуусу.
V. Борбордук мамлекеттик тутумду ийгиликтүү ишке ашырылуусу.

А. V
В. Баары
Б. I, III, IV, V
Г. III, IV, V

5. Төмөндөгү султандардын кайсы бири Осмон мамлекетинин өнүгүү мезгилиндеги султандардын катарына кирбейт?

А. Орхан Гази
В. I Мехмед
Б. I Мурат
Г. II Мурат

6. Төмөнкү окуялардын кайсы бири Осмон мамлекетинин өнүгүү мезгилинде болгон?

I. Сербия согушу
II. I. Косова согушу
III. Анкара согушу
IV. Стамбулдун каратылып алынышы
V. II. Косова согушу

А. I жана III
В. I, II, III, IV
Б. I, II, III
Г. Баары

7. Төмөнкү маалыматтардын кайсы биринин Сербия согушуна тиешеси жок?

А. Баш калаа Бурсадан Изникке көчүрүлгөн.

Б. Согушту Осмон мамлекети жеңген.

В. Балкандагы мусулмандардын жортуулдары тездеген.

Г. Балкандагы Византиянын күчү төмөндөгөн.

8. Төмөнкү маалыматтардын кайсы бири Анкара согушуна жана алсыроо мезгилине тиешеси жок?

А. Анкара согушу Байезид менен Тимурдун ортосунда болгон

Б. Согушта Байезид жеңилген.

В. Алсыроо мезгили 11 жылга созулган

Г. II Мехмед Анадолуда тартипти калыбына келтиргендиктен, мамлекеттин экинчи негиздөөчүсү катары сыпатталган.

9. Төмөнкү согуштардын кайсынысында Осмон Балканга биротоло отурукташкан?

А. I Косова согушу.

Б. II Косова согушу.

В. Варна согушу.

Г. Никополис согушу.

10. Төмөнкүлөрдүн кайсынысы өнүгүү доорунун султандарынын катарына кирбейт?

А. I Селим

В. II Махмуд

Б. Кануний Султан Сулайман

Г. Фатих Султан Мехмед

11. Осмон мамлекетинин өнүгүү учурунда төмөнкүлөрдүн кайсынысы болгон эмес?

А. Стамбулдун каратылып алынышы.

Б. Сербияны, Босния жана Герцеговинанын каратылып алынышы.

В. I Вена курчоосу.

Г. II Косова жеңиши.

12. Берилген варианттардын кайсы бири Фатихтин Стамбулду каратып алуусунун себептеринен болуп саналат?

I. Византиялыктар Осмон мамлекетинин Анадолудан Румелияга өтүүсүнө мезгил-мезгили менен кыйынчылыктарды жараткан.

II. Стамбул маанилүү маданий борбор болуусу.

III. Византиянын Европа мамлекеттеринин Осмон мамлекетине каршы үгүттөөсү.

IV. Бул тууралуу Пайгамбарыбыздын (сав) айткан хадиси себеп болгон.

V. Стамбулдун географиялык өзгөчөлүгү.

А. II, III, V. В. II, V.

Б. Баары. Г. I, IIII.

13. Төмөнкүлөрдүн кайсы бири II Мехмед Стамбулду басып алуусуна каршы Византиянын коргонуу чараларынан эмес?

А. Жакынкы Чыгыштан аскердик жардам суроосу.

Б. Бузулган чептерди оңдоосу.

В. Христиан өлкөрүнөн жардам суроосу.

Г. Коргонуу сепилдерди оңдоосу.

14. Төмөнкүлөрдүн кайсы бири Стамбулду каратып алуу үчүн Султан Фатих Мехмед тарабынан аткарылган даярдыктардын катарына кирбейт?

А. Босфорду башкаруу үчүн Румели чебин куруу.

Б. Эдирнеде курал-жарактарды даярдоо.

В. Деңизден кол салуу үчүн күчтүү деңиз флотун түзүү.

Г. Анадолу сепилин куруу.

15. Төмөнкүлөрдүн кайсы бири Стамбулду каратып алуунун натыйжаларынын бири эмес?

А. Европада өз алдынча башкаруу пайда болгон.

Б. Византия империясы кыйраган.

В. Стамбул илимдин жана цивилизациянын борбору болгон.

Г. Маанилүү соода жолдорунун көзөмөлү түрктөрдүн колуна өткөн.

16. Төмөнкү бейликтердин кайсы бири Стамбулду каратып алгандан кийин Осмон мамлекети үчүн кыйынчылыктарды жараткан эмес?

А. Исфендияр бейлиги.

Б. Дулкадыруулдары бейлиги.

В. Карамануулдары бейлиги.

Г. Аккоюн мамлекети.

17. Халифаттык кайсы согуштун натыйжасында Осмон мамлекетинин колуна өткөн?

А. Стамбулдун каратылып алынышы.

Б. I Вена курчоосу.

В. Ридание согушу.

Г. II Косова согушу.

18. Төмөнкүлөрдүн кайсы бири Риданийе согушунун натыйжалары?

I. Мекке-Мадина сыяктуу ыйык жерлердин Осмон мамлекетине өтүшү.

II. Халифаттыктын Осмон мамлекетине өтүшү.

III. Ыйык аманаттардын Стамбулга алып келиниши.

IV. Жибек Жолунун Осмон мамлекетине өтүшү.

V. Жыпар жыттуу жашылча соода жолдорунун Осмон мамлекетине өтүшү.

А. I, II, III,V. Б. Баары.

В. I, II, III, IV. Д. II, III, V.

19. Төмөнкүлөрдүн кайсы бири Осмон мамлекетинин токтоп калуу мезгилинде мамлекеттин өнүгүшүнө тоскоол болгон себептерден болуп саналат?

I. Европа армияларынын техникалык өнүгүүсү.

II. Жаш ханзадалардын бийлик жүргүзүүсү.

III. Валиде султандарынын мамлекеттик иштерге кийлигишүүсү.

IV. Карловиц келишимине кол коюлушу.

V. Жоокерлердин мамлекеттик ишмерлерге жана султандарга каршы көтөрүлүшкө чыгышы.

А. I, II, III, V. В. II, III, V.

Б. Баары. Г. III, IV, V.

20. 18-кылымдан тартып, кулаганга чейин Осмон мамлекетинин эң көп кыйынчылыкка учураткан кайсы мамлекет болгон?

А. Австрия В. Италия

Б.Венеция Г. Россия

21. Төмөнкү реформалардын кайсынысы 18-кылымда жасалган эмес?

А. Алгачкы түрк басмаканасынын негизделиши.

Б. Аалым жана окумуштуулардын мамлекеттик иштерге кийлигишүүсүнө чектөөлөрдүн киргизилиши.

В. Европа стилиндеги аскер бөлүмү катары Низами-Жедит армиясынын түзүлүшү.

Г. Европада туруктуу элчиликтердин ачылышы.

22. Төмөнкүлөрдүн кайсы бири 19-кылымда жасалган реформалардын максаттарынан эмес?

А. Баш көтөргөн мусулман эместердин бөлүнүп-жарылуусунун алдын алуу.

Б. Европа мамлекеттеринин колдоосун табуу.

В. Мамлекет менен элдин биримдигин чыңдоо.

Г. Европадагы өнүгүүлөргө ылайык мамлекетти жана коомду модернизациялоо.

23. Төмөнкүлөрдүн кайсы бири панисламизм саясаты жөнүндө жалган маалымат?

А. Бул саясат англиялыктардын кызыкчылыгына ылайыктуу болгон.

Б. Султан II Абдулхамит колониялаштырылган өлкөлөрдөгү мусулмандарга колдоо көрсөткөн.

В. Саясатты Султан II Абдулхамит жүргүзгөн.

Г. Бул саясат мусулмандардын колониялык Европа мамлекеттерине каршы туруу үчүн жүргүзүлгөн.

24. Төмөнкүлөрдүн кайсы бири Эндерун мектеби жөнүндө берилген туура эмес маалымат?

А. Мектепке мусулмандардын балдары гана кабыл алынган.

Б. Эндерун мектебин “сарай мектеби” катары да белгилүү.

В. Эндерун мектеби 1909-жылы жабылган.

Г. Эндерун мектебинин бүтүрүүчү студенттердин арасында улуу вазир болушу мүмкүн эле.

25. Төмөнкүлөрдүн кайсы бири Осмон медреселери жөнүндө туура эмес маалымат?

А. Билим берүү араб тилинде жүргүзүлгөн.

Б. Окутуучулардын эмгек акысы фонддор тарабынан каржыланган.

В. Билим берүү акысыз жүргүзүлгөн.

Г. Медреселерде бир гана ислам илимдери окутулган.

26. “Кашфуз-Зунун” деп аталган эмгек кимге таандык?

А. Пири Рейс
В. Али Кушчу
Б. Катип Челеби
Г. Амир Челеби

27. Төмөнкүлөрдүн кайсынысы Мимар Синандын чыгармаларынан эмес?

А. Сулайманийе мечити

Б. Селимийе мечити

В. Шехзаде мечити

Г. Султан Ахмед мечити

124. БЕЛГИЛӨӨ

Төмөнкүлөрдүн туура болгондоруна «✔» белгисин ал эми туура эместерине «✘» белгисин койгула

1.	I Мурат Косово согушунда шейит кеткен.	
2.	Биринчи Косово согушунда Крестүүлөр жеңишке жетишкен.	
3.	Варна согушу - бул алгачкы Осмон - Крестүүлөр согушу болуп саналат.	
4.	Кануний Султан Сулайман эң узак убакыт башкарган өкүмдар болуп саналат.	
5.	Каср-ы Ширин келишими Ирак мамлекети менен түзүлгөн.	
6.	17-кылымда жасалган реформаларга караганда 18-кылымда жасалган реформалар дагы да кененирээк болгон.	
7.	Осмон мамлекетинде мамлекеттик кызматта иштегендер мамлекетке салык төлөгөн эмес.	
8.	Эндерун мектеби Фатих Султан Мехмеддин тушунда толугу менен негизделип, түптөлгөн.	
9.	Батыш стилиндеги алгачкы билим берүү мекемелери 17-кылымда ачылган.	
10.	Султан Ахмед мечити архитектур Мехмет Ага тарабынан курулган.	

ЖООПТОР

БИРИНЧИ БӨЛҮМ

ТЕСТТИК СУРООЛОРДУН ЖООПТОРУ

1.В **2.**Б **3.**В **4.**Б **5.**В **6.**Б **7.**А **8.**Г **9.**Б **10.**Б **11.** В **12.**Г **13.**В **14.**Б **15.**А **16.**Б **17.** Г.

БОШ ОРУНДАРДЫ ТОЛТУРУУНУН ЖООПТОРУ

1. Ямаме **2.** Шам **3.** Ярмук **4.** Сыддык **5.** Нихавенд **6.** Азирети Осмон
7. Келишимдин (шарттуу) **8.** Азирети Осмондун канын төккөндөрдү **9.** Абдуллах бин Саба
10. Шия, Омеяд, Харижий

БЕЛГИЛӨӨНҮН ТУУРА ЖООПТОРУ

1. ✘ **2.** ✔ **3.** ✘ **4.** ✘ **5.** ✔ **6.** ✔ **7.** ✘ **8.** ✔ **9.** ✔ **10.** ✘ **11.** ✘ **12.** ✔ **13.** ✔

ЭКИНЧИ БӨЛҮМ

ТЕСТТИК СУРООЛОРДУН ЖООПТОРУ

1.Б **2.**А **3.**Г **4.**А **5.**Г **6.**В **7.**Г **8.**Б **9.**Г **10.**Г **11.**А **12.**Б **13.**В **14.**А **15.**Г
16.Б **17.**А **18.**В **19.**Г **20.**А

БОШ ОРУНДАРДЫ ТОЛТУРУУНУН ЖООПТОРУ

1. Азирети Хусейин, **2.** Абдулмалик, **3.** Умар бин Абдулазиз, **4.** Бирдей, **5.** Талас-Кытай,
6. Байтул-Хикма, **7.** Низамийе медресеси, **8.** Омеяд-Аббасид мамлекети, **9.** Моңголдор,
10.Тарык бин Зияд

БЕЛГИЛӨӨНҮН ТУУРА ЖООПТОРУ

1. ✔ **2.** ✘ **3.** ✔ **4.** ✔ **5.** ✘ **6.** ✔ **7.** ✔ **8.** ✘ **9.** ✔ **10.** ✘ **11.** ✔

ҮЧҮНЧҮ БӨЛҮМ

ТЕСТТИК СУРООЛОРДУН ЖООПТОРУ

1.В **2.**Б **3.**А **4.**В **5.**Г **6.**А **7.**Б **8.**В **9.**Б **10.**А **11.**В **12.**Б **13.**Б **14.**В **15.**А

ТӨРТҮНЧҮ БӨЛҮМ

ТЕСТТИК СУРООЛОРДУН ЖООПТОРУ

1.А **2.**В **3.**Г **4.**Б **5.**А **6.**Г **7.**А **8.**Г **9.**Б **10.**В **11.**Г **12.**Б **13.**А **14.**Г **15.**А

16.Б **17.**В **18.**А **19.**А **20.**Г **21.**Б **22.**В **23.**А **24.**А **25.**Г **26.**Б **27.**Г

БЕЛГИЛӨӨНҮН ТУУРА ЖООПТОРУ

1. ✔ **2.** ✘ **3.** ✘ **4.** ✔ **5.** ✘ **6.** ✔ **7.** ✔ **8.** ✔ **9.** ✘ **10.** ✔